
Арзыкан Момунтаева

# Баатырларга таазим



Формуляр книги

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Зак. 90–500000

С(Кы)7
М 77

Арзыкан Момунтаева

# Баатырларга таазим

Инв. № 164
библиотека
2020 г.




Баатырларга таазим
ИНН 02111201810100

Бишкек – 2020

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 77

Момунтаева Арзыкан

М 77 Баатырларга таазим: Тарыхый документалдуу-көркөм чыгарма.

Оптима Технолоджис, 2020, 204-б.

ISBN 978-9967-9255-3-3

Бул китепте 2010-жылкы 6-7-Апрель революциясы баяндалат. Курман болгон таластык 9 эр азаматтардын өмүр баяны, алар тууралуу кеңири маалыматтар камтылган.

Китеп Апрель Элдик Революциясынын 10 жылдыгына арналат.

ISBN 978-9967-9255-3-3

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

© Момунтаева А., 2020
©Оптима Технолоджис, 2020

# ТАЛАСТА РЕВОЛЮЦИЯ 6-АПРЕЛЬ, 2010-ЖЫЛЫ БАШТАЛГАН



Таласта 6-апрель күнү түштөн кийин эл толкуду, көгүлтүр экрандан көз албаган аял-эркек, кары-жаш, келин-кыз дебей кулак түрүп, жаңылык менен жакшылык күтүштү, үмүт жандырып турушту… Ээ кудай, тынчтык эле болсо экен дешти.

Байма-бай балактап сүйлөгөн премьер министр Таластын кулуну Данияр Үсөновдун элге кабак түйүп, күпүлдөп муштум кезегендей опузалап, ички иштер министри Молдомуса Конгантиевдин Талас элин бучкагына теңебей басынта сүйлөп, бир ууч хулигандарды, ичип алган тартипсиздерди азыр эле ордуна коюп тындырабыз, Талас региону тынч, - деп, жалгыз өзү бүтүндөй кыргыз элинин тагдырын чечип, эч жерде эч кандай бийликке каршы эл чогулбайт, - деп, чорт сүйлөп, кыжырды келтиргени аз келгенсип, Жогорку Кеңештин депутат болгон мырзалары менен айымдары элди чөп катары көрбөй, теле экрандан көпкөлөң бой көтөрө, элге көз көрүнөө каршы кол шилтеп, текеберлик мамиле кылганы Манас тукумунун канын дүрт эткизип, от койгондой абалга алып чыкты. Ошол күнү кечке жуук Таластын тынч жаткан көк асманын айланган жоору мисал, дүркүрөп-шаркыраган вертолёттордун суук үнү кадим согушка чакырык салгандай түр берип, бийлигиң элди

өзү эле дүрбүтүп алды. Ал түгүл эшик алдында жаткан иттер каңшылап, кирээрге жер таппай, айыл элинин тиричилигин токтоткондой абалга келтирди. Көр тирилиги менен алп урушуп жүргөн карапайым калктын кулагын өздөрү көтөрүштү. Аялдамалардагы топтошкон аял-эркек күбүр-шыбыр... Болбой эле асмандан күрүлдөп-шарылдаган вертолёттордун коркунучтуу үнү далайдын жанын чыгарды. Чындап эле үйлөрүнө кирип алып чыкпай калгандар, ыйлап жүргөндөр, кудайлагандар... Чөнтөк телефондорун уучтап кандайдыр кимдир бирөөлөргө кам көргөндөр. Күн да кабагын карыш салып бүркөө эле. Айласы куруп турган элдин жаалы кармады. Талас толкуду, эл толкуду. Гүүлдөгөн үн чыкты, элдин үнү. Мынчалык беймазага элди салбай жергиликтүү элди жергиликтүү бийлик тып токтотуп коё турган мүмкүнчүлүгү бар эле. Мына бүгүн да ошол ката-лык кайталана калып, жарандарыбыздын үмүтүн актай албай жатат. Ал убакта бийликке каяша айтып турган БЭК (Бириккен Элдик Кыймыл) тобунун Таластагы мүчөлөрү 7-апрелде курултай өткөрмөккө мыйзам-дуу уруксат сурап мэрияга кайрылса, уруксат бермек түгүл прокуратурага чакыртып, активдерди суракка алдырып, этектей эс-кертүүлөрдү беришти. Ошо кездеги губернатор Б. Болотбековго таластык аксакалдар академик Оморбай Нарбеков, Дөөлөтбек Шады-беков элди тынчтандыруу максатында, курултайды тынч өткөрүүнү макулдашмакка келишкенде ал түшкү тамакка кеттим,- деп, аксакалдар менен сүйлөшпөй качып койгон.

Мүнөт сайын кырдаал татаалдашып бара жатканын көрүп, жазуучу Элүүбай Отунчиев губернатордун кабинетинен түз эле премьер министр Д. Үсөновго чалып “Эй, Данияр! Элди ойло, эсиңе кел, токтоткун элге каршы турганыңды!” - дегенине карабай, күчкө саларын айткан. Чынында ошол айткандай эле болду. Таласка үстөккө-босток спецназдын куралданган жоокерлери толуп кетти. Байкасам биздин чоңдорубуз баягы бюджеттен айлыгы бар он-он бештей спортсмен чалыштарыбызды тарсайтып чогултуп коюшуптур. Ал эми жапжаш солдат балдар элеңдеп алар жүрөт. Эл “Азаттык” радиосунан кулак албай, бирде теле экранды аңтарып, бирде телефон чукулап жандары чыгып чоочулашса, бирде каарданган бойдон көчөгө чыгып кетип жатышты. Ал аңгыча Жогорку Кенештин сессиясында баягы депутаттарыбыздын айрымдары кесирлене, кол шилтей тим эле баласын какмалагандай эле элди тыйып жатышты. Ажыбаев деген бир депутат таластыктар Ак Үйүнүн аркасында жылкы союп, жалаң он беш, жыйырмадагы балдарды ичирип-жедирип кечээ эле областы жетектеп жүрүшкөн Койсун менен Шералы деген немелер мамлекетке каршы тополоң уюштуруп жатат дебеспи. А чынында Ак Үй артында



казан түгүл түтүн да жок болчу. Чындыгында ошол кезде Ак Үй алдында кагыраган таштар жана күйүүчү май толтурулган бөтөлкөлөрдү тынымсыз ташып жатышкан аял-эркектер абдан көбөйө баштаган.

Кеттик дешти эл, кимди-ким көрсүн, бири-бирин сүйрөп, ураан салып, Талас шаарына унаачан, жөө, топ-топ, кызыл-тазыл, дуулдаган, чуулдаган жумурай журт көчө толо сел болуп акты. Жакшы тилекти таш капты. Биз үйүбүздү кулпулап чыгып жатканда уулум Шамилге «Кокус эл жеңилсе бизге кылчактап караба, эптеп жол таап Улукбек Осмоновго Швецияга кач, ал мыкты адам, жалгыз баласың тукум улашың керек» деди атасы. Бул сөздү угуп, үрөйүм учуп, денем калчылдап, көз жашым көлдөдү. Чын эле кокустук болсо бизге окшоп көп жылдан бери «кара тизмеде» тургандарды бери дегенде түрмөгө чиритмек. Анын үстүнө оппозициядагы партияларда жүргөн депутаты-быз Болот Шерди баш кылып дагы бир экөө-үчөөбүнүн «көзү тазалансын» деген имишти да угуп калганбыз. Анын ичинде ошол кездеги оппозициядагы “Ата Мекен” партиясынын Талас областы боюнча координатору Койсун Курманалиева да бар болчу. Ошентип айлабыз куруп турса да алды-алдыбыздан аттанып кеттик. 6-апрелде Таластын борборундагы Ак Үйүбүздү тегеректеген эл ыргытканга ылайык таштарды жана бензин толо куюлган бөтөлкөлөрдү бир топ эле чогултканын көрүп жүрөгүм шуу дей түштү. Күүгүм талаш имараттын ичинен чоңдорубуз күч менен чыгарылып, оппозиция ээлеп алгандан көп узабай калкайган биринчи кабаттагы айнектер атылган октон күбүлүп түшүп, аны спецназдар атыптыр деген сөз тарады. Анан көрүп ал, ызы-чуу, жалын бүркөн бөтөлкөлөр, ызылдата ыргытылган таштар, ышкырык кыйкырык, көз ачып жумгуча ыш каптаган, кейпи кеткен Ак Үй түн ортосу ченде селейип тынчып калгандай болду. Ошентип 7-апрелдин көз жашы көлдөгөн, табият ыйлаган (жамгыр жаап турган) тарыхый таңы атты.

Үйдө калса бир оорулуу, баса албаган карысы же бир жаңы төрөгөн келиндер болбосо, түп көтөрүлө эл чыкты… Алаканга салгандай Талас шаарынын туш тарабынан суудай агылган эл. Алардын түрү сүрдүү да, кооптуу эле. Ал түгүл ар кайсы четтен дүңкүйгөн атчан жигиттердин тобу, ошол күнү эмнегедир айчы калпакчандар көп.

Сел аккандай элдин түрү жанды соо коер эмес, биз чуркадык элдин алды менен, мен деген мамлекет бийлегендер Талас облустук ички иштер башкармалыгына чогулганын көрүп-билип турдук, аларды областтык ички иштер бөлүмүнө киргизип кетишти. Теминген эл темир тосмонун сыртында калдык. Али да кеч боло электе кырсыкты алдын алуу үчүн аксакалдар Элүүбай, Жүзүп, Курал, Бабыр, Төрөбек,

Жамийлаларга аралаш биздин Акыйкатчылар өкүлчүлүгүндөгүлөр имараттын эшигине жетип өтүндүк, сурандык, жалдырап сурандык… Тигилер менен сүйлөшөлү, чыр чыкпасын дедик. Элдин түрү жаман, элге чыгып, чындыкты айткыла, элди сактагыла, кырсык болбосун, айланайындар… Сөз укпады алар, киши катары да көрүшкөн жок бизди.

Кабагын карыш салган майор жигит: Болбойт, бул жерге турбагыла, силерге эч ким жолукпайт, сүйлөшпөйт, силер эмне чечмек элеңер мындан кеткиле, жаман болот, – деп, темир эшиктин ары жагынан корс этип басып кетти. Тизип койгон мончоктой жаш жоокер балдар калчылдап, элден жалтана түңүрөйүп үмүтсүз көздөрү менен биз тарапты карап турушту…

Ошентип биздин ак тилегибизди таш каптырып, ары түртүп койгон соң, элчиликтен кеткен эси жокторго кайнаган ызабызды баса албай кара таан элге аралашып кеттик. Тарсылдак башталды, шуулдаган «шумовой гранаттар» бут алдыбызга, жаныбызга, колубузга, жонубузга тийип жатты. Сасык түтүн, жаан, каар, чуу... бат эле көнүп калдык, кабагын карыш салган кудайдын күнү да бизге кошулуп ыйлап турду, шумовой гранаттардын да амалын заматта таап алдык, жаныбызга түшөрү менен жаандын чалчык суусуна тебелеп салабыз, ал сасып өчүп калат. Шаңкайган Ак Үйүбүз заматта жарым күйүк болуп, айнек эшиктери шаңырайып жатып калды. Дуулдаган жаалдуу элдин кошумча агымы Ак Үйдөн анча алыс эмес облаcттык ички иштер бөлүмүнө толкуп келе беришти. Суудай агылган элдин токтоор түрү жок, кыйкырык-сүрөөн, ызы-чуу коштогон эл баягы Кыргыз элин ууттап турган мыктыларга жете келгенде эле Кыргыз Өкмөтүнүн ошол кездеги вице-премьер министри Акылбек Жапаровдун кымбат баалуу автоунаасына өрт кетти. Ички иштер бөлүмүнүн алдында тозок отундай күйгөн оттун сүрү менен элдин каарынан корккон баягы министрлерибиз тешик таппай элеңдеп бет келди кача беришти, кача бергиле деп карап тура бермек беле жаалдангандардан далайына таяк тийип жан соогаласа, далайы амал менен ар кимдин этегин кармап тааныш-туунуштары менен тозоктун отунан кутулушту. Кечээ ушул убакта жолборстой күрүлдөп, теледен «бир ууч хулигандарды заматта жок кылам» деп кесир сүйлөп жаткан ички иштер министрин ызылдап качып бара жаткан жеринен топ жигит торой чаап токтотуп, Ак Үйдүн алдына сүйрөп жөнөштү. Министрдин башынан кан кетти, билегинен ал кетти, бирок жыгылган жок, бекем экен. Атандын көрү ай, башында эле эл тарапта болуп, элди түшүнсө эмне… Бакиевге мынча неге берилди экен бечара, андан көрө карапайым эл менен болсоң азыр зоболоң асмандабайт беле.



Шордуунун кейпин кийип жан соогалап турганы анын да тагдыры белем. Бул окуяны ушул бараандуу министр кылдат жетектегенде балким, 88 бала курман болбой, артында калгандар кан жутпай калат беле?! Ошентип дзотко төш тоскондой бийликтеги жан алгычтарга төшүбүздү тосуп, заматта өлбөй-житпей тигилерди багынттык… Дене калтырап, жүрөк дүк-дүк! Өрт Таласты каптап жатып калды, чындыгында эле министр менен формачандарга кыйын болду, өзгөчө али оозунан сүтү кете элек жаш жоокерлерге убал болду. Жаалданган элди токтотуу мүмкүн эмес экенин өз көзүм менен көрдүм. “Азаттык” радиосунун кабарчысы Жанар Акаев тарсылдактын арасында отура калып, тура калып, окуяны чагылдырып жаткан, анын жанында Кожобекова Замира деген жаш кабарчы кыз да бар эле.

Күтүлбөгөн чоң кырсык кайра уланмай болуп, эл эми мэрия тарапка агылды. Ал агымда биз да бар элек. Элдин токточу түрү жок. мэрияда иштегендердин айрымдары безе качып жөнөштү, баягы узундуу-кыскалуу болуп тарсайган спортсмендерибиз үркөрдөй болуп тээ алыстан карап турганын көрүп ичим муздай түштү, болбосо алар деле имаратты сактап калууга болот эле да... Абийир болуп, Талас мэриясын Афган коомундагы эр жүрөк балдар менен талкалатпай сактап калбадыкпы, мен ошолорго чын жүрөгүмдөн рахмат айтам. Селдей каптаган балдардын алдында кечээ эле бул окуяга мониторинг жасап жүргөн жарандык активисттердин бири ак калпакчан Серен Шейшенов имаратка киргенин көрдүм. А киши ошентип эки жыл чамалуу буйрук экен мэр болуп иштеп калды.

Көрсө, бийликке бүткүл эл оппозиция экен, баары тажап бүтүптүр, кыйналыптыр. Кыскасы, элдин каары кайнап жарылып кетишти. Кудая тообо, колунда бир куралы жок, согушууга даярдыгы жок аткан октон жалтанбай жалаң таш менен ургулап жатып бийликти кубалашты. ЭЛ КҮТПӨГӨН ЖЕРДЕН ЖАРЫЛДЫ.



**Эл Ак Үйдү көздөй агылды 6-апрель, 2010-жыл. Талас**



**Ак Үйдүн алдына тизилген милициялар элди киргизбей каршы тосуп алды**






**Болот Шер таластык аксакалдар менен Ак Үйдүн алдында**



**Руслан Атаканов үн күчөткүч коюп жаткан кези**



**УВДнын алдынан бутуна ок тийген жигитти машинага алып бара жатышат**



**Академик Оморбек Нарбеков элге кайрылып жаткан учуру**





**Таластык БЭКтин лидерлери жана Апрель баатырлары: К. Курманалиева, А. Тургуналиев, С. Бапышев, С. Жолдасов, Т. Кыдыралиев, Т. Кишенбаев, Р. Жанкорозов, Т. Наралиев, Н. Сулайманов**



**2010-жыл, 6-апрель. Ак Үй алдында**

Мамлекет кызматын катыралы,
"Манас" деген ураанды чакыралы.

Чеп бекитип, чекишпей достошолу,
Чет өлкөдөн алганды токтотолу.

Көз арткан көп кыргыздын кендерине,
Көп зыяны тийет го эл – жериме.

Тагдыр экен, талашып урушпайлы,
Тарых болгон балдарды унутпайлы!

Башын сайган азамат жеңиш керек,
Баатырларга наамын бериш керек!

## Курмандар үнү

Биздин бийлик ойноп-ойноп от менен
Президентим жанымды алды ок менен.
Очорулду Кыргыз деген улуу журт,
Онтоп жатты Ала-Тоом ок жеген.

Мекен ыйлап, мезгил ыйлап шөмтүрөп,
Мерез көздөр карай албай мөлтүрөп.
Карбаластап бийлик үчүн ок атып,
Кандай адам өз балдарын өлтүрөт!

Кыргыз айылы боздоп-боздоп өкүрөт.
Кызыл-жаян кан жыттанат өкүмөт.
Апрелдин жетиси азаптуусуң,
Арман жазып кары тарых өкүнөт.

Күрүлдөдүк жолборс болуп кастарга,
Күтүүсүздөн ок жедирип жаш жанга.
Каргыш тийгир, жектеп ушул бийликти,
Каркырадай учуп кеттик асманга.



Саткындардын саткындыгын сезгенбиз,
Сансыз ирээт сары санааны кечкенбиз.
Туу көтөрүп туулган жер сен үчүн,
Турналардай желе тартып кеткенбиз.

Арбак болдук, бирок бизде намыс бар,
Айткылачы, атактуулар, калыстар.
Эл башында отургандар уккула,
Эй бийлигим, силер бизге КАРЫЗДАР!!!

## Жоктоо

Ботодой боздоп энелер,
Бозоргон он жыл өттүбү.
Бооруна кысаар бала жок,
Боз инген турбай чөктүбү.

Кулундай сыздап балдары,
Куюлуп он жыл өттүбү.
Курутуп алы-күчүңдү,
Кутманың учуп кеттиби.

Жүлүндөй сыздап жубайлар,
Жүрөктү он жыл эзгенин.
Биздеги тоодой кайгыны.
Бийлигим неге сезбедиң...

Шуулдап шамал-тал ыйлап,
Шуу тартып мурун баары ыйлап.
Баа бербей койду бийлик деп,
Баатырлар көрдө дагы ыйлап.

Жоктоду тоолор-талаалар,
Жоголбой койду санаалар.
Өтпөсө арыз, муң-зарым,
Биз өлгөндөр менен барабар.

Эне-ата шорго малынып,
Эсинен кетти далайы.
Эзилип кайгы тарткандан,
Эртелеп келди ажалы.

Ошондо бийлик аттырган,
Күнөөлүү адам табылбайт.
От болуп байкуш жүрөктөр,
Он жылдан бери жалындайт.

Көксөөсү калды суубай,
Көңүлдө тоңгон муз турат.
Таалайсыз болду далай жан,
Тагдырды кандай туш кылат.

Аргымак сызат шамалдай,
Адамдын болуп канаты.
Ажалга айла табалбай
Балдар, жер жаздап калды карачы...

Топ жылдыз түндүн жарыгы,
Топосуз өмүр өчтүбү.
Тоо бүркүттөрү, – баатырлар.
Топтошкон бойдон кеттиби.

Кыйырында ушул жашоонун,
Кыйналган элди көргөндөр.
Кыл мурутун кыйшайтып,
Кыргыз эл үчүн өлгөндөр.

Жүзүнөн наары төгүлүп,
Жүрөгү тоодой балбандар.
Оңолсун кыргыз элим деп.
О дүйнө кетип калгандар.

Алиге турат көзүмдө,
Ак Үйдүн алды кызыл кан,
Аттырып салган ит өңдүү,
Адеби жоктор бузулган.



Көзүмдө турат дагы эле,
Көк үйдүн алды кызыл кан.
Көмөлөтө аттырып, аа, –
Көркоолор качып кутулган.

Бийлигим мага жооп бер,
Бир өзүң буга жоопкер.
Адилет кылсаң эл байкуш,
Алкышын айтып сооп, – дээр...

## 7-апрель баатырларынын монологу

Өмүрүм өттү дебейм бекер эле,
Өрттөгөн жүрөгүмдү Мекен эле.
Жашоом өттү дебейм бекер эле,
Жалыны жүрөгүмдүн Мекен эле.

Кыргыз деп өмүр шамым өчкөнүндө,
Кыйылгам апрелдин көктөмүндө.
Ач көздөр, абийирсиздер, ыймансыздар,
Атышкан Бакиевдер көз көрүнөө.

Мен энемдин аппак сүтүн актадым,
Сен бизди эмес, өзүңдү өзүң атканың.
Мерездердин огу тийди жүрөккө,
Мекенимди, Кыргыз элди сактадым.

Улуу элдин уулу болуу-тагдырым,
Экендигин көрдүңөр го танбаймын.
Түбүң түшкөн ушул бийлик жоголот,
Түбөлүккө күйүп турган шамдаймын.

№ 164
Библиотека
2020г.
Баатырларга таазим

## Мүрзөлөр

Жымжырттыкка көнүп калган мүрзөлөр,
Жылмаюуну, кайгырууну билбеген.
Тиктеп туруп өлүм-өмүр ортосун,
Тирүүлөрдүн жүрөктөрү зилдеген.

Ыйдан бүткөн эстеликтер элейген.
Ыксыз зору, ортозары, кедейген.
Бекем-бекем жер кучактап өлгөндөр,
Бери жакта пенде турат селейген.

Өпкөм көөп, эмнегедир аптыгып,
Өксүп турдум, үнүм чыкпай жаш чыгып.
Өлүп калса эле ошол тарап муз экен.
Өмүрүндө укпагандай каткырык.

Ыйлап бүтүп, улутунуп аларбыз,
Ырыскыны тирүү жүрсөк табарбыз.
Силерди биз баатыр кылып түбөлүк,
Силер үчүн оттой болуп жанарбыз!

## Баатырлардын кыркы

***17-май 2010-жыл.***

Кызарып батыш жаздап күндөр чөктү,
Кылкылдап андан бери кырк күн өттү.
Өкүрүп баатырларды жоктоп шамал,
Өрүктөр гүлдөп бүтүп, гүлүн төктү.
Бүлүндү мамлекет, өттү балдар,
Бүт кыргыз кайгы тартып муңга чөктү.

Ыйлады тал – дарактар асман мөл-мөл,
Удургуп толкун уруп жатты көлдөр.
Не кылдык орду толсун шейиттердин,
Ымыркай төрөлсө экен. Бешик термел,
Каргышка калгандарга – ырайым жок,
Кантейин аман турсун биздин эл – жер.



Агарып таңдар атты кырк күн болду,
Апалар түңүлбөдү карап жолду.
Кайрылбай кетип калган балдарынын,
Катыгүн бу дүйнөдө толбос орду.
Түгөнбөй түтөп, түтөп оргуштаган,
Түмөн түк, азабы көп кыргыз шордуу.

## Жооп бер!

*(Курман болгондордун тогуз жылдыгына арналган)*

### Эне

Кең эмей дүйнө тар беле,
Кейишим кайда калды эле.
Жакшылык кылып Мекенге,
Жашайын деген ал деле...

Тогуз жыл өттү, торунда жүрөм кайгынын,
Тогуз жыл бою томсоруп өттү ай-жылым.
Убайым уусун жуткурган канча энеге,
Уктуңар беле, бу кайсы мезгил, кай кылым?..

Чындыкты күтөм, айткыла эл-журт жакшылар,
Чырылдайт эне, уккула, улук башчылар.
Жоругу жаман томсоруп тогуз жыл өттү,
Жооп бер бизге жолбундай кылып атчулар!!!

### Жубайы

Караны кийген бүлөмүн,
Калбыр го менин жүрөгүм.
Канкорлор мага тапкыла,
Канакей менен күйөөм?..

Томсоруп тогуз жыл өттү,
Толгонуп жүрөк зыр этти.
Түшүнүп бийлик жооп бер,
Түрүнүп чыгып билекти.

Баатырым кайда мен кайда,
Бапырап жүргөн эл кайда.
Күзгүдөй таза мыйзам жок.
Күнөөсүз өлгөн эр кайда?..

## Бала

Кутулбас менин арманым,
Курсакта жетим калганым.
Кичине жүрөк сыздаса,
Ким сурайт анын ал-жайын.

Чоң атам турат солкулдап,
Чоң апам ыйлайт болкулдап.
Отурмак үйдө ата-энем,
Ортосун бөбөк толтурмак.

Арамдар келип тактыга,
Ал бийлик айткан, – Аткыла!
Армандуу бала мен болом,
Атамды мага тапкыла?!

## Он жылда

Калкыңа бийлик ор казба,
Кайт болгон жанга жол башка.
Какшаган ата-энелер,
Картайып калды он жашка.

Ал бийлик жасап былыкты,
Арман ай атып тынышты.
Курсакта калган наристе,
Атасыз онго чыгышты.

Жубардай келин кылыктуу,
Жубайы менен ырыстуу.
Бейтаалай он жыл өтүпүр,
Бетине салып бырышты.



Бийликке ыйлап зарыңды айт,
Биздеги жүрөк жалындайт.
Атканды таап бер десек,
Алардан жооп табылбайт.

Он жылың бизге ор болду,
Очойгон оор шор болду.
Баасын албай бийликтен,
Баатырлар көрдө кор болду.

## Баатырларга таазим

Аскалардан, тоолордон түшүп келген,
Асмандагы булутту үзүп келген.
Албуут суудай жапайы мүнөзү бар,
Ак калпагы Ааламды сүзүп келген.

Токтоолугуң тоолордой болгон менен,
Толкунуң бар күтүүсүз жетпес ченем.
Жик-жик болуп бөлүнүп калмайың бар,
Жигиттериң ак көңүл жоокер – берен!

Кайдыгерлик каныма сиңди неге,
Караң калган бийлигим жинди беле.
Кайран балдар жүрөгүн окко тоскон,
Кайра келбес тагдырын билди беле.

Буга чейин жер – сууну сатып келген,
Бирин-экин мыктыны атып келген.
Жегендериң аш болбой, желим болоор,
Жериң сага буйрубайт качып кеткен!

Талкаланган жан-дүйнөм эзилгиле,
Таштар, таштар көз жаштан тешилгиле!
Таба албадык бир айла силер үчүн,
Таазим сага баатырлар кечиргиле!

Ажолор алмашты, коом саат сайын өзгөрүүдө, тирүүлүк өз вазийпасын аткарып, адамдардын күндөлүк суроо-талабы көбөйгөн, бирок, баягы мамлекет бийлиги аттырган эр жүрөк азаматтарга баа берилген жок, күнөөлүүлөр жооп бере элек. Артында калгандар таманы тешилип, жүрөгү эзилип бийликти карап, жакшылыктан алиге үмүт үзө элек. Таласта жыл сайын эл аларды эскерип куран окулуп, окуучулар баатырларга дил баяндарын, ыр-аңгемелерин жазып, сүрөттөрүн тартса, жалпы журт баатырлардын эстеликтерине келишип таазим этишет. Бирок, баатырларды аныктаган бийликтин бир барак кагазы жетпей турат. Ал сиздин колуңузда турат, урматтуу президент Сооронбай Шарипович!

## Президент Сооронбай Шарипович Жээнбековго

Эч бир иш жүрбөс батасыз,
Эч пенде болбос капасыз.
Бийлигиң чексиз болсо да,
Президент сиз да атасыз.

Балдарды көрдө таарынтпай,
Калганды мында наалытпай.
Баатырлык наамын бериңиз,
Бактылуу иштеп чаалыкпай.

Кармалбай кетти качкандар,
Капасыз жүрөт аткандар.
Курутту биздин өлкөнү,
Кут-кенин сатып чачкандар...

Арбын жыл өттү иш токтоп,
Аргумент-факты биз топтоп.
Берилбей калды баасы,
Бериңиз эми сиз соттоп.

Өлкөнү баштап жатасыз,
Өмүрдө ким бар капасыз.
Соттоп бер аткан канкорду,
Сооронбай, сиз да атасыз.



## Ошондо...

Көчөгө мени чакырган,
Көр оокат эмес намысым.
Абалын элдин айтмакка,
Ак Үйдү көздөй барышым.

Жаз эле жашыл ыраңы,
Жарылып бүчүр жалбырак.
Эркекче бардым Ак Үйгө,
Эл журтум турса жалдырап.

Жетиси күнү жетти элем,
Жегичке каршы турмакка.
Балдардын ойлоп эртеңин,
Барганым ырас бул жакка.

Чогулуп чолпон жылдыздай,
Чоролор толуп келишкен.
Оңбогон бийлик ошондо,
Ок аттың экен неликтен?..

Башыңа жетээр убалым,
Бар чыгар тагдыр сурагын.
Кубатым кыргыз элим деп,
Кучактап жерди куладым.

**Окко төшүн тосконду,**
**Бериптир кудай кыргызга.**
**Эл жери үчүн өлгөндү**
**«Эл Баатыры» дешет кыргызда!**



**Бакиевдин адилетсиз бийлигине кыжырданган эл**



**Кызыл туу кармап алгалаган жигиттер**





**Ок тийип, жаракат алгандар көбөйүүдө**



**Жылдызбек Огомбаевге ок тийип жерге кулады**



**7-апрель, 2010-жыл. Бейкүнөө азаматтар окко учуп шейит болушту**



**2010-жыл 7-апрель, Бишкектеги Ак Үй алдына төгүлгөн кан**





**Ата-Бейит. Баатырларды жерге берүү зыйнаты**



**Баатырларга арналган гүлчамбарлар**



# Айылчиев Эмилбек Турдубекович (25.02.1983-07.04.2010)



1983-жылы 25-февралда Талас шаарында төрөлгөн. 1990- жылы Талас шаарындагы №6 мектепке 1-класска кирип, 9-класска чейин окуган, 10-11-классты №7- мектептен бүтүргөн. Кыргыз мамлекеттик Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университеттин юридикалык факультетине тапшырып, 2005-жылы ийгиликтүү аяктаган. Студент убагында 2003-2004-жылдары Бишкек шаарынын Ленин райондук ички иштербөлүмүндө тергөөчүнүн жардамчысы болуп иштеген. Жогорку окуу жайды аяктаган соң, Бишкек шаарынын Ленин райондук прокуратурасында прокурордун коомдук жардамчысы, 2006-жылдан баштап Биринчи май райондук прокуратурасында коомдук жардамчы болуп милдет аткарган.

Ошол кезде убактылуу жумушу жок болгонуна байланыштуу өзүнүн машинасы менен такси айдап иштеген. Бир аптадан кийин түзүлгөн келишимдин негизинде чет өлкөгө иштегени кетип жаткан. Кыргыз элинин тагдырына кайдыгер карай албай, 2010-жылы 7-апрелде аянтка эл менен чыгып, чуулдаган октон качпай, снайпердин огу жүрөгүнө тийип курман болду. Болгону 27 жашта эле...

Артында калган тырмактай болгон кызы Элиза 1 жаш 7 ай, төрөлө элек 3 айлык бойдо калган наристеси уул болду. Жубайы Венера КАСИнин экономикалык факультетин бүтүргөн. Ушул тапта баягы наристе кыз Элиза 12 жашта, бешинчи класста, уулу 9 жашта үчүнчү класста Бишкек шаарындагы Кыргыз-Түрк лицейинде окушат. Эмил үч бир туугандын улуусу. Карындашы Эльвира Борбордук Азиядагы Америкалык Университеттин экономика жана бизнес факультетин бүтүргөн. Учурда чет өлкөдө эмгектенет. Иниси Марлен Туризм Академиясын бүтүргөн, жеке ишкерчилик менен алектенет.

Атасы Айылчиев Турдубек, апасы Таштекеева Кишимжан жогорку билимдүү адистер. Талас шаарында эмгектенишет. Эмил кичинесинен эле боорукер, токтоо, бир айткан сөздү эки кылбай аткарган эстүү бала болуп чоңойду. Атасы Турдубекти кумир тутуп, оорун колдон, жеңилин жерден алган жардамчысы эле, чынында атасы да өз эмгегинен баар тапкан жаны тынбай алдыга умтулган, адамдар менен мамиле түзө билген эстүү адам. Жолдошторунун арасында Эмил кадыр-барктуу экен. Жыл маалы өткөндө өзү окуган Таластагы №7 мектепке аты берилип эскерүү кечеси белгиленди, окуткан мугалимдери, тели-теңтуштары, солкулдап ыйлап, анын жакшы сапаттарын түгөтпөй эскерип турушту. Бул мектепте анын жаркыраган сүрөтү түшүрүлгөн элеси менен аты калды. Кызы Элизага камкор ата, жубайы Венерага сүйүктүү жар эле. Өзүнөн эч айырмасы жок Эльдар

деген наристе уулу төрөлдү, жашоо уланат деген ушу, баатырдын көзү өтсө да өзү арабызда жүрөр...

Эмилдин ата-энеси Таласта жашашат, жакшы жубайлар, ак эмгегинен баар тапкан, жаңычыл көз караштагы, алдыга умтулган билимдүү адамдар. Балдары да адептүү, тарбиялуу, уяттуу болуп өсүп келе жаткан эле. Бул үлгүлүү үй-бүлөнүн турак-жайы таза, гүлгө оронгон ордо мисал көрүнөт. Жада калса жасалгасы да кыргыз духунда экенин байкалып турат.

Ошол үлгүлүү үйдүн үлгүлүү уулу да патриот экенин карабайсыңбы, мына эртең-бүрсүгүнү чет өлкөгө кетем деп, документтери даяр турса да башына мүшкүл түшкөн мекенин таштай албай кылчактап, чуулдап атылган октон качпай шейит болбодубу. Көрсө бул баланын канында, тегинде баатырдык бар окшойт, жөн бала мындай иш кылбайт эле, чет өлкөдөгү күтүп жаткан мартабалуу кызматына унчукпай кете бермек. Энеси Кишимжандын кесиби чет тилдер мугалим адистиги, колунан көөрү төгүлгөн уз айым, билимдүү, эстүү токтолгон аялдын күргүштөгөн күйүтүнө ортоктош болдум.

Кагылайын балам ай, сен араң эле 27 жашка чыкпадың беле, кийинки кезде кан ичер Бакиевдин бийлигине нааразы болуп, ошол күч сени Ак Үй алдына алып барган тура.

Көргөн балдардын айтымында Ак Үй алдындагы жол жээктеги газондун үстүнө ок тийгенде жыгылып, канкор аткан октон курман болгон. Снайпердин огу жүрөккө тийген, ошол жүрөк каның менен бизди коргойун дедиңби, каралдым! Кызыңдын жыпар жытын жыттап, келинчегиң менен кол кармашып, бактылуу өмүр сүрүүгө акың бар эле го, солкулдаган жаштыгыңды элиңе арнадыңбы каралдым!

Ата- энең, сүйгөн жарың, кызың, бир туугандарың жада калса курсакта калган бейкүнөө наристең караанынды бир көрүүгө зар болуп ыйлап кала бердик. Кичинекей кызың Элиза сүрөтүңдү көрсөтүп, бир нерсени сезгендей сүрөтүңө кашык менен тамак берип жүрдү. Апакелеп бетимден өпкөн күндөрүң көз алдымда. Айланайын балам ай, башыңды жөлөп жаныңда боло албадым... Кагылайын балам Эмил, сенин жаркын элесиң, жаркылдаган жаштыгың, беттегенин бербеген берендигиңе төп келген кайратың жана чынчылдыгың түбөлүк атаң экөөбүздүн жана сени билгендердин жүрөгүндө сакталат.

Мен дүйнөдөгү сендей эр жүрөк, мекенчил, боорукер, эстүү баланын апасы, дүйнөдөгү эң бактылуу эне болчумун, көрсө… Эх, армандуу күн.





**Эмил Айылчиев ата-энеси, жубайы, бир туугандары жана кызы Элиза менен**









**Эмил класcташтары жана мугалимдер менен**



**Эмил жолдош балдары менен**



**Эльдар, Элиза чоң ата, чоң апасы менен**



**Эмилдин балдары: Эльдар, Элиза**





**Эмилдин атасы – Турдубек, апасы – Кишимжан, баласы – Эльдар, кызы – Элиза**

## Кишимжандын арманы

Сүрөтүң турат өзүң жок,
Сыртым жалын ичим чок.
Кандай айла кылам ай,
Кулунум балам Эмил жок.

Жашоого тойбойаралдым,
Жаралдың неге жаралдың.
Соолгон булак өңдөнүп,
Созулуп кайдан жай алдың.

Өмүрдөн кетсең Эмилим,
Өзүңсүз мен да кемидим.
Күүгүмдөп жашоом кызыксыз,
Күйүттөн күйүп эридим.

Аскалуу тоом кулады,
Оо, Эмилим кайра турабы.
Айласы барбы деги айтчы,
Боздогон үнүм угабы.

Чоңойсо кызың кеп сурар,
Атакем кана деп сурар.
Эр эле атаң сенин деп,
Эл-Журтуң сенин кеп кылар.

Бишкекке сага барганда,
Дайыма тосуп алчу элең.
Апакелеп жаркылдап,
Бетимден өөп калчу элең.
Өрүктөй гүлүң күбүлдү,
Өлгөнүң эми билинди.
Алдымдан тосор өзүң жок,
Кайгыдан жүрөк тилинди.

Жүрөктү балам ууладың,
Жүлүнүм сыздап куурадым.
Эзилип күйдү сага бүт,
Эл журтуң менен тууганың.



## Жубайынын арманы

Агарып аткан таң болдум,
Балбылдап толгон Ай болдум.
Ардактап сүйүп жактырып,
Ак нике кошкон жар болдум.
Аз күнчөлүк өмүрдө,
Күлкү майрам шаң болдум.
Кайрылбас жайга сен кеттиң,
Карааныңа зар болдум.
Бүлүктү салган сезимге,
Ошол күн менин эсимде.
Кыргыз эл деп жан кыйдың,
Апрель айдын кечинде.
Эл үчүн кылган эрдигиң,
Эл-журттун турат эсинде.
Акырет жайга сен кеттиң,
Айландым бүгүн жесирге.

Мен калдым сага ыктабай,
Көөдөнгө батты бук далай.
Асылкеч жардан айрылдым,
Алыстап качты кут-таалай...
Көргөндө сени түшүмдө.
Көз жашты төгөм уктабай.
Арманда кеттиң кантейин,
Балаңдын жытын жыттабай.

Ойлорум жарга такалат,
Көз жашым төгөм чакалап.
Сай-сөөгүм сыздап зыркырап,
Суу бойлоп басам жакалап.
Өзүңдөн калган белегиң,
Эркелейт мага апалап.
Эчкирип ыйлайт чыркырап,
Эркекти көрсө аталап.
Кайгыга батып жүрөмүн,
Кайгы-муң басып жүдөдүм.
Кыргыз эл үчүн кан төгүп,
Кара жер болду түнөгүң.

Өзүңдөн калган белекти,
Эш тутуп бүгүн жүрөмүн.
Атакем кайда деп айтса,
Арманга батып жүрөгүм.

Ачылган тоонун гүлүсүң,
Улардын шаңдуу үнүсүң.
Ааламга чачкан жарыгын,
Асмандын Айы-Күнүсүң.
Кыргыз деп ураан чакырган,
Кырк чоронун бирисиң.
Акырет жайга кетсең да,
Ала-Тоо үчүн тирүүсүң!

***Каныбек Абралиев, Талас району,***
***Көпүрө-Базар айылы***

## Ыйлап турду кыргыз эл

Кыргызыма кыямат күн келип турду,
Падышаны чындап эле кудай урду.
Жети атасы тоюнбаган байкуштарбы,
Жер-элдин ырыскысын соруп турду.

Курманбек кыргыз элге бүлүк салды,
Жүрөккө так калтырып күйүт калды.
Сексен сегиз жигиттин башын жуткан,
Адамсыңбы,сенде бир үмүт барбы?..

Кыргыздын туусу жерге салаңдады,
Кара туман кайгысы элди аралады.
Тумчуккан азаптардан чыгуу үчүн,
Түз барды ажалга да карабады.

Ал күнү кыргыз журту бүт ыйлады,
Асман да ошол күнү жаш тыйбады.
Эзилип жер энебиз коюнуна,
Эрлерди жаткырууга ал кыйбады...



Падыша кудайды да унутканы,
Балдарды аткыла деп турушканы.
Кылыгы туура маңкурт Жоломандай,
Кыйшайып бара жаткан куюшканы...

Кана эми бийлигинин актаганы,
Канакей байлыгынын сактаганы.
Арамдык артың кайгы,бактысыздык,
Арман го, өз жерине батпаганы...

***Шавралиева Гүлжакан***
***(Эмилдин кайын энеси, жубайы Веneранын апасы)***

## Эмилдин жаркын элесине


Эзелтеден улуу Кыргыз бабабыз,
Эркиндикти байрак кылып кармаган.
Эчен-эчен эр жигиттер эл үчүн.
Өз өмүрүн эркиндикке арнаган.

Наристелер баатыр болуп төрөлбөйт.
Үндөйт аны эрдик ишке бешик ыр.
Акыйкатсыз арамдарга кабылса,
Эли үчүн эт жүрөгүн берген шыр.

Эмил дагы биздин элдин сыймыгы,
Эрдигине дүйнө жүзү таң берген.
Келечекте Кыргыз элим өссө деп.
Эли үчүн эрдик менен жан берген.

Атын берип жаткандыктын себеби,
Азаматка элдин кылган белеги.
Ушул жерде ойноп өскөн уландар,
Эрдигинен өрнөк алсын дегени.

***Чыңгыз Сыдыков***



# Ашыралиев Саламатбек Абдыбек уулу (13.01.1963 – 07.04.2010)



1963-жылы 13-январда Талас шаарында туулган. 1970-жылы Саламатбек Талас шаарындагы №1 мектепке кирип 4-класска чейин окуган, 4-класстан кийин Жон-Арык айылына көчүп кетишип, мектепти ошол жактан бүтүрөт. Фрунзедеги №18 кесиптик-техникалык окуу жайынан байланыш адистиги боюнча билим алган.

1982-1984-жылдары Советтик армиянын катарында Украинада кызмат өтөдү. Андан кийин Фрунзедеги милициянын эки жылдык мектебин бүтүрдү. Талас аймагынын байланыш тармагында иштеген. 1987-жылы жубайы Роза менен баш кошуп, үч уулду болушкан. Сүймөнкул, Марсель-студент, Эрлан мектепте окуйт. 2005-жылдан бери Саламатбек Чүй жергесинин, Сокулук айылында жашап, курулуш тармагында иштечү. Ал мигрант болуп Казахстандын, Чымкент, Астана шаарларына өзүнчө курулуш бригадасын топтоп алып иштеп келип жүрдү. Ал кайсы жерде болбосун өз адамгерчилигинен кеткен жок, бөтөн эл, бөтөн жерде жүрсө да ар убак өз элине, өз уруусуна, бала-чакасына сөз тийгизбей ак да так да иштеди. Ал үй-бүлөсүн канаттуугаካктырбай жакшы бакты.


Саламатбек сүйүктүү жар, мээрман ата, элге барктуу адам болчу. 7-апрелде Кыргызстандын келечеги үчүн тынчсызданып митингге эл катары чыкканда кыргыз элин, эл ичинде өз балдарынын тагдырын, алардын жаркын келечегин ойлогон. Ала-Тоо аянтында КАМАЗ машинасынын борту сынып кеткенде, Саламатбек ошол машинанын үстүндө болчу. Чыныгы патриот ажал чачкан октон коркпой, артка качпай, өзү да алга умтулуп, элди да алга сүрөп, эптеп канкорлорду кубалап чыгып, эркиндикти көргүсү келген. Оттой жанган жигит

2010-жылы 7-апрелде ал ич жагынан жаракат алып Ак Үй алдында шейит кетти. Саламатбектин сөөгү Талас областынын Жон-Арык айылына коюлду. Саламаттын Сүймөнкул деген уулу бар экен, ал дагы атасына окшоп зоот мүчө кебелбеген жигит болуп өсүптүр. Атасын оозунан түшүрбөй улам эскерип анын эмгекчилигине токтолуп отурду. Табиятынан сөзгө жок жигиттин көзү күйүп, айтылбаган арманы ичине толуп турса да үй-тиричилигин бүт моюнуна алганын, аябай өкүнөрүн айтып, атам өзү салып жаткан үйдү бүтүрө албай калды эле, буйруса быйыл аны өзүм бүткөрөм, атам эмне жумуш кылса мен ошону улантам, – деп улутунуп койду.












Ресторан "Алтын-Ай"
Мерке 10/10/09г.






30.01.2020

артынан кубалагандардын кесири тийди. Эли менен жеринен куураган куу дүйнө, бийлик кызык көрүнүп, эр жүрөк жигиттерди аттыруу накта акмакчылык, жаныбызды канча кыйнасак деле, өлүп берсек деле турмуш баягы, өзгөрүлгөн деле жок, кайра эле баягы шумпайлар, экстер жанталашып бийликке келип алышты.

## Досумду атты

Кеткен бийлик канчанын болду шору,
Досумду атты бийликтин канкор колу.
Арабызга алып келип кошмок беле,
Жардам деп, кече берген миллион сому...

Эсен болуп жүргөнүң эсеп эле,
Кеткен бийлик ок атпаса өлөт беле.
Жааган октон коркпой туруп бердиң.
Жаныңдай көргөн үчүн Мекениңе!

***Досу Куаныш Жазмашев***

Мен Саламат менен бир тууган бөлөмүн. Энелерибиз бир тууган эже-сиңдилер Жуман менен Нурила. Ошондон улам биз жашоодо жакын болуп, аралашып, бир сындырым нанды бөлүп жеп, кечке чурулдашып жашынмак, топ ойноп, кубалашып өстүк. Бактылуу балалыгыбыз Таласта өттү. Саламат кичинесинен эле өзүнө тың, тыкан, ак көңүл аябай активдүү жана жоопкерчиликтүү эле. Үй-бүлөсүнө, балдарына, жубайына карамдуу, турмушун дайыма оңдоп, алдыга умтулган сонун сапаттары бар эле. Баарыбызды күтүлбөгөн кырсык күйгүзүп кетти. Жер сыйпалап кала бердик. Саламат бөлөм, жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун! Сени биз жана элиң эч качан унутпайт, баатыр бөлөм Саламатбек!

***Бөлөсү Осмонбекова Гүлмира***

## Саламатка

Баарысынан өмүр кымбат адамга,
Жашагысы келет ушул жалганда.
Акыйкатты бийик коюп өмүрдөн,
Жанды бердиң тике карап ажалга.



Саламатта жүрсүн дешип ата-энең,
Саламат деп сага энчилүү ат берген.
Саламат деп атың калды түбөлүк,
Сага тийсин ак батасы жалпы элден.

Ар адамда жашай турган өмүр бар,
Ар бир башка келе турган өлүм бар.
Сени унутпай, арбагыңды сыйларга,
Бата – дуба кыла турган элиң бар.

Бул дүйнөгө адам бир жол жаралат,
Бул дүйнөдө жашап эмне таба алат.
Эрдик менен акыретке узадың.
Жаткан жериң жайлуу болсун Саламат!

## Окко учкан баатырлардын кайрылуусу

Эл-жер деген сезим мени кыйнады,
Эзилишип жакындарым ыйлады.
Эскергиле кандай абал болсо да,
Таза эле деп ушулардын ыйманы.

Өлдү дебе, арбагым бар тирүүмүн,
Аралашып силер менен жүрүмүн.
Корунганда мен да аман жүрмөкмүн,
Кереги жок коркуп өмүр сүрүүнүн.

Биз өлсөк да ата-журтум өлбөсүн,
Элим кайра жамандыкты көрбөсүн.
Эл башына келсин калыс, ак жүрөк,
Элди жуткан ажыдаарлар келбесин.

Барктуу Кыргыз башкаларга теңелсин,
Барчылыктан кемитпесин пендесин.
Эки жүздүү ач көз шумпай, алдамчы,
Эл башына бийлик кылып келбесин.

Курбу – достор аман-эсен болгула,
Кубангыла ар күн сайын толгула.
Ушул ыйык жерден өтүп калсаңар,
Куран окуп дуба кылып койгула.

**Абакир Смаилов Жон-Арык айылы**

Ушундай жүрөктөн чыккан жалындуу саптарды, тирүүлөргө арбактардын арман-өтүнүчүн жеткирген айылдашы Абакир мырзанын ой-тилеги кабыл болуп, баатыр балдарга эл эбак берген бааны биздин бийлик тараптан берилерине ишенебиз.

Барган элең ажалды беттеп алып,
Баатырлыгың билинип эсте калып.
Урмат кылып атасын түбөлүккө,
Уулдарың өзүңдү эске салып.

Токтоо экен уулуң Сүймөнкулуң,
Тоолуктардын мүнөзү баткан беле.
Жаныбызда жүрөсүң, унутулбай,
Жаның берип мүрзөдө жатсаң деле.

Мөлтүрөгөн жаштыгың балдарыңда,
Мээрим толо көздөр бар алганыңда.
Арабызда суу ичип жүрбөйт белең,
Ал ажалдан сен аман калганыңда.

Жүрөгүңдү намысың тиредиби,
Журт каалоосу өзүңдү сүрөдүбү.
Кызыл канга майданга алып чыккан,
Кыргызыңдын келечек түбөлүгү...



**Чайпалган эл эркиндик, эркиндик деп...**

Апрелде Ак Үйүң кесир кылды,
Аталарын балдарга эсил кылды.
Атып салып мекендин уулдарын,
Апапакай жарларын жесир кылды.

Чагылгандай от болуп серпилдик тек,
Чачыраган арчадай чертилдик бек.
Чабуул жасап, эр-аял, жумурай журт.
Чайпалган эл, эркиндик, эркиндик деп!

Эркиндигим колуман тийип-качып,
Эски жолдо кыйналдык ашуу ашып.
Жоо болгондор көбөйүп арабызда,
Жол түгөнбөй келебиз илкий басып.

Ашууларда калган из жарык болоор,
Аракеттин баардыгы тарых болоор.
Бардар болуп ырыскы-ыйманыбыз,
Багытыбыз буйруса жарык болоор...

**МЕН ЭНЕМДИН АППАК СҮТҮН АКТАДЫМ, МЕКЕНИМДИ КЫРГЫЗ ЭЛИН САКТАДЫМ!**



# Жолчубек уулу Урмат
# (19.03.1978 – 07.04.2010)



Жолчубек уулу Урмат 1978-жылдын 19-мартында Талас шаарында туулган. 1985-жылы Талас шаарындагы №1 орто мектепке 1- класска кирген. 1996-жылы мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1998-жылы Армияга чакырылган. 2001-жылы үйлөнүп, бир кыздуу болгон.

“Кыргыз турмуш-тиричилик комплекти” акционердик коомунда мастер болуп эмгектенген. Урмат ак көңүл, эмнени максат койсо, ошону аткара билген намыскөй, колу ар нерсеге шыктуу, эмеректерди жасаса фантазиялап, өзгөчө бир нерсе кошуп жасачу. Келинчеги Күмүшай (Урматтын энесинин аты да Күмүшай) Россияда иштеп жүргөндүктөн, кызы Азема чоң ата, чоң энелеринен колунда болгон, ошол күнү алдын ала жүрөгү сезгендей сагынып жүргөн кызын энесиникинен алдырып өөп-жыттап, эркелетип, каалаганын алып берип, жетиси күнү эртең менен паркка алып чыгып, андан кийин кызын Киев-Байтик баатыр көчөлөрүнүн кесилишиндеги туугандарына калты-рып, өзү ок чуулдап, кан төгүлүп жаткан Ала-Тоо аянтына жөнөп кеткен. Агасы аскер кызматкери эле, агасындай ал да аскер адамы болгусу келчү, балким, ошол жоокерлик кыял жетеледиби же ушул бийликтин жанга баткан кылыгына бир жолу чекит койгусу келдиби айтор, кыйкырык-сүрөөнгө кирип кетти. Урмат кыялындагыдай аскер адамы болбосо да, ушул 7-апрель күнү аскер кызматкериндей эле каармандык көрсөттү. Атылган ок анын көкүрөк тушуна тийип, жанын шейит кылды.

Урматтын апасы Күмүшай сабырдуу, токтоо, жөн билги, жакшы аял экен. Уулун кеп кылып отурду атасы экөө, улам бир жакшы жагын эстешип. Анан эле энеси “Урмат баатыр болчу” деп жатпайбы. Кичине кезинде болгону төрт жашта эле, атасы Жолчубек Токтогулга командировкага кеткен, кеч кирип караңгы болуп калган, аңгыча короо тарап дүңгүрөп ууру келгендей болуп, өзүм да коркуп кеттим. Мындан чоң балдарым бар, ууру келди деп эле карбаластап калдык, бирок, эч кимибиз эшикке чыга албай турсак, мен ошол ууруну кармаймын, жүргүлө десе болобу Урмат, араң турган биз наристенин сөзүнө таасирленип топурап кыйкырып эшикке чыксак, килейген эле киши экен, аттап-буттап качып жөнөдү. Ошондон улам баатыр деп койчубуз. Уулубуз Урмат колунан көөрү төгүлгөн уста эле, үй толтура ошонун жасаган эмеректери турат, өзү жок, далайын тууган-тааныштар алган, азыр алар да таберик кылып алып жүрөбүз дешет.

Урматтын атасы Жолчубек аксакал дээринде жөнөкөй кадимки айылдын карапайым эмгекчил адамы экен. Өмүр бою рулда отуруп, дөңгөлөктүн үстүндө жүрүп эс алууга чыккан. Мал багып кайгысынан алаксыйт окшобойб



**Урматтын атасы – Жолчубек, апасы – Күмүшай**



**Урмат армияда**











**Урмат Ак Үйдүн алдында**



**Урматтын жалгыз кызы Азема**



## Урматтын апасынын арманы

Урматым кетти уулум,
Ажырап турат муунум.
Алтыным Урмат сагындым,
Азабың тартып курудум.
Тим койбой, келин кызды алды,
Тирүүлөй андан суудум.

деп, сабырдуу Күмүшай көз жашын, көкүрөк дартын айтып отурду. Үч жыл мурун Урмат келинчегинен ажырап кетип, жалгыз кызы Азема, Урматтын колунда бир жарым жашында калган. Кыз биринчи класска келгенде минтип кырсык болуп Урматтын көзү өттү. Россияда жүргөн келинчеги келип өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, кичинекей Азема наристемди алып кетти деп сыздап отуру курган эне.

Алыстап айтар сөзүмдөн,
Арашан булак көзүмдөн.
Алдыңа кетпей мен сенин,
Адашып калдым өзүңдөн.

Күнөстүү дөңдө сен калдың,
Күн тийген жерде мен калдым.
Кууранган жерде сен калдың,
Кусалуу болуп мен калдым.

Бүчүрүң куурап кагылдың,
Бүлдүркөн уулум сагындым.
Таберик кылаар уулум жок,
Тагдырыма таарындым.

Оорудум онтоп тура албай,
Оонадым жатып жыла албай.
Ок жедиң Урмат ким үчүн,
Ойдогу ишти кыла албай.

Жанымды кыйып баралбай,
Же өчүмдү чындап ала албай.
Делбе тап болуп жүрөмүн,
Деңизде туздуу аралдай.

Жел болуп кайкып өтөрдө,
Желекке колуң жетерде
Жакшылык көрбө канкорлор,
Жаныңды алды бекерге.

Апасы Күмүшай "Уулдарыма касиеттүү Талас жеринин кулундарысыңар, жаман жолго баспагыла, эл үчүн эмгек кылсаңар дегеле кор болбойсуңар, рахмат уккандан өтөөр эмне бар дечү элем, көрсө балдарымды эрдикке өзүм даярдаптырмын да", - деп, муңканып калды. Анан калса дагы бир уулу какаганга муштаган болуп, Урматка удаалаш көзү өтүп эненин жүрөгүн экинчи жолу канжалаткан.

Айта берсем түгөнбөйт.
Жеткирем кантип сөз менен.
Эл үчүн кеттиң каралдым,
Тарыхта калдың өчпөгөн. –

деп, Күмүшайдын оозунан кайгынын кара түтүнү буркурап турса да кайрат кылып, ошолордон калган неберелеринин өмүрүн сурап, жашоо улантып келет. Эбак очор-бачар болгон кыздары эне-атасына каралашып турушат.

**Өзүбеков Талас**: -Урматтын досу болом. Талас шаарында чогуу чоңоюп өскөнбүз. Урмат ак көңүл, шайыр, ичинде кири жок, колунан баары келген, велосипедден баштап, автомашинага чейин ондой салчу. Экөөбүз тең үйлөнүп, үй-бүлөлүү болуп, дос болуп жүрдүк. Ал менден мурун шаарга кетип иштеп калган мага иш таап мени да ишке орноштурду. Урмат досум Акаевдин убагында деле жаштыгына карабай пикеттерде жүрүп, бизге коомдогу өзгөрүүлөрдү түшүндүрүп берчү, жолукканда кыйналган элди, жаштардын турмушун талкуулачубуз. Кудай буйруса баары жакшы болот, бактылуу да, бай да болобуз дечү эле, ал жакшы турмушка ишенип жашачу.

Бакиевдин бийлигине аябай жини келип, наарзычылыгын дайым эле айта жүргөн. Көкүрөгү ачык, көңүлү куунак, жексурларды жоготом деп барып, жүрөк тушка ок жеп мертинип калды Урмат досум десе, – дагы бири ал мектептеги кезинен баштап "Манас" айта салчу. Сабагынан да жакшы окуган сергек бала эле, – дейт.

Урматтан айып таба албагандай жигит, сулуу, сергек, жөндөмдүү, боорукер, жолдоштукка бек, айтса түгөнгүс сапаттарга ээ экен.



**Садыков Талант**: - 2000-жылы Бишкек шаарындагы "Азат" корпорациясына караштуу жыгач иштетүүчү заводуна келип, Жолчубек уулу Урмат менен ошол жерден таанышкам. Урмат заводдо кыйын адистердин бири эле. Жумушка абдан жоопкерчиликтүү так мамиле кылаар эле. Заводдо чогуу иштешкен жумушчулар менен бир тууганадай мамиледе болчу. Урмат калп айтканды жаман көргөн, чынчыл, ак ниет, боорукер, элпек, кандай иш болбосун так аткарып, рахмат угуп жадырап турат эле. Дегеле аны унутууга болбойт, унутууга да мүмкүн эмес, биз анын жаркын элесин түбөлүккө сактайбыз.

Жолчубек уулу Урмат 1999-жылы июль айынан 2004-жылы июль айына чейин "Азат" корпорациясына караштуу жыгач иштетүүчү заводунда иштеген.

Ал башында ушул завод чыгарган жыгач буюмдарды майлап, сырдап алектенсе, бара-бара өзүнүн жөндөмдүүлүгү артып буюм-теримдерди жасай баштаган. Көп өтпөй эле Урмат колунан көөрү төгүлгөн уста болуп чыга келди. Жогорудагы айтылган Жыгач иштетүүчү заводу чоң-чоң курулуштарга катышып, көптөгөн үйлөрдүн, имараттардын эшик-терезелерин, дегеле жыгачтан эмне жасалса баарын даярдайт эле.

Тажрыйбасы мыкты Урмат бул нерселерди да шайма-шай жасашып, зор салымын кошуп келген. Ал катышкан объектилер: АООТ "Курс" (1999-ж), Кыргыз Республикасынын Суд Департаменти (2001-ж.), АООТ "Расчетно-сберегательная компания" (2002-ж), компания "General Investments and Business", (2002-ж.), АООТ "Бишкек Курулуш" (2002-ж.), Кыргыз Республикасынын Социалдык Фонду (2003-ж.), Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлиги (2003-ж.), Коргоочу жана конвоирование Департаменти (2003-ж.), ОсОО "Футбол Планета" (2003-ж.), Федерация "Спасите детей" (2004-ж.) жана башкафирмалардын жеке заказдары менен иштеген.

Урмат атына заты жарашкан, өзүнүн эмгек жамаатында сыйга ээ, шайыр, эмгекчил, талантуу, жоопкерчиликтүү эле, – деп эскерет АО "ДОЗ"дун директору Алиев М. А.

Барак-барак эскерүүлөр муңга толгон,
Баарында сен жөнүндө сырга толгон.
Өлкөнүн курмандыгы болдуң Урмат,
Өмүрдүн уландысы ырга толгон...



# Огомбаев Жылдызбек Мадылбекович (18.03.1958 – 07.04.2010)



Жылдызбек Огомбаев эл ичинде, жоро-жолдошторунун арасында кадыр-барктуу, ар намысын бийик туткан адамгерчиликтүү жигит болгонун тели-теңтуштары, айылдаштары, чогуу иштешкендери, өзгөчө бир тууган эжеси көзүнүн жашын көл кылып эскерди. Артында жубайы, эки кыз, бир уулу калды. 2010-жылдын 7-апрелинде бакиевчилердин бийлигине каршы туруп, элибиздин келечеги, жаш муундардын келечеги үчүн деп аянтка чыгып, эң алгачкылардан болуп курман болгон.

Жылдызбек тууралуу далай адамдарга жолугуп сүйлөштүк баары кадыр-баркын, адамкерчилигин түгөтпөй кеп кылышты. Тирүүсүндө адамдын асылдыгын сезбей көрбөй, көзү өткөндөн кийин, анын жакшы жактары мончоктой тизилип, көзгө тартылат экен. Бармактайынан бирге жүргөн теңтушу, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү Табылды Тыналиев аны төмөнкүчө эскерет:

"Огонбаев Жылдызбек 1958-жылы Талас районундагы Манас колхозунан Ак-Сай айылында туулган. Талас шаарындагы мектеп-интернаттан 8-классты бүтүрүп, андан соң А. Оторбаев атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. Мектеп жашынан эле зээндүү эле. Айткан сөзүнө турган, жоопкерчиликтүү, өзүнө бекитилген кандай жумуш болбосун так аткарууга аракет кылчу. 1975-жылы Фрунзедеги политехникалык техникумду бүтүрдү. Шарты оор, борбордон алыс жайгашкан Чаткал жана Ак-Талаа райондорунда төрт жылдай суу чарба адис болуп иштеп келди.

Атасы Мадылбек колхоздо парторг болуп иштеп, каза болуп калган. Жылдызбек да бир топ жылдары дыйкан чарбасын башкарды, кампанын башчысы болуп эмгектенди.

Кийинки жылдары Бишкек шаарында жашачу. Далай ирээт эл топтолгон жыйын, пикеттерде, элдик курултай болобу ал жерге катышып, элдин үнүн угуп, өз ойлорун да тартынбай айтып жүргөн. Жубайы Сабира бир нерседен кооптондубу, чоочулаган түрдө, Таластагы кагылыштан телефон аркылуу кабар алганын, ушу бүгүн эч жакка чыкпай эле коюусун өтүнгөн. Борбордук аянтка барууга камынып атканын айтканда, анын аянтка барышына каршылык көрсөткөн. "Силер эмнени чечмек элеңер, аянтка барбай эле койбойсуңарбы", деген Сабиранын сөзүнө ал көнгөн эмес. Ал тургай кошуналарына да "Жол киреңерди төлөйүн, тамагыңар деле менден болсун, жүргүлө, бийликке айбат көрсөтүп келели" деп, элди да үгүттөп алып барган. "Паспортуңарды жаныңарга салып алгыла. Же эч кандай партияда болбосок, кокус каттап калышса, кереги тийет" деп айткан. Эртең менен чайын ичип, ак калпагын кийип алып, аянтка

жөнөп кеткен. Анын Сулайман аттуу коңшусу Жылдызбектер болуп, "Форумдан" баштап, Ала-Тоо аянтына чейин бирге барышканын жана Жылдызбектин алдыңкы катарда жүргөнүн айтты. Аянтта ал күнкү көрсөтүлгөн телесюжеттердин арасында колун көтөрүп. "Алга балдар! Артка кайтпагыла!" – деп, элди сүрөп жол баштагандардын башында Ала-Тоодой ак калпагы, зоңкойгон зоот мүчөл, эр жүрөк жараныбыз дал ушул Огонбаев Жылдызбек экен. Жылдызбек алгалап жүрүп, биринчилерден болуп, Ак Үйдүн төбөсүнөн тике элди карай атылган октон шейит кетти. Атылган ок анын башына тийген. Коңшусу Сулайман анын жерге түшкөн кол чатырын көтөрө келген. Өз көзү менен көргөн Жылдызбектин эрдигин айтып түгөтпөй, түбөлүк эсте жүрөрүн эскерет.

Артында калган туяктары, уулу Чыныбек кыздары Гүлзат менен Гүлшат, неберелери атасынан айрылып, кабыргалары кайышса дагы, бул эрдигин эстеп бир чети сыймыктанып да жүрүшөөр. Жылдызбекти баары эскерип, кишинин көңүлүн көтөрүп, ар убак жакшылыгын аябай жардам берген, адамдын көңүлүн оорутпаган мүнөзү тууралуу кеп кылып жатышат. Кийинки кездери ал мурункудан бетер жайдары камкор болуп кеткен. Кичине жерине кулпунайдын көчөтүн олтургузуп койгон. Муздаткычын этке толтуруп, митингден кайтканда майрам кылып, бешбармак бышырып жешмек болгон. Уулу экөө жакында "бусик" менен рейске чыгууга камданып жүрүшкөн. Уулума эл-жерин көргөзөм, досторум менен тааныштырам деп кыялданып, бактылуу турмушту эңсеп күтчү эле.

Жылдызбектин эжеси Базаркүл айымдын көзүндөгү жашын, көкүрөгүндөгү дартын айтып түгөтпөй турган абалында жолуктум. Ал бир тууганынын таза жүрөк, чынчылдыгы менен тууган дегенде ичкен ашын жерге койгон бооркерлигин, ар убак ажат ачкан колу ачыктыгын айтып жатып, ыр,аңгеме жазып жүргөнүн да билерин айтты. Буйруса бир убакта китеп кылып чыгарам, – дээр эле. Чаткалда иштеп жүргөндө жездеси экөөбүзгө убара болуп машинанын эки дөңгөлөгүн алып келиптир (дөңгөлөк ошол кезде таңсык эле) муну эмне алыстан убара болуп алып келдиң, – десек колумдан келсе жездем экөөңөргө кыларым башка бул эмне болуп калыптыр деген. Бардар турмушуна канаат кылып, жакшы жашаса да мамлекетибиздин абалына ичи чыкпай, кайсы жерде элдик наразылык акциялар, пикет-жыйындар болсо ага катышып туура сөзүн айткандан тайманчу эмес. Ал бизди да коомдун абалына кайдыгер карабагыла, эртеңки балдардын келечегин кантебиз дегенин кантип унутам. Ага кошулуп менин да көз карашым далай өзгөрүлгөн, жаңылбаптыр алтыным, баары эле өзү айткандай



болду, эң эле азаптуусу Жылдызбектен айрылып калганыбыз болду. Тойлордо аябай өзүн жакшы алып отурар эле, шайыр, чукугандай сөз тапкан, жанындагылар менен бат эле бир туугандай мамиле түзүп, эртеси эле кайра конокко чакырып, туугандашып, достошуп кетчү. Мен Таластык кадимки Атай Огомбаевдин баласы болом, бирок ырчы болбой калбадымбы, – деп тамашалап калчу. Баягы чарбалар жаны уюшулуп кыйынчылык басып турган жылдары жакын туугандарыбыздын бирине көп суммада акча карызга бере коюп, кийин ала албай убара болгондо өзүнүн волгасын сатып кутулган. Кай жерде болбосун Жылдызымдын жаркыраган орду бар эле. Тиричилик менен үйүнө барсам барбалактап тозуп алып, бererге ашын таппай телегейимди тегиз кылар эле. Үйүнөн чыкканда зоңкойгон каралдым мени коштоп бети-башымдан өпкүлөп узатчу. Эми мени ким ошентип тозуп, ким узатат, – деп Базаркул бурулдап ыйлап калды.

Каралдым менин,
Кантейин сенден айрылдым.
Кабыргам сынып,
Кабагым түшүп кайгырдым.
Каралдым менин,
Күтөмүн келип калчудай.
Дагы эле тойго,
Катарлаш бирге барчудай.
Кантейин боорум.
Көрбөсмүн ушул жалганда.
Элесиң жашап,
Эжекең өтөр арманда.

Чын эле Жылдызбектин эжеси Базаркүл ачык-айрым, өзүнүн коомдук көз карашы бар, Кыргыз элинин кызыкчылыгын ойлогон, жөн билги аял заты экен. Жашы өйдөлөп калса да мыкты адис катары коомго кызмат өтөп, адамдарга чыныгы турмуштук тажырыйбасы менен бөлүшүп жашап жатыптыр.

Жылдызбектин бир тууган жеңеси Чынара оозунан кайгы бүркүп эскерет. Көрсө жеңеси Чынара, Жылдызбек жана аялы Сабира болуп бир айылда, бир класста чогу окушкан. Балалыгым чогу өсүп, анан буйрук экен бир тууган агасына турмушка чыгып, минтип очор-бачар болуп, чай иче баштаганда жок болуп калды.

Өткөндө кызы күйөөгө кетип, кешигин жеп, бакыт каалап турганда, эмне үчүндүр чөнтөгүнөн телефонун чыгарып агасына

белекке берген, буюм болсо да эстелик кылып агасы чөнтөгүнө салып жүрөт. Баса ошондо өлөрүн билгенсип, чоң ата- чоң энесине куран окутуп кеткен. Китепканачы Чынар жеңеси Жылдызбектин улуу агалары жөнүндө да кызыктуу төмөнкү окуяны айтып берди. Илгерирээк Огонбаев Сыргабек менен Алынбек деген эки агасы армияда кызмат өтөп жүрүп, каармандык менен кайтыш болгонун а түгүл Сыргабек агасынын Украинада бир мектепте аты коюлуп, аталып калганын СССРдин убагында ушундай патриоттугу үчүн аябай даңкталгандыгын айта кетти. Чын эле булар тукуму менен мекенчил патриоттор болсо керек деген ойдо калдым.

Жыл маалы болгондо Жылдызбек Огомбаевдин өзү туулуп өскөн Манас айылында эстелиги орнотулду, коомчулуктун катышуусунда митиг өтүп, маркумдун үй-бүлө, жакындарына көңүл айтылып арбагына куран окулду. Баатырдын эстелиги КЫРГЫЗ ЭЛИН кырсыктан коргоочудай түр калтырат.

2010-жылы 7-апрелде он бирлер чамасында ок тийип биринчилерден болуп көз жумган. Кайран жигит эңсеген заманына жетпей кетти, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун!

Жылдызбектин сөөгү Аламүдүн районунун Байтик айылына коюлду.











Жылдызбек үй-бүлөсү менен





Жылдызбек жубайы Сабира менен











*Табылды Тыналиев досу*

## Досум Огонбаев Жылдызбек эл баатыры дешке толук татыктуу

Эр Чолпонбай жата бербей окопто,
Эл жери үчүн төшүн тоссо дзотко.
Элиң үчүн сен да тостуң жүрөгүн,
Ажал издеп далбастаган шум окко.

Шар-шар сүйлөп арамдыкты билбеген,
Ачык мүнөз жаркылдаган жан элең.
Эчен кылым өчпөс эрдик калтырдың,
Көлдөй толкуп, сыймыктанам сен менен.

Желбирете колго кармай кызыл туу,
Элди баштап сөздөр менен жалындуу.
Жылдызбектей курман болгон жигиттер,
Эл баатыры дешке толук татыктуу.

Сен жаныңда турган өңдүү туюлуп,
Ар тамгага көздөн жашым куюлуп.
Араң жаздым боор этим тилинип,
Шейит болгун, бейиш төрү буюруп.

## Баатырдын элеси

Жылдыздай жанган Жылдызбек
Жылып бир кеттиң Кыргыз деп.
Тарс эткен окко кабылдың,
Татыктуу, таттуу, турмуш деп.

Жетиштүү жашооң бар эле,
Жемиштүү турмуш бал эле.
Сабырдуу, эстүү бирге өскөн
Сабира мыкты жар эле.

Өкүнтүп калган агаңды,
Өмүрдүн арты караңгы.



Чырылдатып таштадың,
Чыныбек деген балаңды.

Күн менен гүлдөй кыздары,
Күйүттү тартып сыздады.
Эч качан сени унутпай,
Эскерип турат кыштагы.

Кара-Суу, Манас айылың,
Калдайган Кушчу кайының.
Буйрукка айла жок экен,
Бишкекте болду кабырың.

Бириккен элди колдойм деп,
Бийликтен элди коргойм деп.
Башымды катып иниме,
Басынган байкуш болбойм деп...

Заңкайып басып барыптыр,
Сабына түшүп алыптыр.
Колтукка тийип коргошун,
Жүрөгүн жарып салыптыр.

## Эрегишпе эл менен

Байып-чирип, кызматты аркалабай,
Баатыр чыкма балдарды талкалабай.
Сатып баарын жеп салбай, элдин мүлкүн,
Салкыныраак жүрсө го чалкалабай.
Жөндүү болсо мыйзамы парламенттин,
Жөн коюшмак Ак Үйдү талкалабай.

Эрегишпей эл менен эл болгондо,
Эргип-көппөй эл менен тең болгондо.
Эркиндикти, калыстык акыйкатты,
Элим сага арнайм, – деп жөн койгондо.
Эч бир кырсык жолобой, ырыс келмек,
Эрдик кылып элине бел болгондо.



**Сейдасанов Күмүшбек Сүйүнтбек уулу (01.08.1964 – 07.04.2010)**



1964-жылы 1-августта Талас районуна караштуу Арал айылында туулган. Атасы Сейдасанов Сүйүнтбек, апасы Түлөжанова Маана апа экөө кеңешип, Маана апанын бир тууганы Түлөжанов Кожонаалы жалгыз болгондуктан Күмүшбекти 1 жашынан таятасы Түлөжанов Соорбек, таянеси Түлөжанова Шайымбүбү апанын колуна беришет. Таята-таянесинин көзү өткөн соң, таякеси Кожонаалы, таяжеңеси Камбарова Уулжандын колунда тарбияланат.

Күмүшбек орто мектепти аяктагандан кийин, Россиянын Петрозаводск шаарына токой-чарба техникумуна өтөт. Техникумду ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Токтогул районундагы "Чычкан" токой чарбасынан баштаган. Талас районундагы Иоганесдорф мектеп-интернатында мугалим, Талас шаарындагы ДОАК автомектебинде инструктор болуп иштеген.

1991-жылы жубайы Жоробекова Гүлмира менен баш кошуп, бир кыз, эки уулдуу болушкан. Кызы Мээрим, уулдары Эмир, Нуржигит.

Союз тарагандан кийин, эл катары ар кандай иштерде иштеп, "Кудайберген" базарында автотетиктерди сатчу. Бош убагында Күмүшбек ыр жаза койчу. Элим-жерим деген ак ниет, патриот адам болчу.

«Ышкысы бардын ыйманы бар» демекчи, Күмүшбек ыр жазган, жан дүйнөсү акын, сезимтал, патриот жан экен.

Билими туруп кызматка жулунбай, эл-жер деген аздек оюн ак туткан жигит ошол күнү таң атпай жуунуп, мечитке барып, уулун окуусуна жөнөтүп өлүмгө тике келгендей сыр калтырат. Буга чейин деле элдик кыймылдарда ири алдыда жүрүп, башкалардын сезимине от салган далай окуяларды баккан энеси (чындыгында таяжеңе, таякеси) көзүнүн жашын көл кылып айтып отурду.

- Ыраазымын, эки дүйнө ыраазымын, 40 жыл бирге болуп бир жолу көңүлүм калбаптыр, мен келгенде бештеги бала эле, эне – бала болуп жашадык, көңүлүм калбады, көкүрөгүм агарды. Кандай кыйынчылык болсо да жолун таап жеңээр эле. Жалбырактай дирилдеп жаныма жакын, балдарымдын улуусу, сүйөнгөн тообуз эле. Кантейин тоом кулап, оңбой калдык, же бирин-экин көңүлүм калсачы, же бөлөктүгүн билсемчи, эстүүлүгүнөн ал билдирчү эмес, мен билчү эмесмин. Өзүнүн көп бир туугандары менен да, биз менен да, эл менен да бир тууган эле. Жашоого тың эле, Бишкекке кетип, үй алып жашап калышты. Иши онунда болуп, оокат тирчилиги кенен, Таластан топурап баргандарыбыздын баары үйүнө батып, сыйын көрүп, жардамын алгандар аз эмес болгон.

Коом өзгөрүлгөндө бу да өзгөрүлүп, токойчу кызматын таштап, базарга кирди. Ошол базары менен алышып жүрө бербей, коомдогу өзгөрүүлөргө, өлкөдөгү саясий абалга кайдыгер карай алган жок.

Ар качан жолукканда бийликке наразычылыгын айтып, келечекте биздин балдар кантет, кайдыгер болбойлучу, коомду ондобойлубу, – дей берчү эле. Биз көп деле маани бербей, азыр ким эле ыраазы дейсиң дегендей сөз айтсак кадимкидей капа болуп, маанайы суз тартып, ичи чыкпай жүргөнүнө көп болгон.

Эми карап отурсак жазган ырлары айтып тургандай Мекен үчүн эчак эле өмүрүн арнап койгон экен. "Кыргызым деп согот менин жүрөгүм" деген ыры кудум мурдатан өзүн ушул күнгө даярдап жүргөндөй таасир калтырат. Ошентип өзү ант бергендей абалда эл үчүн эч кыйналбай жанын берди. Болбосо турмушу начар болуп муктаждыктын айынан ал жерге барган жок.

Жүрөгүндөн миң толгонуп Кыргыз үчүн купуя сыр кылып керек болсо жанымды да беремин деп муңканып, кууранган куу тирликтен башың чыкпай жүрсө да ар бир мүнөттө улуу элиңдин башындагы кыйынчылыгы менен адилетсиз бийликтин кылыгы жаныңды кыйнап жүргөнүн ким билиптир! Көрсө, сен чыныгы эл уулу турбайсыңбы Күмүшбек!

Бөлүнбө, кыргыз бөлүнбө деген ырың да бизге сенден эстелик болуп калсын, мындан ары бөлүнбөсөк экен, – деп тилек кылалы.

"Жакшы сөз жарым ырыс" – дегендей Күмүшбек тууралуу жолуккан кишиден эле жалаң жакшы сөз угуп, атаңгөрү ай жакшы адамды кудай таала да жакшы көрүп алып кетеби деп калдым. Көзүнүн жашы буурчактаткан баккан апасы (тайжеңе) Уулжан эже Күмүшбектин жакшылыгын айтып түгөтөр эмес. Анын элпектигин, жалбырактай дирилдеп, жардамы менен жакшылыгын аябаган жан эле дейт.

Баарынан да Бишкекте жүрүп (6-апрелде) Таластын абалына кыйналганычы, мамлекет тынч эмес, эл эмне болот, сак болгула, кайдыгер болбогула, бийликке ишенбегиле деп эле чалып жаткан. КТРде болсо Данияр Үсөнов эч нерсе болбойт, Талас тынч, болгону бир бейбаштардын тобун, азыр эле токтотобуз деп күпүлдөп жатканына да ишенип турганбыз. Көрсө калп айтып, айласы түгөнүп, Бакиевдин камчысы болуп, өз элин опузалап жаткан тура, кудай ургур, кудайдан жөө качкан макоо, ондой берсин болуп мыйзамыбыз так иштеп ушулар жоопко тартылар күнү келеээр бекен, – деп сөзүн андан ары улады.



Уулжан эже улам-улам эскерип жатып төмөнкүлөрдү кошумчалады.

"24-март күнү Беловодскийде туугандар менен мейманда элек Күмүшбек бышып жаткан тамакты таштап, "барышым керек эле" – деп келинчегин ээрчитип тынчтык митингине аянтка кетип калгандыгы эсимде.

Каргашалуу кандуу 7-апрель күнү Күмүшбек эртең менен туруп душка түшүп, ач карын улуу баласы Эмирди менчик машинасы менен мечитке чогуу келишип зыярат кылып, үйүнө барып баласын жеткизип сен сабагыңа бара бер, мен Ала-Тоо аянтына барам деп бет алып атайын кетет. Ошол эле күнү Кожон байкеси телефон чалып, кайдасың эмне болуп жатат деп сураганда, Ак Үйдү көздөй бара жатабыз деген. Бир аздан кийин чалса, милициялар менен тирелишип турабыз деди. Дагы аз убакыт өткөндөн кийин чалса телефонун бөлөк бала алып, сен кимсиң деп сураса "мен Илим деген Ысык-Көлдүк баламын, Күмүшбек байкеге ок тийип, больницага жөнөттүк", деп эле телефонду өчүрүп койду. Уккандан кийин келинибизге телефон чалып Күмүшбекке ок тийиптир больницадан издегиле деп айттык. Өзүбүз чыгалы десек Тараз чекарасы жабылып өткөрбөй койду, Өтмөк жагынан да өткөрбөй жаткандыгын айтып келишти. Эң алды ушунчалык мыкаачы көзгө атарларды жалдап, даярдап мээлеп аткандарын деги ойлобоптурбуз. Тим эле резина октору менен элди коркутуш үчүн атканбы деп да ойлодук.

Көрсө, ошол учурда активдүү элди алдыга сүрөп жанындагы чуркап бара жаткан балдарга көчөдө жаткан бронежелеттерди денеңерге кийип алгыла, артка чегинбегиле, чегинүүгө жол жок, алдыга, алдыга, алдыга, – деп кыйкырып бара жаткан Күмүшбекти көргөн балдар өздөрү айтып беришти. Ошентип, Күмүшбек Бакиевдин атайлап аттырган кандуу огунан Ак Үйдүн темир тосмосунун камаз автомашинасы өрттөлгөн бурчтун түбүнөн башка тийген октун кесепетинен курман болот. Бул окуяны Ысык-Көлдүк Илим (азыркы учурда Арабаев атындагы университетинде мугалим) мындайча сүрөттөйт: Ак Үйдөн тарсылдап атылып жаткан окторуна каршы өзгөчөлөнүп элдерди алдыга үндөп жаткан жигитке ок тийип жыгылганда колундагы телефону ыргып кетти.

Чуркап барып төрт бала болуп көтөрүп алып чыктык, чөнтөк телефонун мен алып алдым, ошол учурда бирөө чалды, Кожон байке экендигин кийин жолукканда билдим. "Күмүшбек байкеге ок тийгенде эле кайтыш болгон бирок, мен айта албай больницадан издегиле деп койдум" – дейт.

Күмүшбектин уулу Эмир "Атамды аянтка барба деп айта албай, бир жамандыкты сезгенсип, тилим булдуруктап, ата абайлаңыз дегем – десе, досу Бакыт, -экөөбүз бир мектепте бир окуп, кымындайыбыздан достошуп, Бишкекте да үй-бүлөбүз менен чогуу жүрдүк. Мен ошол күнү гана бөлүндүм, 6-апрель күнү эле кечинде биздин үйдө конок болушкан, ал "Эртең элдик курултайга" барасыңбы деди, "Бара албайм жумуштан бошобойм"- дедим. Кейигенсип "Биз чыкпасак, ким чыгат, балдардын келечеги не болот"- деген эле. Акыркы көрүшүм ошол болду. Эртеси улам-улам телефон чалышып турдук, "Келбейсиңби" – деп дагы бир жолу айтты, бул сөз түбөлүккө кулагымда калды. Мен барбадым. Ооба Күмүштүн айтканы кыргыз элинин эсинде турат. Көзү өткөнүнө он жыл өтсө да анын артында калган канаттуу ырлары эчкимди кайдыгер калтырбайт. Анда анын ырларына орун берели.

# Күмүшбек Сейдасановдун жазган ырлары

## Бөлүнбө элим бөлүнбө

*(Бул ырды үч жыл мурун өзү жазган эле)*

Бөлүнбө элим бөлүнбө,
Эрте өлүп жерге көмүлбө.
Салмактап көргүн замандаш,
Айтканым эмне жөнүндө?

Бөлүнсөң элим бөөдө өлүм,
Оорубайт башы бөлгөндүн,
Кыйналам Кыргыз сен үчүн,
Кысылат жүрөк-көөдөнүм.

Бөлүнсөң ишиң бузулар.
Бөлгөндөр жыргап-кутураар.
Башынан эле бийлигиң,
Баштаган кырсык ушулар.

Бөлгөнүн көрүп кээ бирдин,
Кыдырып кыргыз бүт жерин.
Кесиби кылган ушу дейт,
Көрбөдүм иштин бүткөнүн



***

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн,
Өткөн күндөр өткөн сайын күйөмүн.
Аттиң өттү пайда бербей бул күнүм,
Пайда берген күндү кайдан издеймин.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн,
Пайдасы жок улуу Кыргыз калкыма.
Өз күнүмдү эптеп көрүп жүрөмүн,
Ооз көптүрүп кээде сүйлөйм жалпыга.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн.
Эл ичинде эптеп өмүр сүрөмүн.
Кайсы күнү кайдан табам пайда деп,
Турмушумдун арабасын сүйрөймүн.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн,
Кыргызым деп согот менин жүрөгүм.
Элге керек сенин жаның десе эгер,
Эч кылчайбай жанымды да беремин.

## Кыргыздар

Эй, Кыргыздар, Кыргыздар!
Кыйналдык го сууларыбыз сайда акпай.
Бириге албай, мажирөө болуп калдык,
Бириге албай, сайдагы майда таштай.

Эй, Кыргыздар. Кыргыздар,
Алакандын отундай эл экенбиз.
Байлыгы мол, көркөмдүү жер экенбиз.
Башкаларга түгөнгүз жем экенбиз.

Эй, Кыргыздар, Кыргыздар!
Эгемендик, эркиндик алдык дейбиз,
Эркин басып иш кылып калдык дейбиз.
Кайырчылар, байкуштар толуп кетти,
Кайсыга биз жылдыздай жандык дейбиз.

## Таласым

Таласым менин Таласым,
Далай жер басып Манасың.
Байырлап сени жер кылган,
Бай терек, токой арасын.

Душманды сүрүп өзүңдөн,
Коргогон сени Манасым.
Талаштан аты жаралган,
Таласым менин Таласым.

## Суусамыр

Суусамыр сулуу Суусамыр,
Өрөөнүң толо мал жатыр.
Гүлүңдү соруп аарылар,
Гүл жыттуу сенде бал жатыр...

Өзөндө суусу мол тура,
Суусамыр өзү зор тура.
Ысыгы жанды эриткен,
Ырыскы сенде толтура.

## Сагынам

Айылга барам айылга,
Ал деле турат жайында.
Сагынчым көөдөндө турган,
Санаам бар сенде калууга.

Кайрат кылам, арт жагыма кылчаямын,
Өткөргөн күндөрүмө сыр саламын.
Өңүмдө ата-энемди көрбөсөм да,
Мээримине алардын курчаламын.

Иштеп кеткен жерине үңүлөмүн,
Ийилип эшигине жүгүнөмүн.
Отурган ордунарды көрүп алып,
Ой толгоп, чачыраймын, бөлүнөмүн.





















**Күмүшбектин жубайы Гулмира неберелери менен**

## Баатырга

***(Сейдесанов Күмүшбекке)***

Кырк бештен жаңы ашканда,
Элүүгө кадам басканда.
Канкордун огу тийди го,
Кантели кудай жазганда.
Эл үчүн кызмат кылсын,- деп,
Сени да эне тапкан да.

Акыйкат издеп бийликтен,
Өлкөнүн ичин чириткен.
Шейит кеттиң иничек,
Үй бүлөлүк чириктен.
Атыңар калды тарыхта,
Эстешет журтуң бириккен...

Баатыры болуп кыргыздын,
Жашагын иним түбөлүк.
Унутпай эстеп дайыма,
Куран окуп жүрөлүк.
Мазарың да ар дайым
Жаркырап турсун гүл өнүп.

**Аман Орозалиев, Талас шаары**

## Жаралуу экен жүрөгүң

Ооба, Күмүш сендейлер өтө сапалуу,
Ооматын журттун ойлогон жүрөк жаралуу.
Жулунган бийлик, жаныңды сууруп кетишти,
Жубайың калды, балдарың менен каралуу.
Жүрөккө толгон ырларың калды артында,
Жүзүңдө абийир, кадырың калды калкында.
Жибитип жанды, эл дедиң соңку мүнөттө,
Жигиттик кылдың Күмүшбек Кыргыз салтында.



Ооба, Күмүш сендейлер аздыр билбедик,
Ок тийген баатыр болдуңар неге иргелип.
Жүрсөң го тирүү, арабыз толуп чачырап,
Жүзүбүз салкын, жүрөктөр ооруп зилдедик.

Билинбеген билимдүү Жан экенсиң,
Бийиктигиң чокудай бар экенсиң.
Сылык – сыпаа тууганга боорун берген,
Сыймыктанчу жубайга жар экенсиң.

Жаралуубу жүрөгүң, жаркын беле,
Жабык маанай, табылбас алтын беле.
Жанын бердиң кыргызга бир ойлонбой,
Жакшы көрүп унутпайт калкың деле.

Ысык экен маанайың өчүрдүң го,
Ыйык жерден жаныңды көчүрдүң го.
Кайнап турган жашоондон кечип кеттиң,
Кандай кылдык, каралдым өкүндүң го.

**Эх балдар, таңды тоспой ок тостуңар**
**Эл үчүн акыреттен достоштуңар**
**Аянтта, апрелдин жетисинде**
**Асманда турна болуп коштоштуңар!**



**Үсөн улуу Дастан**
**(01.01.1990 – 07.04.2010)**



1990-жылы 1-январда Талас областынын Кара-Буура районунун Бакыян айылында туулган. Дастан болгону жыйырма жашта эле. Кыз жандап жүрөөр мындай жигиттердин жаштык учуру кыйын кезге туш келип калды. Эч жакты карабай, бийлик жерин, байлыгын текейден арзан сатып, кыргыз элине кыянат иш көп болду. Дастанга окшогон эр-жүрөк жигиттер ушул жеңиш үчүн өмүрүн бергени эч кимдин эсинен кетпейт. Канкор бийликтин аткан огу анын омурткасын жаралап, ошол жараатынан көз жумуп кеткен. Дастандын сөөгү Талас областынын Кара-Буура районун Бакыян айылына коюлган.

Жыйырма жашка жетип жетпеген, балдыркан өмүрүндө Дастан тууралуу жүрөктү толкуткан ысык сөздөрдү өзү менен чогуу жүргөн классташ балдарынан уктум. Дастандын ата-энеси далай жылдан бери Казакстанда эмгектенет экен, алар менен баарлаша албадык. Дастанга кудай акыл-эс, өң-түс, ак жүрөк берген экен, аман жүрсө кыргызга камчы сап болчу жигиттерден болмок, тилегине жетпей жок болуп калганына көз жашы кылып отурдук. Дастандын Талас районунун Көк-Ой мектебинде бирге окуган Атай Тогонбаев менен Эмил Канатбеков деген балдар күйүп отурушуп эскеришти. Мончоктой болгон дос балдары улам бир кылыгын айтып, улам эле анын бир жакшы сапатын айтып түгөтпөй жүрөктөрү ооруп, күнөөлүүдөй ылдый карап эскерип отурушту.

– Дастан чын эле өзгөчө болчу, биз менен жетинчи класста окуган, ата-энеси Казакстанда иштеп жүргөндүктөн Дастан да кошо кеткен. Үч жылдан кийин кайра келе жатканда Кубатбек деген классташ баласы тосуп алганда көргөн окуясы, Таластын жерин кучактап жерди өпкөнүн, топуракты жыттаганын убагында биз түшүнгөн эмеспиз. Өзүмдүн жериме жер жетпейт, силер билбейсиңер балдар, мен эми өз жеримден эч жакка кетпеймин. Ата энем өздөрү деле иштей беришет, чоңоюп калдым Таласта эле болом деп койгон. Ал түгүл Дастандын апасы Нуржамал Казакстанда врач болуп иштеп жүрүп, Таласка келип үйүн сатмакчы болгондо Дастан аны саттырбай, өзү ремонт жасап алып калганын дагы классташтары айтышты. Дастандын мүнөзү жадыраган ачык-айрым, сөзгө, достукка бек, айтканынына турган, саясатка кызыккан, чындыкка тик караган, бала болсо да чоң адамдардай баардык ишке олуттуу мамиле жасаганы, чөйрөдөгү өйдө-ылдыйга кайдыгер карабагандыгын классташтары эскерип жатышты. Дастан билимге аябай ынтызар эле, Бишкектеги КГУСТАнын энергетика факультетине тапшырганда да, элге энергетик аябай керек, биз келип ушул тармакты оңдобосок ким оңдойт деп калчу. Дастан окуп да иштеп да жүрдү. Өзү иштеген корпорацияда

товар боюнча агент болуп иштечү, ошол күнү иштеген жеринен чакырса телефону жок болуп барбай калат. Түштөн кийин жанында жүргөн балага "Жүрчү эл аз болуп жатат көрүнөт, эки киши болсок да жардам болсун, баралычы, элге жардам берели" деп жанындагы баласы менен жетелешип Ак Үйгө жете келгенде эле Дастан алдыга кирип кеткендигин айтышты. Согушта жоого кирген баатырдай элес калтырган, он гүлүнүн бири ачыла элек, күлүс балага ар кимибиз жүрөгүбүздөн гүл коёлу!

Дастандын атасы Үсөн мага кечирээк жолукту, сабырдуу жөн билги адам экен, капалыгын ичине катып колуна кармай келген Дастандын сүрөттөрү менен дагы бир барак маалыматты берди. Пендечилик сөз курдук, ичинде от болгон кайгысын билдирбей, мындан ары мамлекетибиз эле оңолуп кетсе экен деген тилегин билдирди.

## Дастан чолпондой уул элең



Үсөн уулу Дастан атына заты келишкен токтоо мүнөзү бар, келечектен көптү үмүттөндүргөн максаттары бар, эне сүтү оозунан кете элек жаш наристе таза сезими, коом үчүн, эли үчүн жаркылдаган жигит, бир күйүп студенттик турмушту баштан кечирип, окуу менен алектенип, ата-энесинин үмүттүн аткарам келечекте мыкты кадр болом, элим үчүн кызмат кылам, окууну бүтсөм деген ой-максаттарына жетпей чолпон болуп жанып жаш кырчындай Дастан жалп деп өчтүң. Сенин убалың арбагын Бакиевди уктатпасын канча деген улуу элибиздин уулдарын канын ичип кеттиң. Бакиев сени арбактар урсун ылайым! Дастан болуп элиң үчүн курман болдуң! Дастан сен чыныгы улут үчүн, мекениң үчүн жаш жаныңды курман кылдың. Сенин эрдигиң туулган айылын барандуу Бакыян айылын сени менен сыймыктанат! Сен ата-тарбия алган тартиптүү мекенчил уулсуң Дастан. 7-апрель кандуу күнү курман болдуң!

Арбагын ыраазы болсун! Артында калайык калкың бар, агайын туугандарың бар. Сен элдин уулусуң, кыргыздын баатыр кулунусуң! Айла жок, эл башына каран күн түшкөндө, эл эркиндиги үчүн шейит болдуң. Сенин өмүрүң кийинки муундарга сабак болсун! Сенин менен



биз, тууган айылың чексиз сыймыктанабыз! Сенин тирүү арбагың эч качан унутулбайт! Атыңа затың келишип дастан-баян болуп, эл оозунда айтылып калдың. Атам замандан кыргыз жигиттери канжыгага баш байлап, душманга тике барган, сен ата-бабалардын жолун жолдоп, түбөлүк унутулгус эрдик жасадың. Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун! Сага окулган куран бешенеңе шам болуп күйүп, жарыгын чачып турсун!!!


*Батма БАЙЫМБЕТОВА,*
*Бакыян айылы*



**Дастан атасы – Үсөн, апасы – Нуржамал жана бир туугандары**



**Дастан апасы Нуржамал менен**









## Дастанга

Айланайын Дастаным,
Ачылбай гүлүң соолуду.
Таластын баатыр уулу деп,
Тарыхка түшөр жоругу.

Мөлтүрөгөн Дастаным,
Мөмөңдү төкпөй үзүлдүң.
Улуу экен сенин сезимиң,
Уулум сени түшүндүм.

Жадыраган Дастаным,
Жаңыдан аткан актаңым.
Ата-эне, Ала- Тооңду,
Аябай неге таштадың.

Жүрөгүң гүлбү Дастаным,
Жүрсөң го тирүү сен деле.
Жан дүйнөң жайнап ачылып,
Жарыкка жаңы келди элең.

Футболуң тээп ойнобой,
Бурулуп бизди ойлобой.
Эх чиркин, атып салышты,
Эркиндик заман орнобой.



Кол тобуң ыргып ойнобой,
Кокуй күн бизди ойлобой.
Канкорлор атып салышты,
Калыс заман орнобой.

Жаз элең жаңы көктөмдөй,
Жаш кезиң калды өткөрбөй.
Агарып турган жел кайык,
Адашып кетти чөккөндөй.

## Арман

Арман, арман, арман ай түгөнбөгөн,
Ары жагы көбөйүп түмөндөгөн.
Аппак гүлүң бат эле соолуп калып,
Азабына ар жанды жүгөндөгөн.

Арман, арман, арман ай көңүлдөгү,
Айдын нуру тумандап көрүнбөдү.
Мени кыйнап өмүрүм өтөөр бекен,
Мелт-калт этип кайгынын төгүлмөгү.

Арман, арман, арман ай башымдагы,
Алдырдың ээ балаңды кашыңдагы.
Бороон бастап, нур төккөн күндү көрөөр,
Болор бекен күйүттүн басылмагы.

***

Бейкуттугу үчүн кутман жеримдин
Келечеги үчүн кыргыз элимдин
Эл жери үчүн канын төгүп жан берген
Эрдигиңе таазим кылам кыргыз Элимдин!



# Сатыбалдиев Бекбосын Мадинович (08.03.1961 – 07.04.2010)



Сатыбалдиев Бекбосын Мадинович 1961-жылдын 8-мартында Казак Республикасынын Жамбыл областынын Жуалы районунда туулган. Атасы Сатыбалдиев Мадин, апасы Сатыбалдиева Жумагүл дагы карапайым жумушчу болуп, коңшу казак айылында иштешкен. Ошол жерде бул үй-бүлөнүн бир кыз, эки уулу төрөлгөн. Андан кийин, Талас областынын Кара-Буура (мурдагы Киров) районунун Шекер айыл өкмөтүнө караштуу Арчагул айылына туугандарына келишип, Мадин ата механизатор, Жумагүл апа тамекичи болуп эмгектенишкен. Бул жерден дагы уул, кыздуу болушкан. Мадин ата, Жумагул апа 3 уул 5 кыздуу болгон көп балалуу ата-энелерден. Бекбосын үй-бүлөнүн үчүнчү баласы. Сатыбалдиевдер айылдагы эл сыйлаган, кадыр-барктуу үй-бүлө. Атасы менен энеси бул дүйнөдөн өтүп кетишсе дагы, айыл тургундары дайыма эстешип турушат. Бекбосын 1968-жылы Арчагул башталгыч классынын 1-классына кирген, Ч. Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасындагы каарман. Дүйшөн агайдын мектебинен билим алган. Мектепте окуп жүргөндө эле, мүнөзү оор басырыктуу, классташ балдар, кыздардан жардамын аябаган, пейили кенен, эч кимдин көңүлүн калтырбаган бала болчу. Карапайым үй-бүлөдө өскөндүктөн, тырышчаак эмгекчил эле. Кандай гана тапшырма бербесин, аны аягына чыгара так аткарчу.

1976-жылы Арчагул 8 жылдык мектебин аяктап, Жоон-Дөбө айылындагы №13 кесипчилик-техникалык окуу жайына тапшырып, тракторист-машинист кесибине ээ болот. Андан кийин алыскы Белоруссия жергесинде Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Кызмат өтөп келгенден кийин өзүнүн чоңоюп өскөн “Шекер” колхозунда тракторист болуп иштеген. Ошол кездеги бирге иштешкен кесиптештери анын эмгекчил, жумуштун майын чыгара иштеген инсан катары эскеришет. Андан кийин 1982-жылы мурдагы Фрунзе шаарына келип, контроль-өлчөөчү приборлор заводунда эмгектенет. 1985-жылдан баштап Фрунзе шаарындагы үй куруу комбинатында өмүрүнүн аягына чейин иштеген. Дарак бир жерден көгөрөт дегендей, карапайым жумушчудан баштап, мастерликке чейин жетет. Жамаат арасында кадыр-баркы чоң эле. Окко учуп каза болгондо, бирге иштеген жамааты элге куран окутушкандыгын айта кетпесек болбойт. Бекбосын билимин жогорулатуу максатында, алгач Фрунзе политехникалык институтунун даярдоо курсунда окуган. Шартка байланыштуу окуусун уланта албай калган. Кийин Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетине сырттан тапшырат. Өмүрлүк жары Нуржан экөөнүн баш кошконуна 25 жылдын жүзү болгон. Экөөсү 2 уул, 1 кыздуу болушту. Улуусу

Мирлан дагы атасынын жолун жолдоп Кыргыз мамлекеттик курулуш-транспорт жана архитектура университетинде окуду. Кийинки эгиз уул-кызы Нурлан менен Нургул Э.Алиев атындагы Ички иштер министрлигинин академиясында билим алып жатышат. Келечекте мекенибиздин тартип сакчылары болгулары келишет. Балдар, кыздарынын жакшылыгын көрөөр мезгилде, бакиевчилердин огунан каза таап жер кучактап жатып калды.

7-апрель күнү курсант баласы Нурланды Ак Үйдү коргоого буйрук келип, ошол жакта курсанттар менен болушканын уккан атасы, баласынын үйдө кийген кийимин алып барып, баласын Ак Үйдөн алып чыгып кетем деп, жумуштан шашып жөнөйт. Ак Үйдүн аркасынан барып, баламдын кийимдерин ошол жактан берем деген. Туура ошол мезгилде Ак Үйдөн качып чыккан чыккынчылардын аткан огуна туш келет. Канкорлордо жүрөк болмок беле, балким аны бир чоң душман көрүп, атышкан окшойт.

Журналист Жазгүл Карбосова иликтөөсүндө үй-бүлөнүн өзгөчө бир жакындыгын жана тазалыгын чагылдырган.

## Күйүмдүү ата

Ошол күнү эртең менен жумушка кеткен. Саат экилерде "Нурландын кийимин дайында" деп чалды. Уулум формачан кеткендиктен, жөнөкөй кийимин пакетке салып сыртка чыксам, автоунаасын чаң ызгытып айдап келди. Минтип айдаганын көргөн эмесмин. Өңү купкуу "курткасын, шымын салдыңбы?" деп эле шашкан боюнча кетти. Акыркы жолу көргөнүм ошол. Ага чейин телевизордон Д. Үсөновдун, депутаттардын "тынч эле" деп сүйлөп аткандарын көргөм. Саат үч жарымда ОРТ каналынан Бишкекти көрсөтүп атат. Аянт түтүн, ок атылып атат. Уулума, кызыма "атаңарга телефон чалгылачы? Нурланга кеткен, эмне болду?" деп чалдым. Ошондо 4-курстун курсанттарына, 3-курстун курсанттары жардамга бараткан экен. Эки жактан толкуган элдин ортосунда 4-курстун курсанттары калып, жарадар болуп атканда, 3-курстун курсанттарына "Ак Үйгө киргиле!" деген буйрук берилип, Ак Үйгө киришиптир. Бир маалда "апа, атам келбей эле койсун. Мен Ак Үйдүн ичиндемин" деп Нурлан чалды. Бекболсундун телефонунун заряды өчүп, байланыша албай калдык.



## Брондолгон үч кара автоунаа...

Баян деген маршрутка айдаган жигит "Ак Үй жакка келмек деле эмесмин" – дейт. Жолдон эл тосуп, бир топ киши түштү да, "Ак Үйгө айда!" дешти. Аларды жеткирип, иним экөөбүз да, "көрүп кетели" деп келатсак, Ак Үйдөн үч кара брондолгон автоунаа чыкты. Эл бактарга жашынып, бери качышты. Бир элүү жаштан өткөн байке автоунаасынан түшүп, бери басып келаткан. Аңгыча кара автоунаалардын айнегин түшүрүп, жөн эле кетип бараткан элди атып өттү. Автоунаа өтүп кетти. Карасак байке жыгылып бараткан экен, чуркап келдик. Сүйөп-таяп, маршруткага салып, от алдырсам от албайт. Колундагы ачкычын берип, "тигил менин машинамды айда. Телефон номеримди алмаштырып алып телефон чал деди" дейт. Эң биринчи Нурландын номерин айтып, ага чалдырган экен. Апче, "күйөөм, уулум экөө жездеме Ак Үйгө кетти" деп чалды сиңдим. "Ай барышпасын, биздин коңшубуз Жылдыз байкени атып салыптыр" дедим. Коңшубузга ок тийип, каза болгонун укканбыз. Батага кирип, коңшулар сыртта сүйлөшүп турсак, кызым "апа, атама ок тийиптир" деп чуркап келди. Өзүмдү жоготтум, сиңдиме чалсам "ой, апче учкай эле тийиптир. Баарыбыз бул жактабыз. Жездемди оорукандан таппай атабыз. Сиз, үйдө эле отура бериңиз" деп койду. Уккан сон, кантип отурам. Калтырап-титиреп, Асылбек досун чакырып, аны менен Улуттук госпиталга бардык.

Нурланга атасы "ок учкай эле тийди" деп коюптур. Чини сержант болгондуктан, курсанттарды таштап кете албай, Ак Үйдө жүрө бериптир. Кийин врач телефон чалганда, кантип чыкканын билбейм, эл таш менен уруп атса да, формачан чуркайт. Правда, Бөкөмбаев көчөсүндө сиңдимдин үйүнөн кийимин алмаштырып, атасына жөнөйт. Биз барсак, өң-алеттен кетип, " атама мен үчүн ок тийди. Мага келбесе, мындай болмок эмес" деп өзүн күнөөлөп атыптыр. Сүрөтүн көтөрүп ары-бери чуркадык, жарадарлар көп. Өзүмдү жоготуп, реанимацияга чейин кирип кетиптирмин. Ал жакта да жок. Бир убакта Асылбек Нуржан кеттик, кеттик эле дейт. "Жакшылап карайлы" деп болбойм. Ошентип саат ондо операцияга жетпей каза болду деп угузушту. Ок аркасынан кирип, боорун талкалап кетиптир. Көз жумганча "Нурлан, Нурлан" деп атып үзүлүптүр. Издеп жүрө бербей, дароо тапканда мүмкүн тирүү калбаса да уулуна акыл насааттарын айтып калат беле?

Уулун эле ойлогондуктан, октон коркпой, өз өмүрүн унутуп койгон окшойт. Ушул уулум атасына куюп койгондой окшош, ак көңүл, боорукер. "Окуумду ташатайм" деп, окууга көңүлү келбей

калганда “атаңдын намысын корго” деп араң көндүрдүк. Ушул күнгө чейин өзүн күнөөлүү сезе берет.

## Карындашы Р. Сатыбалдиева эскерет:

Күн чыгыш менен күн батыш, түштүк менен түндүктүн так ортосунда асман тиреген кош чоку турат. Анын бири кыргыз элинини ханы Айкөл Манас, экинчиси дүйнөлүк адабияттын пайгамбары Чыңгыз. Ошол касиеттүү кош чокунун ар бир сайларынан мүрөктүн суусундай болуп куралган ар бир тамчы суулар биригип олтуруп күрпүлдөп агып Күркүрөө суусун түзөт. Күркүрөө суусу Шекер менен Арчагул айылынын ортосунан өмүр артериясындай болуп агып өтөт. Бир абадан дем алып бир суудан ичишкен ушул эки айылдын мазары да бир, базары да бир. Ушул эки айылдын ортосунда агамдын балалык чагы өттү. Мен ал кезде секелек кыз элем. Агам шаардан келген күнү мага чоң майрам эле. Агам шаардан 3 күнгө келээр эле. Мүнөзү аябай жумшак, катуу сүйлөбөгөн өтө жөнөкөй, көп акыл айтчу. Кийин үй-бүлөлүү болгондо да ичкен ашын жерге коюп, жумуш деп жүгүрүп жүрдү. Жакшы жар, камкор ата болду.Эх чиркин дүнүйө, ушундай болоорун ким билиптир, ким ойлоптур. Баскан жерин көргөнүмдө эске саламын. Маанайым түшүп кээде батам санаага. Антсе да агам менен сыймыктанам!

## Иниси Сатыбалдиев Бийболсундун эскерүүсү:

8 бир туугандын ичинен уулдардын эң кенжеси болдум, мата ата-энемден кийинки эле таянар тоом бир туугандарым жана агаларым эле. Алардын ичинен Бекболсун агам мени менен удаа болуп абдан жакын, камкор ага болду. Менин бөбөк кезимде ата-энем иштеринен бошочу эмес, атам тракторист, апамдын да жумушу көп анан мени акем караптыр, мени көтөрүп алып ыйласам да таштабай, койду да жайып мага да, жетишчү экен. Өзү деле менден төрт эле жашка улуу болсо да, боорукер экен. Кийин чоңойуп сабакка барып калганда 4-класска чейин сумкамды көтөрүшүп жүрдү да, анан окуп, армияга, Фрунзеге кетти. Үйлөндү, жайланды, балалуу болду, бирок менин жогумду толуктап турчу март киши эле. Эми мына алтымышка таяп, төрдүн көркү болуп, келин баласынын чайын ичип, менин кубанычыма күбө боло албады деп томсоруп олтурам.



## Коңшусу, чогуу иштешкен жолдошу Эркин:

Мен 1992-жылы “Азат” корпорациясына орношком мезгилде Сатыбалдиев Бекболсун менен таанышкам. Экөөбүз ал убактан баштап жакшы тааныш болуп, мамилебиз түз болду. Иш убагында ар кандай кызыктуу окуялар да болуп өттү. Эл катары биз да айлык таап үй-бүлөбүздү багып, өзүбүздүн милдетибизди аткарып жүрдүк. Бекболсун иш учурунда мастерлердин айтканын так аткарып, ишке тыкан мамиле жасачу. Жумуш бүткөн соң экөөбүз келки темирлерди ширетип жүрчү элек. Ал мени темир ширеткенге үйрөтүп жардам берген.

“Азат” корпорациясында иштеп жүрүп үйлүү болдук, кошуна да болуп калдык. Биз абдан жакшы кошуна элек. Келинчеги Нуржан менен менин келинчегим да жакшы аяштардан болушту. Бири-бирибиздин үйүбүзгө конок катары эмес, өз үйүбүздөй кирээр элек. Кыздарыбыз теңтуш курдаш болуп калышты. Кийин биз башка жакка көчүп кеттик. 2010-жылы апрель окуясында Бекболсундун каза болгонун угуп абдан жаман болдум.

## Бекбосындын мектептеги класс жетекчиси Эргешбаев Байызбек:

Бекбосын мектептин коомдук иштерине активдүү катышып, мелдештерде алдыңкы орунду ээлеп, Жамбыл шаарына экскурсияга барганыбыз али эсимде. Окуучулар арасынан Бекбосын орто окучу, бирок, коомдук тапшырмаларды так, өз убагында аткарчу. Үй-бүлөдөн жакшы тарбия алгандыктан, тартиптүү окуучу болчу. Кийин үй-бүлө күтүп, айылга келгенде дайыма учурашып, ахыбалды сурап турар эле.

## Бекбосындын жубайы Нуржандын эскерүүсү:

Бекбосындын эң бийик сапаты - адамдын көңүлүн калтыра албагандыгы болчу. Күнбү же түнбү жардам сурап кайрылгандарга колунан келген жардамын аячу эмес. Балпаңдап акыркы нанын бере салган неме эле. Турмуштун айынан окуусун таштап, куруучулук кесипти аркалап, күзөт жетекчиси, снабженец, мастерлик жумуштарды аткарды. Союз тараган кезде Бекбосын жумушта күзөттүн жетекчиси болуп иштеп калды. Союз тарагандан кийин завод ичиндеги эң керектүү темир тезектер, цехтер талап-тонолууга дуушар болуп жаткан кезде, түнкүсүн уйку бетин көрбөй күзөттө турган күзөтчүлөрдү улам-

улам текшерип турчу. Ошондо маанилүү обьектилерге көп көңүл бөлүнбөй калган. Анын да кайгысын жеп, күнү-түнү колунан келишинче сактаган. Азыр ошол ири завод иштеп жатат. Бул дагы Бекбосындын кызматында ак жана так иштегендиги. Үй алып, балдарын окутуп, анан кой болбойт экен деп кайра Кыргыз мамлекеттик куруучулук жана архитектура университетинде сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган эле. Ошондо элди күлдүргөнү эсимде, группамдагы эң картаңы мен экемин. Сабакка барып окутуучунун столунда олтургам, кирген студенттер

-Уруксатпы агай, – деп суранып кирип жатышты. Мен болсо ичимен күлүп, уруксат, киргиле деп олтура бердим. Бир студентти,

Эмне олтурасың? Досканы тазала! – десем досканы тазалай баштады. Аңгыча болбой окутуучунун өзү кирип келсе болобу! Эмне кылаарымды биле албай эле шашкалактап партаны көздөй учуп жөнөдүм. Группалаштарым түшүнө алышпай мени таң калып карап калышып, анан аябай каткырып күлүштү. Көрсө, алар мени окутуучу деп ойлошуптур деп өзү аябай каткырып күлчү эле. Анан мени группага староста шайлап коюшту деп барпалаңдаган. 2-курсту аяктап калдым, кудай буйруса 52 жашымда бүтөт экенмин, дипломумду аябай жууп берем го дечү. Кырсык болуп буйрубай калбадыбы.

Жай, ысык апта күнүндө Асылбек деген досунун бир жумушу менен барып, аны машинада күтүп турат. Машинанын каалгасын ачып коюп бутундагы жайкы бут кийиминин бир түгөйүн эшикке чечип коет. Асылбек кабагы бүркөө келип, кеттик десе шаша машинаны айдап жөнөйт. Бир топ узагандан кийин бутун караса, бир бут кийими жок. Түү, бир түгөй бут кийимим калып калыптыр дешип экөө тең каткырып күлүшөт. Бул окуядан да бирөөнүн кызыкчылыгы өзүнүн кызыкчылыгынан өйдө койгондугу көрүнөт.

Эскерип жаткан жубайы Нуржан Кудайбергенова күйөөсү атылган учурда 47 жашта экен. Улуу уулу Мирланды тээк кылып, али кичине эгиз балдары Нурлан менен Нургүлдү жетелеп, заманасы куурулуп, сыздап-боздоп, өзүм деле артынан кетип калайын деген жаман ойлорго кабылганын айтып отурду. Жаш балдары менен көрүнгөн квартираларда көчүп-конуп жүрүшсө да ошол убак өтө бактылуу экенин, анан калса жубайынын көп адамдарга кылган жардам-жаатын айтып сыймыктанат. Өзүнүн 8 бир тууганы бар, аларга да үйрүлүп тушуп мамилеси ынак болчу. Жамандык-жакшылыкта башында туруп, аянчу эмес. Кошуналарыбыздын кандай жумушу болсо да аралашып кол кабыш кылып, ажат ачканды жакшы көрчү. Кызы Нургүлгө эбедейи эзилип, дүнүйөдө эмне жакшы нерсе болсо



ошону алып бергиси келер эле. Көкүрөгүнө батпаган жакшы тилектери уулдарын үйлөп, кызын берип куда күтүп, небере жытын эңсечү. Кара-Буура районунун Арчагул айылында туулган. Бирок казактар менен иштешкен кайын аталарым "Бекбосын" деп казак тууганлардан документ алынганын айтчу. Ошентип казак агийиндер менен да мамилебиз үзүлгөн жок. Дайыма дүнүйөсү түгөл ар кимге кичине да болсо жакшылык кылганды адатка айландырган. Кайсы убак болсо да жадырап-жайнап турган бир гана Бекбосун жок, калгандары баары эле ордунда турат. Улуу баласы үйлөнүп Амина, Алина деген эки кыздуу болду, окуусун бүтүп кызматта. Берки балдар да өз тириликтери менен, жакын адамдары ар дайым эскерип, куран окулат.

Жакшы адам жөнүндө көп нерселерди айткым келет, бирок ар бир ушул жазылган эскерүүдөн жүрөгүң кайра ооруйт. Армансыз жашоо болбойт экен, жок дегенде уулдарын үйлөнтүп-жайлантып кызын турмушка берип, чоң ата, таята болуп небересин эркелетип калса не деп үшкүрүнгөн өмүрлүк жубайы Нуржан көз жашын сүртөт.

Баламды ажалдан алып калсам деп чымчыктай чыйпылдаган ата Ак Үй алдында баласын корголоп өзү жан таслим болду. Бекбосындын сөөгү Байтик айылындагы жайга коюлду.



**Жубайлар Бекбосын менен Нуржан**





Бекбосындын эжеси Анара, карындаштары жана келини












**Бекбосындын жубайы – Нуржан небереси менен**



## Ок тийбе

Ок тийбе менин балама,
Онтобо кокус садага.
Ажалдын тосом алдынан,
Ал окко өзүм барам-аа...

Кайып кет, тийбе жоголгун,
Каралдым алдың торормун.
Баламды коргоп мен калсам,
Бактылуу ата болормун.

... дедиңби неге ашыктың,
дем албай анча шашыпсың.
Канкорлор кайран атанын,
Калтырбай жанын атыпсың.

***

Атылгандар арбагы кыйнап турат,
Ата-энелер артында ыйлап турат.
Наадандыктан баштары өйдө болбой,
Наразылык сотторго ырбап турат.

Апрелдин жетиси тарых болду,
Атылгандар мүрзөдө карып болду.
Жол көргөзчү башчылар мукактанып,
Жооп бере албай жалдырап балык болду.

**КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕГИ ҮЧҮН КУРМАН БОЛУШКАН!**



# Назарбеков Казбек Казак уулу (27.02.1959 – 03.02.2011)



1959-жылы 27-февралда Ташкөмүр шаарында туулган. Атасы Назарбеков Казак Ташкөмүр шахтасында участкалык начальник болуп иштеген. Апасы Назарбекова Гулянда Казбектин 2 жашында каза болуп калган. Ал 1966-жылы Ташкөмүр шаарындагы Гагарин орто мектебинин босогосун аттаган. Мектепти 1975-жылы бүтүргөн. 1977-жылы Советтик Армияга чакыртылып, 1979-жылы эки жылдык мөөнөтүн аяктап келген.

Армиядан келгенден кийин Ташкөмүр шахтасында жумушчу шахтёр болуп иштеген. Шахтада иштеп жүргөн учурунда 1981-жылы үйлөнөт. 1982-жылы турмуш шартка байланыштуу Таласка көчүп келишкен. Таласка келгенден кийин Талас районундагы мурунку Бешташ совхозунда тракторист болуп иштейт. Турмуштун айынан Бишкекте жашап, анын тынч албаган көңүлү 7-апрелде Ак Үйгө алып барган. Ал деле жакшы жашоону эңсегенинен, чолпондой балдарынын келечегин ойлогонунан, өмүрү азап чегип, кара жумуштан өйдө боло албай, эл көргөн жакшы турмушту тезирээк көрсөм деген эңсөөсүнө жетпей калды. Ал болгону тынчтык менен чоңдорубуз сөз укса, талаптарыбызды айтсак, ушинтип куурабай турмушубуз оңолор деген ойдо эле. Мындайда суу жүрөк адам от жалынга бармак беле, Казбектин беттегенин бербеген көктүгү, көкүрөгүндөгү намысы ойгонуп, алдыңкы эр жүрөк жигиттерге аралашып кеткен. Аңгыча ураалап алдыда бара жаткан Казбек жалп дей түштү. Кан шорголоогон чала жан Казбекти тез жардам машинасына салып кетишти.

Казбек эки кыз, бир уулдун атасы. Коогаланда сол жамбашынан ок жеген, ошол октон саруулап жыл маалына жетпей, 2011-жылдын 3-февралында алган жаракатынын кесепетинен каза болгон.

## Казбек

Баргандын билет себебин,
Балдарга жашоо керегин.
Көпчүлүк менен аралаш,
Көтөрмөк болгон желегин.

Жабыла чабуул кириптир,
Жакшы эле сопсоо жүрүптүр.
Жалпыга кылса кол кабыш,
Жамбашка огу тийиптир.

Отура албай калганы,
Онтоого келбей дарманы.
Оо дүйнө алып тындыбы,
Ошол ок аны жайлады.

Ак Үйдөн атылган ок Казбектин жамбашын талкалап, он ай бою онтотуп төшөктө жаткызып, анан жанын алды. Таазим сага Казбек, эркиндикти сүйгөн тагдырың аянычтуу болсо да, урук-тукумуң аман болсун!

Казбектин артында ордолуу шаары калды, уулу Адыл, кызы Медина, жубайы Бурул кенже кызы Аида неберелери Шербет, Нургелди жана Ынтымак.

Басыгы оор, мүнөзү анын курчураак,
Байбичеси эсине салат буркураап.
Не болсо да Мекенине ыроолоп,
Небересин атын койгон Ынтымак.


кайран Казбек кайрылбай кеткени менен анын ордун баскан неберелери бой тартып дүпүйгөн дарактай анын тукумун улап келет. Жаткан жериң жайлуу болсун Казбек, кыргыздын 87 баатырынын 88-си болуп көз жумдуң, сени Кыргыз эли унутпайт.



**Казбектин жубайы – Бурул, уул-келини, неберелери**









# Рысбеков Таалайбек Кентонович (06.01.1959 – 09.06.2010)



1959-жылы туулган, жогорку билимдүү, үй-бүлөлүү, эки баланын атасы, "Ата-мекен" партиясына 2004-жылдан бери мүчө болуп келген, Талас районунун,Үч-Эмчек айылында жашаган.

2010-жылы Таластагы 6-7-апрелдеги революцияда жеген таяктын залакасынан улам эки айдан кийин 2010-жылдын 9-июнунда көз жумган. Ата-Мекен партиясынын эң активдүү мүчөсү жана Таластын жогорку зонасына партиянын координатору милдетин чоң жоопкерчилик менен аткарган чыныгы революционер экенин партиялаштары, айылдаштары, көргөн билгендер, туугандары жана жубайы Таштаналиева Бурмабү тастыкташат.

Бири кем дүйнө деген ушул экен, тилегине жетпеди, өзгөчө жанын үрөп, эч нерсеге карабай, кийинки убакта жалаң гана бийликти кулатуу үчүн жашап калган. Сөзүмдү укпады, үй-тиричиликке кылчайбады, мен бул бийлик кеткенден кийин гана үйгө каралашам, мага жолтоо болбо, аз калды чыда Букен, жакында Бакиевдин кара жолтой бийлигин кулатабыз, маңкурт болуп өтүп кетебизби, – деп, мени сооротуп коёр эле. Мен балдардын келечеги не болот, – деп, мени сооротуп коёр эле. Мен дагы ушул партиянын мүчөсүмүн. Көпчүлүк убакта пикеттерде чогуу жүрчүбүз. Ал караанын калдайтып, эл алдында дайыма микрофонду колуна алып жалындуу сөздөрү менен элге кайрылчу. Кан какшап абалдын улам начарлап баратканын, элдин турмушунун жакырланышын, электр тармагындагы баанын көтөрүлгөнүн, «үй-бүлөлүк» бийликтин зомбулугун айткандан тажабай айылдаштарына, тааныштарына канкакшап кайталай берээр эле. Район, областагы жыйындарда сөз сүйлөп, чындыкты айткандан түк тайманчу эмес. 6-апрелде түштөн кийин баягы согушту элестеткен вертолёттор Таласты каптап келгенде мени "Үйгө кет, сен чыдабайсың, аман болсом өзүм кабарлайм, жөнө" - деп, кетирип жиберген. Уйгу-туйгу болуп, үйгө келгеним менен уйку бетин көрбөй таңды атырдым. 7-апрелде таңга маал үйгө келди, бети-башы таанылгыс, үнү чыкпай калган, кызарып шишиген. Эс алгыдай убактысы жок, кайра эле дүрбүп араң турган элди уюштуруп Кууганды-Арал айылындагы топтолгон элди машиналарга салып, (таксисттер өздөрү деле элди бекер ташып жатышкан) дагы Талас шаарына жөнөдүк. Жол-белден улам агылган эл бизге кошулуп кербен тарта каарданган элдин тобунда бара жатканда да улам бирине тапшырма берип, баш-көз болуп жүрдү. Ошондо эле айткан сөзүнөн айный түшкөн учурларын байкап, жүрчү Таалай жаныбыздагы доктурга эле көрүнүп чыгалычы, сен жакшы болбой турасың жүрчү десем, кой уят, эми акырына чыгалы, аз калды чыдайын деп болбой койду. Айтканын бербеген көктүгүн жакшы

билген жаным доктурга көргөзө албасымды билдим. Жаны кашайып чыдабай, ар кайсыны сүйлөп жиберсе да оңдой коюп эч нерсе болбойт, мени тынч койчу, баары бүтсүн анан өзүбүздү карайбыз, муногу жексурларды жоготолучу дегенине да ишенгем. УВД өрттөнүп анын алдындагы А. Жапаровдун кымбат баалуу машинасы кошо өрттөнүп жатканда күйөөмдүн абалы абдан оор болуп, кирди-чыкты болуп турган, ошондо да колунан сүйрөп доктурга алып бармакчы болсом кайра мени урушуп салды, мен эмне кара жанымды ала качып доктурга жатып алайынбы, тиги жакта биздин балдардай болгон жылгындай жаш жигиттерди атып-кырып жатса, мен кантип жатып алам, өлгөн балдардан менин жаным артык бекен ыя, кой кичине чыдайлы, акыр аягына чейин турушубуз керек, деп көшөрүп болбой койду.

Таяктын залакасынан ооруусу күчөп кетти. Эптеп Таластын доктуруна алып барсам алар токтоосуз жатыңыз, башыңызда оору бар, кан басымыңыз өйдө, жүрөгүңүз да абдан начар дешти доктурлар. Анда да болбой азыр кантип жатып алам, башталган иш бүтпөй калбайбы. Али көп иш бар, алдыда моюнумда да жооптуу иш илинген. Эл менен иштешим керек, революцияны биз баштаганбыз, артка качпай биз бүткөрүшүбүз керек, өлгөн балдардын арбагы нааразы болуп калбайбы дегеничи. Аягына чыкпай артка кетмек белем, деп Бишкекке жөнөмөй болду. Абалы болсо өтө оор, калчылдап араң турган, эмне үчүндүр ооруп турганын билгизгиси келбедиби же сезген жокпу, билбейм, ошондо мен чырылдап борборго жөнөтпөй койдум эле, бирок, азыр ошого аябай өкүнөм деп Бурулбү бышактап ыйлап калды. Ошондо жөнөп кеткенде чыныгы эмгеги, ким экендиги билинип бир наамын алмак, жок дегенде арбагы ыраазы, эл ыраазы болбойт беле. Төшөктө жаткан убакта да бир аракет кылалычы, эл алган жеңилдиктеринен алып ден соолугуңа жумшабайлыбы десем, мен эмне акча алайын деп революцияга катышыпмынбы, араң турган мамлекетибизден эмнени дооламак элек, мени эч ким колумдан сүйрөп бийликке каршы чык деген эмес деп койгон. Эркектик мүнөзү бар эле ушундай, баса булардын тукумун баатыр деп коюшат айылдагы билгендер, илгери рахматы кайын атам Кентон аюу менен күрөшкөн окуясын жомок кылып айтышат, ал киши да баатырдык мүнөзгө салып ошол кармашта эки бөйрөгүнөн запкы жеп оорууну ошол аюу күрөштөн тапкан дешет эл. Көрсө, Таалай эч кимге айтпай жаны аябай кыйналганда айылдагы медсестрага барып укол сайдырып алчы экен, аны мен кийин уктум. Азап тартып башына жеген оор таяктын запкысынан улам эки айдан кийин кайтыш болгон жубайымдын ак эмгеги, эл үчүн берген өмүрү эч нерсеге татыбай калды. Баатырларча



наам алган жок, жеңилдиктерге да илинбеди. Элден айланайын, баары эле Таалайдын эл үчүн өлгөндүгүн эскерип айтышат, бирок, уул, кызым жана өзүм өзүбүздү четте калгандай абалда сезебиз. Кайтыш болгондон кийин кара жамынып үйдөн чыкпай отуруп калдым, жок дегенде эртерээк справка чогултуп аракет кылсам болмок экен, - деп, табиятынан жоош-момун жубайы өкүнүч менен өксүп отуруп, деги чындыктын көзү жылтырап бир биз үчүн бир көрүнөөр бекен деди. Бул китепке да кирбей калышы мүмкүн эле бирок, өзүнүн кайгысы тоодой болуп турса да далбастап маалымат чогултуп, Бурулбүбүнү мага жөнөтүп, эр жүрөк Таалайбек Рысбековдун арбагын сыйлаган Таштакеева Кишимжан болду.



**Таалай жубайы Бурма менен**









## 2010-жыл, 6-апрелдин кечи Таластагы Ак Үй







## Таалайга

Көтөрүп элди алгалап,
Көрүнгөндөрдү арбалап.
Ошондо сенин абалыңды.
Көргөндөр азыр таң калат.

Милийса турса жолуңда,
Микрофонуң колуңда.
Алгалай бердиң элиңди,
Алдыра бербей ооруга.


Жаныңа такыр карабай,
Жан-дүйнөңдү жаралай.
Эс эңгиреп турсаң да,
Эл менен жүрдүң аралай.

Эл деген эңсөөң бар эле,
Эл үчүн жаның зар эле.
Мээнети кайтпай калабы,
Мен үчүн мыкты жар эле.

Ажалга тике караган,
Ар-намыс үчүн жараган.
Кут элең сени жоготтум.
Кутулбай калдым санаадан.

Кулакты салчы өкүмөт,
Куураган жесир өкүнөт.
Намыстуу баатыр Таалайга,
Наам бер деп өтүнөт.

# Апрель баатырларын акындар даңкташат



## Тагдырдын жолу Таластан

Тарыхыбыздын каймагы.
Даңкыбыздын байрагы.
Атабыз айкөл Манастын.
Ак жылдыз болуп таңдагы.
Тээтиги Эчкили тоонун үстүнөн,
Карап турат арбагы.
Ошол касиеттүү арбакты,
Калкалап кир жугузбай,
Айкөл Манас ураанын,
Булгалап көккө көк туудай,
Кара жанды карч урган,
Капсалаңдуу кармашта,
Карап турган арбактын,
Каарына калбаска.
Жашы менен карысы,
Жигит-кызы баарысы.
Буудайык куштай чабыттап,
Буудандай болуп арыштап.
Спорт болсо спорттон,
Өнөр болсо өнөрдөн,
Жер менен эл намысын,
Жүрөгүнө туу тутуп.
Желек сайып, байге утуп,
Туйгун болуп төрөлгөн.
Жеңилбестен жеңишип,
Сый-урматка бөлөнгөн.
Кечээ, атам Манас айкөлдүн,
Кароол дөбөсүн казганда.
Тоо кумсарып, сумсайып,
Куш учпай калган асманда.
Дабышы көккө угулгун.
Дайрабыз үнсүз акканда,



Күйбөгөн жер күл болгон.
Кийин, Каркыраны сатканда,
Ал, кубат жетпей басканга.
Атабыздын арбагы,
Аян болуп, түш болуп,
Толкуну тоодой эл-журттун,
Ар-намысын козгогон.
Козгоп эле тим болбой,
Жөлөп-таяп колдогон.
Мына ушинтип Таласта
Апрель айдын алтысы,
Көтөрүлүп жалпысы,
Жаңы бийлик орногон.
Жөн жерден көл чайпалбайт.
Тоону бузар толкунун,
Жиберип койуп кайта албайт.
Жөн жерден жер силкинбейт.
Калыстык хандан кеткенде,
Калк ишеничи өчкөндө,
Көп биригип көл болот,
Көл толкуса сел болот.
Кара өзгөй ханды жоготкон,
Ошол кайраты жанган эл болот.
Ошол айкөлүңдүн кырк чоро,
Арасынан бирөөсү,
Кыргыз үчүн азыркы,
Аман калган өңдөнүп,
Көкүрөгүндө кан кайнап,
Көктү карай айгайлап,
Өзүнөн-өзү шерденип,
Көк жал Болот аталган.
Көпчүлүктөн бата алган.
Баатыр Болот аталган.
Байдыкенден бата алган.
Болоттой болгон жаштарга
Болот Шер жүргөн дем берип...
Таанымал элдин жакшысы,
Талашта акыл тапкычы.
Атын уккан тиленет
Артылсын деп бактысы.

Кыргыз деп күйүп жүрөгү,
Кыргыз деп жанып тилеги.
Кырык уруу кыргыз ичинен
Кыялы башка бөлүнгөн,
Кылкылдап чыкса аянтка
Кырк чородой көрүнгөн.
Намыска шиpeп жүрөгүн
Баарынан башка жараткан.
Бак апкелчү кыргызга
Байсалдуу жолдор ар убак
Башталып келген Таластан.
Бул жол менен Алтайдан
Айкөлүң Манас – Күн келген.
Ак калпак кыргыз элине
Айбат, кубат сүр келген.
Түшүнгөнгө төлгөдөй,
Сегиз канат сексен уук,
Каныкей энең көтөргөн
Ак тилектүү өргөөдөй.
Күбүрөп айткан ичинен
Түбү жакшы келмедей.
Теңирим өзү колдогон
Терип айткан термедей.

Эртең алга жылышта
Бир бириң менен урушпа.
Айкөлдүн жолу апкелет
Элди таалай, ырыска.
Ошондо, обого нуруң чачырап,
Ой-тоого бакыт чачылат.
Оомийин дейин эмесе,
Ошол күн келсин батыраак.

***Анатай Өмүрканов,***
***Кыргыз эл акыны***



## Дүйнөнү дүңгүрөткөн эки күн



### 6-апрель

Тагдырын сайып Таласым,
Бийликтин чукуп жарасын,
“Байлата коймок белек” деп
Болоттой өткүр баласын,
Чагылган болуп заматта,
Чайпалты тоонун арасын.
Алакан чаап алгандыр
Анда бир айкөл Манасым.

Ашкере баалап чамасын,
Аткан ок булгап абасын.
Алтысы күнү майданга
Айланды кайран Таласым.
Кутурган дөлөңгүттөрдөн
Куткарды эли баласын.
Мактанып алган чыгаар дейм
Мында бир айкөл Манасым.

Апрелдин алтысы-
Азаттык күндүн жарчысы.
Ажалдан кайра тартпаган
Атактуу Талас калкы ушу.
Бектери качып, эл калып,
Белгилүү андан аркысы.
Мууну бошоп Бакиев,
Мурдунан чыккан мантысы.

Көөдөнсүз билбейт келкелин,
Кор адам сүйбөйт эл-жерин.
Темирдей коргон курса да,
Туруштук бермек элге ким.
Кадырлай албай Закирдан
Капилет бийлик келгенин,

Алыста кепшеп олтурат
Ак орус берген пельменин.

Атаңдын көрү дүнүйө,
Арманын айтмак кимине.
Асманга колу жеткенсип,
Алкымын тыйбай ириде,
Ачылып кеткен арааны
Акыры жетти түбүнө.
Беш-алты тууган ичинен
Бербептир акыл бирине.

АТалас эмне, Таласым
Таңдан кеч багып талаасын
Милдетин артпай эч кимге,
Жаңыртып чакан калаасын,
Туулган жерим, элим деп
Тумардай сактап Манасын,
Өлкөмө издей бермекчи
Өсүштүн изги дабасын...

## 7-апрель

Калайык-ай, калайык кандай кылам?
Көз жашымды токтото албай турам.
Кан жуттуруп калкыма ок жаадырган
Канкорлорду кайталап каргайм улам.

Каргайм улам кайталап, каргайм улам,
Кайышууда кабыргам ал кайгыман.
Колум жетпей жатпайбы кокосуна,
Кагылайын калкым –ай, кандай кылам?

Кайдан билмек канкорлор убалыңды,
"Кыргызым" деп кыйкырып куладыңбы?
Какшап-боздойт энелер, катыгүн-ай,
Кайда барып жашырам кулагымды?!
Жексур бийлик аттың го, атмак элең,



Же чыкпаптыр бири да "Атпа! " деген.
Жашырайын кулакты ыйдан качып,
Жүрөгүмдү каякка катмак элем.

Билбейт тура абийирдин соту барын,
"Буйрук берген жокмун" деп отурабы?
Боздотконго өз элин каргыш тийип,
Буйрубасын кыргыздын топурагы!

***Тургунбек Бекболотов,***
***Байдылда Сарногоев атындагы эл аралык адабий сыйлыктын ээси***

## Эненин ыйы

*(7-апрелде Ак Үйдүн алдында уулу атылып,*
*курман болгон энекин кошогу)*



Колумда кыргыз комуздун
Кылдары боздоп турбайбы, журтум.
Кылымдарды карытып келген,
Кагылайын калкым ай,
Менин какшаган үнүм тынбайбы, журтум.

Оо, бүгүн Ала-Тоо чөгүп жер болду, журтум,
Армандуу соккон жел болду, журтум.
Токсон беш уулун алдырып колдон,
Кайран күн ай,
Энелер жашы сел болду оо, журтум!

Ысык-Көл толкун чайпалды, журтум,
Көзүбүз жашка чайкалды, журтум.
Солкулдап турган кырчындай болуп,
Жигиттер күлгүн жайрады, журтум.
Жоготкон уулун энекин мендей,
Катып бир калды таңдайы, журтум.
Жалгызынан айрылган менин,
Тайкы беле маңдайы, журтум.

Кара бир чачым агарды бүгүн,
Кара бир көзүм кашайды бүгүн.

Жарык бир күнүм карарды бүгүн,
Калдайган элим өзүндөн бөлөк,
Менин карманар тоом калабы бүгүн.

Канкор бир каның кан төктү бүгүн,
Канча бир эне жаш төктү бүгүн.
Энелердин какшаган үнү,
Кагылайын калайык ай,
Жарып бир турат жер көктү бүгүн,
Жаралап турат жүрөктү бүгүн.

Баламдын жазыксыз каны төгүлдү, журтум,
Жалындап ичим сөгүлдү, журтум.
Жалп эте түшүп атылган октон,
Жалгызым элден бөлүндү, журтум!

Ак үмүт арткан Ак Үйүм бүгүн,
Ажал бир бүркөн ок болду, журтум.
Акыйкат издеп барам – деп,
Айнектей балдыр жок болду, журтум!

Калкынын камын көрөт деп жүргөн,
Үмүттөр бүгүн таш капты, журтум.
Кандай бир өчү бар эле
Балдарды мээлеп башка атты, журтум!

Төңкөрүш жасап көтөргөн колго,
Ишеничи элдин сууга акты, журтум.
Убайга жетип калганда
Уулумду жалгыз сулатты, журттум!
Пендеге жакпас иш жасап,
Курманбек бизди кууратты, журтум!

Куураткан калкын тактыбы, журтум,
Такты эле анча бактыбы, журтум.
Курмандык чалып ийгидей элин
Курмандек жаны таттыбы, журтум.
Элинен бийлик артыкпы,
Четинен чилдей аттыбы, журтум.



Арылбайт эми арманым, журтум,
Азабын тартып каламын, журтум.
Ааламды бүтүн кезсем да,
Ак уруп тентип кетсем да,
Баламды кайдан табамын, журтум!

Батадан бүткөн каралдым, журтум!
Эми карaанын кайдан табамын, журтум.
Жаркылдап турган жайдарым менин,
Жазданып жерди жатабы, журтум!
Мазарлап жүрүп тапты элем, журтум,
Бапестеп жүрүп бакты элем, журтум.
Кан кусуп кана калгыр ай,
Кандайча өчү бар эле,
Канкорлор мээлеп атты эле, журтум!

Канатым сынып кайрылды, журтум,
Каралдымдан айралдым, журтум.
Каран күн түшүп башыма бүгүн,
Кайгынын айылын жай кылдым, журтум!

Боздоп бир турган энеңмин, ботом,
Ушунадай беле тилегим, ботом.
Кудайым берген белегим, ботом
Кулап бир түштү желегим ботом.
Көзү ачык кетти ачылбай гүлүң
Укпапайсың үнүн энеңдин, ботом.

Кан жутуп турган энемин, ботом
Кайгымды кантип жеңемин, ботом.
Каралдым сени караңгы көргө
Канткенде чыдап беремин, ботом.

Боздоп бир турган энеңмин, ботом
Боорумду тилип эземин, ботом.
Бой жеткен кезде канткенде сени
Бозоргон жерге беремин, ботом.

Армандуу жашты төгөмбү, ботом,
Азабың тартып өтөмбү, ботом.

Алтындай болгон кулунум сени,
Ай тийбес жерге беремби, ботом!
Күйүттү жашты төгөмбү, ботом,
Күйүтүң тартып өтөмбү, ботом.
Кулгүндөй болгон кулунум, сени,
Күн тийбес жерге беремби, ботом!

Сени тилеп бир жүрүп тапты элем, ботом,
Тырмкатай кезден бакты элем, ботом.
Тирегим бол деп айтты элем, ботом,
Тирүүлөй элдин курманы болдуң,
Куураган мендей куу баштын,
Тилеги ошол кайттыбы, ботом!

Тилегим минтип каттыбы, ботом,
Кайгыга энең баттыбы, ботом,
Каралдым менин кайрылгыс болуп,
Караңгы көргө жаттыбы, ботом!

Элим деп соккон жүрөгү,
Жигиттер кетип шейитке
Ата-Бейит армандуу,
Айланды бала бейитке.

Жалындап турган жигиттер,
Жаштайында жайрады.
Ата-Бейит жанынан,
Балдары барып жай алды.

Аталардын арбагы
Армандуу башын чайкады, журтум.
Жылгындай болгон жигиттер,
Жандарына барганда
Кашайып кетти жандары, журтум.
Кара бет болуп өлгүн – деп,
Канкорлорду каргады, журтум.
Жер-сууга батпай калгын – деп,
Жексурларды каргады, журтум.



Аталар башын көтөрдү бүгүн,
Элинин угуп армандуу үнүн.
Асман да ыйлап жаш төгүп турду,
Кайгыга батып, бозортуп түрүн.

Сай-сөөгүм сыздап болкулдайт, журтум,
Сөгүлүп ичим солкулдайт, журтум.
Ай, Күндү алып берсе да,
Алтынга мени көмсө да,
Эч нерсе,
Уулумдун ордун толтурбайт, журтум!

Шордуу бир ушул эл белек, журтум,
Шойкомдуу күнгө тең белек, журтум.
Кан жуткуруп, какшаткан элин
Кайрымсыз канга жем белек, журтум!

Бийлигиң менен жерге кир сенин,
Карайсың кантип элиңдиң бетин.
Башыңды катып карайлап качтың,
Баса албай эми Мекендин четин.
Эл насибин артынып кеткен,
Байлыгың болсун өзүңө кепин.

Калдайган элдин каргышы тийип,
Кардыккан үнүң угулбай калсын.
Тартып алган насибин журттун,
Уурдалган мүлкүң буйрубай калсын.
Уктатпай сени уулумдун каны,
Узатпай сенин башыңа барсын.
Кан кое бербейт айыпсыз аккан,
Кудайым өзү эсебин тапсын.
Кантейин уулум артыңды берсин,
Артыңдан эми акыйкат келсин.
Калдайган элдин тилеги келип,
Жамандандык ишти жакшылык жеңет.
Эл үчүн окко жүрөгүн тоскон,
Элиңдин уулум курманы сенсин!

Кайгы, муң эми басылсын, журтум,
Бакытың эми ачылсын, журтум.
Кут конуп эми кутмандуу элге,
Жакшылык нуру чачылсын, журтум.

***ГҮЛСАЙРА МОМУНОВА,***
***Кыргыз Эл акыны***

## Акыйкат издеп ажал тапкан баатырларга реквием

Боорум кыргыз,
Миң бүктөлүп жазылдың,
Ушул жазда жоогазындай ачылдың.
Көктөм болуп, кызга сүйүү арнаарда,
Көркоолордун мылтыгынан атылдың.

Жаралгандан жакшы жашоо көздөдүң,
Көргүң келчү элиң гүлдөп өскөнүн.
Алкымы чоң башчылардын айынан,
Жумушуң жок сандалуудан мөгдөдүң,
Өмүр бою жакшы жашоо көздөдүң.

Ичип жешти элдин мүлкүн ошолор,
Тоюнганда тыйылаар деп күттүңөр,
Тоюп бүтпөй жерди сатып киргенде.
Айласыздан тиштендиңер түттүңөр.
Чыдамыңар кете берип бүттүңөр.

Чыдоонун да болот тура ченеми
Чыркыратып боздотушту энесин.
Жанга баткан кордолуунун айынан.
Жазыксыздар окко тосту денесин.

Боорум Кыргыз!
Сен бийиксиң, баатырсың.
Кылчактабай алдыга түз караган.
Чындык үчүн тике туруп тайманбай.
Таш сепилди талкалоого жараган.



Боорум Кыргыз!
Урпагысың Манастын
Жөпжөн эле келбейт чырга жанашкың
Эсиришип кан көксөгөн көркоолор.
Эбин тапты бейкүнөө элди камаштын.

Боорум, Кыргыз!
Бар эле аппак тилегиң,
Оңой менен келбейт жиниң, билемин
Баёо мүнөз дүйнөң менен бапырап,
Бир заматта талкаланды тилегиң.

Жашайсыңар ар бир кыргыз дилинде,
Жашайсыңар ырларында, тилинде
Силерди аткан көркоо, шүмшүк, жексурлар!
Качып жүрөт элден безип тигинде.

Элим, эми эрк-кайратты жоготпо,
Элдик уулдар болсо ушундай болот го
Чындык издеп чыркырашып келишип,
«Чындык-биз» деп калды тарых, жомокто.
Окко учушкан баатырларды жоктойлу,
Сызда Ала-Тоо, сызда комуз, шолокто…

## Таазим этели

Сатылды жерлер, сатылды төрлөр,
Сакташып Мекенди атылды эрлер.
Бийлик токтому кандуу окшоду,
Акыйкат ордуна атылды октору.

*Өрнөгү өлбөс баатырларга таазим этели,*
*Эл-жер үчүн мерт болушту анда нечени.*
*Өксүп жашып өрттөй болуп жанып кетишкен*
*Баатырлардын арбагына таазим эт элим!*

Кыргыз эрлери айтылды өрнөгү
Ыйлаба энелер, алар эч өлбөдү

Жашыба аталар, сыздаба жарлары,
Чындыктын жолдорун улантсын балдары.

Эр Манас урпагы ээрчишти курчап,
Канкорлор качышты кеткенде ынсап.
Өз элин үйрүп олтурду бийлик,
Чындыктын эрлерин өлгөндө сүйдүк.

*Өрнөгү өлбөс баатырларга таазим этели,*
*Эл-жер үчүн мерт болушту анда нечени.*
*Өксүп жашып өрттөй болуп жанып кетишкен*
*Баатырлардын арбагына таазим эт элим!*

***Гүлжамила Шакирова, акын***

## Кайрылып келбесинчи



Жоону аяп, кетпес ката кетирдикпи?
Жок кылып бүтпөсө экен кесир бизди.
Билбесе бир ууч кыргыз кадырыңды,
Бир боорум айланайын, кечир бизди!

Кимге зарыл, кимге керек айрылуу?
Көнөктөтүп жаш чыгарат кайгыруу.
Жаштыгында жер жамынып калышкан,
Жигиттердин арты болсун кайрылуу.

Чыйрыгамын музга айланып бүт денем,
Ал күндөрдү эстейм азап-муң менен.
Жашырганда бир боорлорун өзүнө,
Кантип түтүп турду экен жер энем.

Жаз жаркырап турган арнап көктөмүн,
Кыргызыма турмуш төктү өктөмүн.
Дарманым жок бир кароого кадырлап,
Энелердин сыздап жашын төккөнүн.



Тилек кылам бул күн кайра келбесин,
Кемигенди эч бир үйгө бербесин.
Жазуучулар, төкмө, жазма акындар,
Муңдуу кылып жазышпасын термесин.

## Эрте кеткен турналар
***(Кечиккен репортаж)***

Жаан ыйлап, жашын тынбай төгүп турду.
Жамы журт жамандыкты көрүп турду.
Жаалына чыдай албай эр-жигиттер
Жаныштын аткычтырын сөгүп турду.

Эл келип эки жактан чубап жатты.
Элди аткан кыргызбы? деп сурап жатты.
Жамгырдай жааган октор тийген сайын
Жанымдан жапжаш балдар кулап жатты.

Бирөө да элден качып бөлүнбөдү.
Бир тобун бир заматта өлүм жеди.
Бийликке келмек болгон билермандар
Бирөө да жаныбыздан көрүнбөдү.

Шыпшайдар тукумдары кетпей турду,
Шыкаалап маскаларын чечпей турду.
Үчөөнү үзө атсак деп көздөн учуп
Үч мылтык колубузга жетпей турду.

Эх балдар, таңды тоспой ок тостуңар.
Эл үчүн акыреттен достоштуңар.
Аянтта, апрелдин сегизинде
Асмандан турна болуп коштоштуңар.

Тирүүлөр өз жашоосун улап келет.
Тим калбай жүрөк кээде бурап келет.
Тайманбас жаш балдардын арбагына
Татыктуу болдукпу? – деп сурап келет.

Кан менен жин аралаш сасып турат.
Калааны күүгүм туман басып турат.
Кайрандар өчү алынбай калабы деп
Кара таш көөдөнүмдө батып турат.

Бир күнү мен да күнүм бүтүп калат.
Бир азга көч токтолуп күтүп калат.
Айланып араңарга кошулганы
Арбагым артыңардан учуп барат.

## Таазим

Жыйылган элге мылтык атылды эле,
Жылуу кан жылжый түшүп басылды эле.

Жырткычка кийин сени теңегендер
Жылаандай жылчыктарга жашынды эле.

Тирештин кайтпас жолу ыйык болгон,
Тилеги бийлик эмес бийик болгон,
Мекендин жаркын доорун көксөгөндөр
Мергендин бутасында кийик болгон.

Айталбай ачуу сөзүң бышып жеткен,
Автомат аткан октон ысып кеткен.
Кыргыздар, качпагыла!… деген бойдон
Кыраандар кырдан ашып учуп кеткен.

Ала-Тоо баарыңарды жоктоп турат,
Арамдар артыңардан боктоп турат.
Азыр да ак-караны талкан чалып,
Акыйкат арабасы токтоп турат.

Ок тийген ташты көрсө эстеп коюп,
Оюнда ошол күндү жектеп коюп,
Төтөлөп ар ким өтөт келечекке,
Төшөлгөн жаныңарды тепсеп коюп.



Жоону аяп, кетпес ката кетирдикпи?
Жок кылып бүтпөсө экен, кесир бизди.
Билбесе бир топ кыргыз кадырыңды,
Бир боорум, айланайын, кечир бизди!

***Жыргалбек Касаболотов, акын***

## 7-апрелде курман болгондордун элесине

Эркиндикти эңсеген шар элеңер,
Толкун-толкуп тосмону жарып чыккан.
Тайманбай талап коюп бара жаткан,
Бийликке, элдин эркин майыштырган.

Ар бир үйдө чырактай жан элеңер,
Караңгыны качырып жанып чыгып.
Өрткө айланып кеттиңер өчүрө алгыс,
Өлкөнүн келечегин жарык кылып.

"Эркиндик" деп шаңшыган бүркүтсүңөр,
Эркиндик калды ыйык түнөгүңдө.
Ар бириңдин элесиң жашап калды,
Кыргызмын дегендердин жүрөгүндө.

***Күлбүбү Сариева, акын***

## 7-апрелде шейит болгон таластык жигиттерге

Билгенге жылуулук бар ташта да,
Билинбейт бул иш башкага.
Шуулдап канат күүлөгөн,
Шумкарлар түнөйт аскага.

Жетөөбү... андан көп беле,
Жетиси учуп кетти эле.
Желкеден учкан кызыл ок
Жетөөнүн канын төктү эле...

Таластан учкан шумкарлар,
Эл үчүн чыккан тулпарлар.
Эрдиги менен окко учуп,
Эл үчүп атак уткандар!

Он жылдай өттү убакыт...
Бийликти элим кулатып.
Кулаалы болуп качканча,
Шумкардай өлгөн бул артык!

## 7-апрель, 2010-жыл

Жазгы баар, жаз күндөрү көктөмдүн,
10 жылга толуп турат өткөн күн.
Кандуу болду коогаландуу окуя,
Жалпы кыргыз күйүт жутуп өрттөндүң!

Төңкөрүш деп төбөлдөрдү кубалап,
Азаттыгын алдың тартып ураалап.
Сексен жети балаң кетти окко учуп,
Кандай адам буга чыдап тура алат.

Күйүт тартты канча ата-энелер,
Сүйүктүү жар, жесир калды жеңелер.
Канча бала жетим калды томсоруп,
Канкорлор ай, кандай акмак элеңер!

Он жыл өттү күйүт али кете элек,
Шейиттердин жылдызы али өчө элек.
Өчпөйт алар түбөлүккө сакталат,
Баатырларды элим даңктайт эселеп!!!

***Абдыбек Мураталиев, акын***



## Түбөлүк жашап калдыңар, кырк чоро сындуу жан болуп...

Эскерем бүгүн баарыңды
Эстесем көз жаш агылды.
Бийликке каршы чыктыңар
Бүт дүйнө жүзү жаңырды.

Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Аябай жаштык чагыңды.
Кыямат жайга кеттиңер,
Калтырып жесир жарыңды.
Кырчындай болгон жигиттер
Кыргыз деп кыйдың жаныңды!

Агарып аткан таң болуп
Жарыгын чачкан Ай болуп.
Ала Тоо кутман жериңе
Балбылдап күйгөн шам болуп.
Кылымдар аты өчпөгөн
Кырк чоро сындуу жан болуп.
Түбөлүк жашап калдыңар,
Тирүүдөй дайым бар болуп!

***Каныбек Абралиев, акын***
***Көпүрө Базар айылы***

## 7-апрель

Канткенде жазбайм дастанды,
Кан жутуп боздоп жатканды.
Кашайып калсын калк башы,
Калдайган элди аткан бу.
Кан түшөт "Ак Үй" алдында,
Кыя атты солгун жаштарды.

Арамдык ичке каткандар,
Ак Үйдөн окту аткан бар.
Ачылган гүлдөй таңдагы,

Атылып кетти жаш балдар.
Арамдык кылган ишине,
Айтылат ушул дастандар.

Бийликке башты малгандар,
Бийликти мээлеп калгандар.
Билемин өзүм деп элди,
Билгенин кылган айбандар.
Биригип ата, баласы,
Бийликти ээлеп алгандар.

Өзүнүн жерин саткандар,
Өзүнүн элин аткандар.
Өлүмгө кетти чыркырап,
Өрт болуп тике баскандар.
Өрт жааса дагы асмандан,
Өчүрдү чыгып жаш балдар.

Маңкуртка берип бийликти,
Маңдайга окту жеген эл.
Майданга, кызыл жалында,
Манасым коргойт деген эл.
Манасың окко учту элим,
Манасың дагы төрөлөөр.

Бийликти алдык Кыргыз эл,
Балдарың чыгып ок тосуп.
Биригип Кыргыз бир болгун,
Бийикте жылдыз окшошуп.
Баатырлар чыкты жаштардан,
Балбылдап күйүп коштошуп.

Жетим калды балдары,
Жесир калды алганы.
Жеңиш үчүн жаш балдар,
Жерге жайнап кан-жаны.
Желек кармап жыгылды,
Жетели деп таңга бу.

Калкы үчүн жан күйүп,
Качырган элди башка атты.



Кайкаласа төшкө атты.
Качырбастан бутка атты.
Каргыш тийген Бакиев,
Канча элди сыздатты.

Бул жеңишти кыргыздар,
Бийик көтөр бөпөлөп.
Биримдикти ар дайым,
Бизге бергин эселеп.
Баатыр кыргыз жаштары,
Баркың турсун көкөлөп.

Кыргын кылып кан төгүп,
Кантип тирүү жашайсың.
Калк алдында өзүңдү,
Кана ким деп атайсың?
Кайышпаган кенде жок,
Канкор мындай элде жок.

Өзөктөн чыкан өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман. ”
Өрттөй жанган балдарды,
Өлүмгө кыйып таштаган.
Өзүңдөн башка айбан жок,
Өрт болуп сөзүм калган жок.

Калкым эми кайрат кыл,
Калыс болор кудайым.
Калың кыргыз ичинде,
Кайрат айтып турамын.
Карайлаткан көзүңдү,
Канга жетсин убалың.

***Таалай Нуркемел, акын***

## Баатырларды эстегиле

Качпай артка бир демден ураалашып,
Кан кечип тирүүлөрү аралашып.

Коркпосон жааган октон, каптап кирип,
Капкасын Ак Үйдүн талкалашып.

Аларды акыйкаттык, чындык сүрөп,
Аргасыз "лөктөр" турду үнсүз, сүрдөп.
Айрымы качып жатты жансоогалап,
Аялынын жоолугун башка чүргөп.

Актыктан канча жигит шейит болду,
Ата-Журтун сактап калды, айкын жолду.
Айрымы жараат алып ошол күнү,
Айыкпас дарты күчтүү майып болду.

Ата, эне боздой берип күүдөн кайды,
Ата туяк ымыркай жетим калды.
Алган жары кара шалы жамынып,
Аттиң ай, жапжаш бойдон жесир калды.

"Тулпарлар" туягынан "жанчылышты".
Тууруна эрдик туусун калтырышты.
Тайманбас баатырлары кыргыздардын,
Тарыхта Эрдиктерин калтырышты.

***Мүнүр Мамбеталиев***
***Талас облустук аксакалдар кеңешинин төрагасы***

## Бул жигиттер бүгүнкү күн каармандары

*(2010-жылы 7-апрелде шейит болгон кыргыз баатырларына арналат)*

Эл-журт деп, Мекен үчүн башын сайып,
Чыкты элимден Таластан азаматтар.
Каруусун казык кылып тике туруп,
Эл тагдырын ойлогон көкжал балдар.

Ант беришип эл-жер үчүн бир-бирине
Чыкты алар кыраан бүркүт, шумкар болуп.
Айкөл Манас атанын пири колдоп,
Жөлөп турду аларды тирек болуп.



Алгалап азаматтар тайманбады,
Эл кошулуп агымдары арбындады.
Кырк чородой кыргызды коргоп жүргөн,
Бул жигиттер бүгүнкү күн каармандары.

***Калыбек Чалов,***
***Талас району, Ак-Сай айылы***

## Карызсыңар бийликте отургандар

Жакшы эле силер менен тирүү жүрүү,
Жатсам да жер кучактап жаным тирүү.
Жазасыз басып жүрөт бизди аткандар,
Ушуга кыйналабыз көңүл кирдүү...

Күнөөлүү деп кимди айтамын соттолбосо,
Күнөөнү тактай турган сот болбосо.
Карызсыңар эй тирүүлөр! - өлгөндөргө,
Кан ичерлер, аткандар жок болбосо!

Алып бердик бийликти жанды берип,
Ажалга тике карап канды берип.
Карызсыңар бийликте отургандар,
Кармагыла бизди атканды таап келип!

***Смаилов Абакир, Жон-Арык айылы***

## Мекен шейиттерине

Таласты Манас ата мекендеген,
Таластан шерлер чыккан нечендеген.
Ажалдан жалтанбаган азаматтар,
Таластын Таластыгын бекемдеген.

Таластын шар суусуна канган баатыр,
Таласына от болуп жанган баатыр.
Кан сасыган бийликке каршы туруп,
Калкы үчүн башын сайган баатыр.

Эр Манастын жеринен чыккан баатыр,
Эрдигин бүгүн кыргыз уккан баатыр.
Ак Үйдүн кысымына башын ийбей,
Ар намысын тоодой бийик туткан баатыр.

Элим деп, кыргызым деп, мекеним деп,
Элим койгон максатка жетемин деп.
Чыркырап чымын жандан айрылышты,
Чындыкты бир далилдеп кетемин деп.

Бийликтин аткан огу жеткенинде,
Көөдөндү тешип чыгып өткөнүндө.
Түшүнбөй бир көз ирмем селт дей түштү,
Көздөрү караңгылап кеткенинде.

Кызыл канга боёлуп тулку бою,
Кыл кескендей үзүлүп максат ою.
Кылгырып карагаттай эки көзү,
Кыймылы жүрөгүнүн тык токтоду.

Эх баатырым, көрбөдүң күрөшүңдүн,
Аягы эмне менен бүткөндүгүн.
Айбатына чыдабай бир өзүңдүн,
Аңтарылып бийликтин түшкөндүгүн.

Аттиң ай, азаматым көрбөй калдың,
Ажонун жан далбастап качкандыгын.
Ажыдаар качып чыккан сасык үйдү,
Алоолоп кара түтүн баскандыгын.

Көрбөдүң согуш кантип басылганын,
Көркоолор чилдей тарап чачылганын.
Сени менен чогуу болгон жигиттердин,
Сексен алты эрени атылганын.

Баатырым, көрбөй калдың энекеңдин,
Элеңдеп жолуң карап күткөндүгүн.
Ааламда теңдеши жок берекеңдин,
Айласыз бул азапка түшкөндүгүн.



Апалардын көз жашы тыйылган жок,
Ант беришкен, күнүң бирок куулган жок.
Кулунунан айрылган энелердин,
Кудайга да үндөрү угулган жок.

Жан алгычтар соттолобу, чечилген жок,
Бийликте андай мыйзам бекилген жок.
Балдарды жутуп кеткен ажыдаардын,
Башы эмес, куйругу да кесилген жок...

***Абылкасым Мамыров, Талас шаары***

## Вера в Манаса

Сыны отечества погибли,
Погибли лучшие сыны.
А ведь они еще могли бы
Ночами видеть свои сны.

Детей могли бы воспитать,
Их в школу по утрам водить.
Могли б рассвет еще встречать,
Но им средь нас уже не жить.

На взлете жизнь оборвалась,
Ха счастье на земле родной.
Их кровь рекой тогда лилась
И нет уж жизни молодой.

## Мужчины никогда не плачут

Мужчины никогда не плачут,
А если плачут, только иногда.
И я скажу, что это значит,
Что слез вам их не видеть никогда.

Но если их придется вам увидеть,
Не смейтесь вы над той слезой.

Она бежит из глаз и на могилы
Сынов Киргизии родной.

Их память будет вечна,
Не сможем мы забыть всех их.
Они ушли от нас навечно,
Но будут жить в сердцах живых.

***Валерий Жданович***

## Шейит кеткен

*(7-апрель баатырларына таазим)*

Дүбүртүнө кыргыздын,
Дүйнө эли көңүл бурду го.
Өз элине ал бийлик,
Мылтыгын октоп сунду го.
Ак Үйдү алам десеңер
Автомат менен коргойм деп,
Ал сөзүнө турду го.

Окко төшүн тосконду,
Бериптир кудай кыргызга.
Акыры башта бир жолу,
Өлүм бар экен турмушта.
Эл жери үчүн өлгөндү,
"Эл баатыр" дешет кыргызда.

Жетисинде кыргызды,
Чет элден келип аткан жок.
Өз элине ок аткан,
Кудайга да жаккан жок.
Аткандар качып кетишкен,
Ак Үйгө салган капкан жок.

Коогалаң жасап ал бийлик,
Комсортуп кетти жеримди.
Токсонго жакын баланы,
Тоо кийиктей аттырып,
Томсортуп кетти элимди.



Сексен канча баатырдын,
Мекен үчүн жан берип,
Өлгөндүгүн көрдүңөр.
Кыргыздын кымбат балдарын,
Өз колуң менен көмдүңөр.
Ажалдан алып кала алабай,
Айла жоктон көндүңөр.

Акыйкат издеп кайран эл,
Ак Үйгө бара жатышкан.
Бийлигин сактап калам деп,
Бейкүнөө элди атышкан.
Ошол күнү мен дагы,
Ыңкылапка катышкам.
Мээлегенби билбеймин,
Мени да башка атышкан.
Сексен жети баланын
Өлгөнүнө кыргыз эл,
Ичибиз жаман ачышкан.

Аттиң дүйнө ушундай,
Арабызда алар жок.
Ал күндү азыр эстесем,
Айыгаар дарттан абал жок.
Айланып жылдар келсе да,
Аткандардан кабар жок.

Азаматтар, ушул ыр,
Арбагыңа арналат.
Ар бириңе даңк дейбиз,
Ак топонду кармалап.
Аткандар болсо силерди,
Оо дүйнөдөн кармалат.

Ал күндөгү максатың
Аткарылаар деп турам.
Атыңарды унутпай,
Ай ааламга кеп курам.
Артыңарда элиң бар,
Айтканыма бек турам.

***Кубанычбек Көкөтаев,***
***Апрель Элдик Революциясынын Баатыры***

## Шейиттердин ыры

*(7-Апрель Элдик Революциясынын 10 жылдыгына арналат)*

Онтоп турса Ата Журтум арттагы,
Катып башты неге аяйм жанымды.
Кыргыз элим гүлдөп, жыргап жаша деп
Кызыл гүлдөй чачып кеттим канымды.

Октон коркуп артка кайра качпадык,
Көр бийликти тактан алып таштадык.
Ак Үйдөгү ажыдаарды кубалап
Өчпөс жалын, ак жарыкка айландык!

Кайратыма кайрат кошуп сүр берип,
Эр Манастын колдоп турса арбагы.
Кайып болгон кырк чорого кошулуп,
Шейит болуп учуп кеттим мен дагы!

Асыл денем топуракка айланып...
Жаным көктө бүркүт болуп сабалап.
Кыргызым деп бийик зоодон үн салып,
Учуп жүрөм Ала Тоону аралап.

Биз жашайбыз өлбөстүк сапарында,
Биз жүрөбүз тирүүлөр катарында.
Эй кыргыздар! Артынан жаман сүйлөп,
Шек келтирбе шейиттер арбагына!

***Мира Сейдикеримова, журналист***



# Коомдук ишмерлердин ой-пикирлери

***Элүүбай Отунчиев, Кыргыз эл жазуучусу***

## Таластын толкуну



6-апрелде областтык администрациянын имараты ээленип, 7-апрель күнү түштөн кийин милициянын областык бөлүмүнүн имараты алынгандан кийин республиканын ар кайсы жерлериндеги абалдан кабар алып, Сокулукта, Токмокто, Аксыда администрациянын имаратын эл алганын уктук. Уулум Азамат Бишкектен улам кабар берип турду. Ал Ак Үйдө атышуулар күчөп, көп жигиттер окко учканын, ошол эле маалда көтөрүлгөн элдин чоң тобу коопсуздук комитетинин имаратын курчоого алып, оппозициянын лидерлерин бошотуу талабын коюшканын, акыры алар бошотулуп, жигиттер ал жерден БТРди айдап чыгышканын, эми Ак Үйгө кайра катуу чабуул коюла баштаганын кабарлады.

Ынкылапты мурда белгилегенден бир күн мурда, 6-апрелде баштап жибергендин өзү Алла Тааланын каалоосу, анын колдоосу болгондой. Муну бийлик да, опоозиция да күткөн эмес. Иш ондой берди болду. Бийлик алапайын таппай шашкалактап, негизги күчтөрүнүн көбүн Таласка аттандырды. Бакиев менен Үсөнов акылдашып, министр Конгантиевдин өзүн жиберип: "Таласты аеосуз бас! Алардын баш көтөргөндөрүнүн баарын камакка ал. Бул башкаларга сабак болсун " деп жиберген. Бирок, элдин күчү селден күчтүү экен. Болот Шер Конгантиев айткандай Таласка келип, эч кимге арак берген жок. Ал жалындуу сөзүн сүйлөдү.

Ооруп, тиштенип араң сүйлөсө да, бардык күчүн жыйнап жүрөгүнөн чыккан анык сырын, ымандай оюн, ак тилегин айтты: "Айланайын жердештерим! Качанкыга чейин кул болуп жүрө беребиз. Башыңарды көтөргүлө, эркиндикти, бийликти колуңарга алгыла! Бийлик үй-бүлөгө эмес, элге өтүшү керек. Манастын эли эч качан кул болуп көргөн эмес! ".

# Эгерде Талас болбогондо...

Эгерде 6-апрелде Таласта бийлик элдин колуна өтпөсө, анда ошол күнү кечинде Бишкекте оппозиция лидерлери камакка алынмак эмес жана алар 7-апрель күнү элди аянтка алып чыкканда көзгө атарлар аларды бирден атып жайлап салмак да, бакиевчилер дагы узак жылдарга чардап, хандык орномок...

Бийлик элдин колуна өттү. Эми башкарууга жүрөгү таза, нагыз ыймандуу азаматтар келип, Кыргызстанды дүйнөдөгү эң алдыңкы өлкөлөрдүн катарына чыгаруу милдети турат. Кыргыздын ак мөңгүлүү, жашыл тулаңдуу, тунук суулуу бейиштей жеринде ошого жарашыктуу сонун жашоо болушу керек. Биз колубуздан ыңкылап келерин көрсөттүк, эми өзүбүз тазаланып, ыйманга келип, нагыз гүлдөгөн заманды куруу да элибиздин колунан келерин дүйнө элине далилдөөбүз зарыл. Ошондо башкалар бизге чындап суктанат.

**Автор:** Жазуучу Элүүбай Отунчиев Таластагы 6-7-Апрель революциясынын чоо-жайын алаканга салгандай билет жана ошондо курман болгон жигиттердин бей өлүмүнө ошо кездеги бийликти күнөөлөйт. Жазуучунун жүрөгүндө аларга арналып жазыла турган кеп али алдыда, балдарга алиге баа берилбей, аткандар жоопко тартылбай жатканына өкүнөт.

# Шадыбеков Дөөлөтбек Ташкаратегин коомдук ишмер



Бул киши Апрель окуясын ичи-тышын абдан жакшы билген, мурда- кийин бийликтердин жака-белинде аралашып жүргөн адам катары көп нерселерге баа бере алган адам.

2010-жылы баласы Максим Бакиевди ӨИИБАга (Өнүктүрүү, инвестиция жана инновация боюнча борбордук агенттиктин) жетекчилигине дайындалышы, Жаныш Бакиев армия, милиция жана коопсуздук кызматтарын башкарууну колго алышы, башкаруудагы мыйзамсыз иштер, жумушсуздук, өлкөдө жашоо шартты оорлоткон. Журналисттерди аёосуз куугунтуктап, Алматыда Геннадий Павлюк



өлтүрүлгөн. Мыкты чыккан жигиттерибиз, депутаттар Суракматов, Баяман Эркинбаев, Ратбек Санатбаев, Үсөн Кудайбергенов, Медет Садыркуловдун өлтүрүлүшү коомчулукта наразылыктарды жараткан. 2010-жылы январда Исмаил Исаковду (мурдагы коргоо министрин) коррупцияга такап, 8 жылга соттолушуна каршы эки жумага созулган ачкачылык акциясын баштап, Тургуналиев Топчубек менен бирдикте мен да катышып, бийликтин "саясий репрессиясына" каршы чыкканбыз. Ошол эле жылдын март айында оппозициячыл маанайдагы «Ачык саясат» жана "Назар", гезиттеринин Президенттин мыйзамсыз бийликке келгендиги тууралуу макалалары жарыялангандан кийин аларды чыгарууга тыюу салынып, 82 миң евро өлчөмүндө айыпка жыккан. "Фабула", "Эл сөзү", "Учур", "Ачык саясат" газеталарына басым күчөгөн...

3-апрелде Бишкекте БУУнун баш катчысы Пан Ги Мун республикага келген учурунда, адам укуктарынын бузулушу жана ММКнын эркин иш алып баруусуна тоскоолдуктарга каршылык акциясы өткөрүлүп, кат тапшырылган кезде, плакаттарыбызды тартып алышып, адам укуктарын коргогон активисттер тобун, БЭКтин мүчөлөрүн, Темир Сариев баш болгон элди күч менен таратышкан.

Бизди кубаттап, боз үйгө республиканын баардык жактарынан колдоочулар келе башташты. Кээ бир пенсионер, кары-майып адамдар да тамак аштарын, козу-улагын жетелеп келип бата берип турушкан. Бир нече ай бою эл менен тынымсыз байланышта болдук, ошол учурда келгендердин айрымдары берилген тамак-ашка ыраазы болушпай, келип кеткендери үчүн акча сурап бизди жүдөтө баштады. Тамак берүүнү токтоттук.

Аксакалдардын кээ бири О. Нарбековго барып учурашабыз деп офисине да барып турушту. Ал баргандарга чай уюштуруп, дары – дармектерин берип жатты, айрымдары дарыланып да жүрдү. О. Нарбековдун жардамы менен газеталарды республиканын көп жерлерине таратып турдук. Өзгөчө Талас өрөөнүнө байма бай жөнөтчүбүз.

Облустук администрациянын имаратынын ичине кирген эл губернатор Бейшенбек Болотбековдун катышуусунда, коомчулуктун чечими менен Койсун Курманалиеванын губернаторлукка, Шералы Абдылдаевди орун басарлыкка жана жазуучу, журналист Элүүбай Отунчиевди коомдук жетекчиликке шайлашты. Ошентип, 6-апрелде Таластагы жеңишти башка региондорго кабарлап, курултай өткөргөнгө өбөлгө түзгөнбүз. СТС, "Азаттык" ж. б көптөгөн телерадио каналдар болгон окуяны республикага, дүйнөгө түз эфирден берип жатышты.

Миндеген эл милиция тоскондугуна карабастан, бустар менен жер-жерлерден келе башташты. Бишкектен келген КР ИИМдин орун басары, Айыл чарба министри Искендер Айдаралиев, ветеринария кызматынын жетекчиси Байымбет Мураталиев, жергиликтүү жетекчилер жана элдин ортосунда сүйлөшүүлөр жүрүп жатты.

Мурдагы губернатор Бейшенбек Болотбеков аркылуу күч органдарын токтоткула, курултайга жол берели десе укпай коюшту. Саат 15тен кийин ИИМдин министри М. Конгантиев, Премьер-министр Данияр Үсөнов менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк, бирок, ал силердин таш-талканыңарды чыгарам деп кыйкырып, бизди укпай койду. Мен ага бүтүн республиканын армиясы келсе да, Таласта талкаланат дедим. Элүүбай Отунчиевге катуу сүйлөштү. Сүйлөшкөн сөздөр телефондун үнү чоң чыгарылгандыктан, кыйкыргандары бизге угулуп турду. Мен ичинде болгон сөздөрдү сыртка чыгып маалымдап, элди тынчтанууга үндөп жаттым. Бирок, кыйкырык-сүрөөндү эч ким башкара албай койду. Алар көйгөйлөрүн айтып митинг улана берди. Данияр Үсөнов "силерди мыйзамдын негизинде аеосуз жоопкерчиликке тартабыз" деп билдирүү жасады. Ушул сыяктуу эле билдирүүлөрдү (Президенттин кызматкери Элмурза Сатыбалдиев, башкы прокурор Нурлан Турсункулов) пресс конференцияларда бир нече жолу таратышты.

Элдин толкунун токтотууга болбой калды. Саат 18ге жакын бир мезгилде 2 самолет, 5 вертолет элдин үстүнөн айланып учуп келип, аэропортко конуп, ичинен жүздөгөн атайын даярдаган куралдуу күчтөр чыгып, калкандарын тарсылдатып жер дүңгүрөтүп сүр көрсөтүп келишти. Бирок, эл ага көңүл бөлбөй толкуп турду. Өкмөттүн биринчи орун басары Акылбек Жапаров менен сүйлөшүүлөрдү Шернийазов Болот, Нарбеков Оморбай жана мен жүргүздүк. Ал Премьер-министр Д. Үсөновго, ИИМ министри М. Конгантиевге абалды түшүндүрсө да угушпады.

Саат 21. 00дөн өткөндөн кийин имараттын ичи согуш талаасына айланды. Бир-эки минутанын ичинде губернатордун кабинетинен дем алуу бөлмөсүнө киргенче, бойлору узун (эки метрге жакын) көздөрү көк, маскачандар кирип келишип, алгач айдоочусу жана жардамчысы эки жагынан коргогондугуна карабастан, Б. Болотбековду тепкилешип, анан мени тепкилешип коридорго алып чыгышты. Мен "это же губернатор" десем, "разве" деп чукул бурулганда, бетиндеги маскасы түшүп, ак чач аскер адамы экендиги байкалды. Алар Бейшенбекти кое беришти. Мага да таяк көп тийди.



Бир топ жигиттер облустук милициянын имаратынын подвалына солярка, бензиндерди төгүп, өрт коюшту М. Конгантиевди 70-80дей улгайган кишилер, аялдардын күчү менен сактап турушту. Кечке жуук Оморбай Нарбеков жаңы шайланган бийликке Конгантиевди эртерээк шаарга алып кетпесе болбойт, жамандыкка барбаш керек, – деп аны Таластагы көк бөрүчү жигиттер аркылуу Бишкеке жөнөтүштү. Ал эл алдынан кечирим сурап, мен жогорку бийликтин буйругун аткардым деп айтты.

**Автор:** Коомдук ишмер, кандай жана кайсы убак болбосун ири алдыда шар сүйлөп, чечкиндүүлүгү менен башкалардан айрымаланып ат үсүндө иш жасаган Дөөлөтбек Ташкаратегин кандуу окуяны беш манжасындай билген адам экен, анын иликтеп жазгандары өз көзү менен көргөн окуялары өзүнчө бир тарыхый эмгек боло турган. Бу кишинин ата катары жана инсан катары курман болгон балдарга айтары али алдыда.

## Академик Оморбек Нарбеков



Сан-түрлүү Кыргыз бальзамдарын дүйнөгө алып чыгып атагы таш жарган академик Оморбек Нарбеков Апрель революциясына өтө активдүү катышкан жана ошол кездеги революциянын ири алдында жүргөн. Карапайым элге караан болуп моралдык жана материалдык жактан колдоо көргөзгөн. Ал бийликке тике барып эл менен бирге болууну, коюлган талаптарды аткарууну жана аксакал катары туура жолду көргөзүп, ынтымакты сунуштаган. Тилекке каршы, ошол кездеги бийлик укпай коюп, опуртал жолго түшкөндөн кийинки окуя жумурай- журттун башына түшкөн кайгы менен азап болуп, тиги кара жолтой бийлик темселеп-тентип жоголгону менен калып калган канат-бутактары али да дүркүрөп өсүүдө. Академик Бишкекте да, Таласта да таасирдүү чиновниктерге эл менен ынтымакка келүүнү дайыма айтып турду. Жыйынтык чыкпаган соң эл адамы катары эл менен күрөшкө чыгып кетти, болбосо ушул киши эмнеге муктаж, дүнүйөсү жетиштүү, кадыр-баркы бар, болгону эл деп соккон жүрөгү аны тынч койбоду. Натыйжада элдин каны төгүлдү, эл жеңишке ээ болдук дегени менен

али күнчө ошонун азабын тартып жатабыз. Академик Оморбек Нарбеков Кыргыз эли үчүн жана анын жыргалчылыгы үчүн курман болгон балдарга тийиштүү баа берилбей жатканына өкүнөт.

## МААНИЛҮҮ МЫЙЗАМ
## Жогорку Кеңештин депутаты Рыскелди Момбековго таандык



Бир жолдогу үч чоң ашуу демекчи, эгемендүүлүк алган 25 жыл аралыгында Кыргызстаныбыз 3 тарыхый алтын тамгалар менен жазылчу датаны башынан кечирди. Алсак 17-март - 2002-жылы Аксы окуясы, 2005-жылдын 24-марты жана 2010-жылдын 7-апрели. Бул күндөрдү эстен чыгаруу мүмкүн эмес. Ошол себептен бул күндөрдү тарыхый күн катары кабыл алуу мыйзам долбоору 6-апрель күнү кабыл алынды. Бул мыйзам долбоорунун демилгечиси КСДП фракциясынын депутаты Рыскелди Момбеков болду. Мыйзам долбоору 4-5-апрель күндөрү комитеттен каралып, 6-апрель күнү Жогорку Кеңештин депутаттары жалпы жыйынында үч окуудан кабыл алышып, ошол эле күнү өлкө башчы Алмазбек Атамбаев кол койду. Бул мыйзам долбоорун Гиннес рекорддор китебине киргизсе болчудай. Анткени буга чейин бир да мыйзам долбоору мынчалык тездик менен кабыл алынган эмес. Бали, Рыскелди мырза! Сиздин өтө кыска аралыкта кабыл алынган мыйзам долбооруңуздун өмүрү узак болсун! Бул күндөр эми эч качан унутулбайт.

*(“Фабула” газетасынан алынды)*

# 7-АПРЕЛЬ ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯ КҮНҮ!



**КОЙСУН КУРМАНАЛИЕВА, экс-губернатор, коомдук ишмер**

## Баатыр балдарга түбөлүк даңк!



Апрель окуясынын катышуучусу, уюштуруучусу эле болбой жетектөө милдети да ошол кезде мага жүктөлгөн. Таласта абал оор болчу. Биздин эл активдүү жана ар биринде лидерликтин оту жанып, алгалаган шаң да бар эле. Кандай жетекчи келбесин биздин эл агын ак, көгүн көк деп эле бетке айтып, жөнгө салуу жагы, ишти илгерилетүүгө, колдоого даяр элбиз. Тилекке каршы, ал мезгилде үй-бүлөлүк башкаруу, коррупция, баягы эле жемкорлук менен кошоматчылыктын доору сүрө баштаган. Анан социалдык абал оорлоп, карапайым эл башына кыйын болуп, жумурай-журт адилеттикти, чындыкты карайлап таппай калышты. Соттун иши солгун, чечимдерине калк наразы, айлык аз, пенсия-пособия төмөн, кыскасы эл көчөгө чыгууга аргасыз болуп калды. Керт башымдан да канчалаган адилетсиздиктер өттү. Чындыкты талап кылгандарды прокурорлор чакырып алып эскертүүлөрдү берип, дагы бир жолу ашыкча сүйлөсөң камаласың, -деген коркутууларды канча жолу уктук. Чогулсаң аңдымай... Кыскасы, эркиндигибизге чек койула баштаган. Бул чоң тарыхтын башаты өзүңөргө белгилүү болгондой Таластан башталган. Кыжыры кайнаган эл бийликти колунда куралы жок болсо да кайрат менен тартып алгандай сезилет, бирок анын артында өмүр менен өлүмдүн тирелиши бар болчу. Ошонун натыйжасында чолпондой болгон 87 эр жигиттин каны төгүлдү. Тилекке каршы, аларга тийиштүү баа бериле элек. Бул болгону тарыхтын башталышы, баарына баа берилет жана чындык жаркырап чыга келет. Жашоо уланат, келечекте Таластан эсепсиз эр-азаматтар чыгат.

## ДИЛБАРА УЛУШБЕКОВА, Апрель Элдик Революциясынын Баатыры

# Мен Кыргызстандын келечеги үчүн иштедим



Бакиевдин үй-бүлөлүк кландык бийлиги жерди сатып, каршы чыккандарды тымызын жок кыла баштады. ЖК депутаты Дооронбек Садырбаев: «Бакиевди туура эмес шайлап алыпбыз» дегенден баштап, мен да СДПКнын катарында, өзгөрүү жасасак деп, чуркап жүрдүм. Бийлик өз ресурстарын колдонду.

Президенттик шайлоодон кийин абал курчуду. Оппозициядагы партиялардын активдүү мүчөлөрүн аңдуу, тыңшоо, камоо күчөдү. Мэрияга чакырып алып: «Бул иштериңди токтоткун, Бакиевди эч ким эч нерсе кыла албайт…» дегендер болду. Милиция кызматкерлери дүкөнүмдү тинтип, болбогон кагаздарды таап алып, ШИИБге алып барышчу.

Бакиевдик бийликтин былыктарын жазган гезиттерди жолдошум Төө-Ашуудан, Өтмөктөн алып келген учурлар болду. Аларды элге таратчубуз. Медет Садыркуловду кантип өлтүргөндүгү тууралуу китепче чыккан, аны да элге жашыруун тараттык.

2010-жылдын башында электр энергиясы кымбаттады, чөнтөк телефон бирдигинин баасы жогорулады. Эл баарын байкап, жон териси менен сезип турду.

Оппозиция күчөп жатты. Улам Бишкекке чогулушка барып турдук. Биринде, ал жакка барбашым үчүн, посттон машинамды алып коюшту. Бул 17-марттагы Элдик курултай эле. Марттын 27синде Таласка бир катар оппозиция лидерлери келишти. Революциялык комитет түзүлдү. Таласта апрелдин 7де элдик курултай өтмөк. 6-апрелде Болот Шер келсе, аны камап салышты.. ОИИБга бардык, кайра обладминистрацияга келип, губернатордон Элдик курултайга орун талап кылдык. Ошол кечте обладминистрациянын үстүнөн вертолёттор учуп, элге сес көрсөтүп жатты. Машинамды таш ташыганга салдым. Таштарды бир огороддон облакүйгө ташый баштадык.



Элдик губернаторлукка Курманалиева Койсун шайланды. Активисттер баарыбыз губернатордун кабинетинде отурдук, эми түндө кандай болот деп. Спецназдар аткылап кирип келип эле «лежать!» деп кыйкырды. Эшик тарапта элем. Мени катуу түртүп жиберишкенде эшикке качып чыктым. Ак үйдүн тегерегинде «Кетпегиле!» деп кыйкырып жүрдүк. Спецназ губернатор Бейшенбек Болотбеков менен Болот Шерди алып чыгып кетишти. Биз кайрадан облакүйдү ээледик. Бишкекте ал түнү баардык лидерлерди камап жатышты…

7-апрелде эртең менен облакүйдүн астында эл жыкжыйма толду. Баарыбыз ички иштер бөлүмүнө жөнөдүк. Мен кайрадан машинамды таш ташууга салдым. Спецназ коркутуучу куралдар менен аткылап жатканда колуман жаракат алдым. Тынчтык деген баланын кекиртегине ок тийген экен, аны машинама салып, ооруканага жеткирдик. Келсек, ОИИБнын имараты элге өтүптүр. Элден айланса болот. Элдин арты менен революция жеңип чыкты.

Акыйкат издеп кайран эл
Ак Үйгө бара жатышкан
Бийлигин сактап калам деп
Бей күнөө элди атышкан

# БААТЫРЛАРГА ТҮБӨЛҮК ТААЗИМ!

Кырсыктын алгачкы күндөрүнөн баштап курман болгондордун жакындары менен аралашып жүрдүм. Алты жыл бою соттошуудан майнап чыкпаган соң элге кайрылып, 7-апрелди кызыл календарь кылуу үчүн он үч миң кол чогултушту. Жогорку Кеңештин депутаттарына жана өлкөнүн президентине кайрылуунун негизинде 7-Апрель Элдик Революция күнү - кызыл календарь болуп жарыяланды. Бул демилгени колдоого катуу киришип, шайлоочуларынын наказын мыкты аткарган депутатыбыз Рыскелди Момбеков болду. Артында калгандарга эч кандай жеңилдиктери жок. Баягы алты жыл бою балдарынан ажыраган ата-энелер соттошууда өздөрү адвокат жалдап, көрүнгөндүн көзүн карап, үмүт этип, жылуу сөзгө ишенип жүрүп алды дүйнөдөн өтүп, калгандары ден-соолуктан ажырай баштаган. Мындай катаалдыкты башынан кечирген Кишимжан Таштекеева балдардын элесин түбөлүккө калтыруу үчүн Таластагы кайтыш болгондордун жакындары менен бирге баатыр балдардын тогуз эстелиги курулуп, аларга арналган бир комплекс даяр болду. Аянтча жашылдандырылып, шаар мэриясына өткөрүлдү. Облус бийлиги да сыртта калбайт, иш-чаралар өткөрүлүп эскерүүлөр болуп, куран окутулат. Алардын эрдиктерин эл билет, ошондуктан эң мыкты жол, тийиштүү мыйзам чыгып анын макамы бекитилип түбөлүккө калганда мамлекеттин мамлекетүүлүгү даана көрүнмөк. Тилекке каршы, ушул багыт аксап турат. Өткөн жылы балдарды эскерүүнүн тогуз жылдыгы башка региондорго караганда Таласта эң сонун өттү дешти, -катышкандар. Чоң аракеттер менен балдардын али бүтө элек миссиясын аткаруу үчүн "БААТЫРЛАРГА ТААЗИМ" коомдук бирикмесин уюштуруп, баатыр Эмиль Айылчиевдин энеси Кишимжан Таштекеева иштеп жатат. Натыйжада ушул уюмга жүзгө чукул мүчөлөрүбүз кирди. Алардын ичинде белгилүү коомдук ишмерлер, активдүү жарандар, коомдук уюмдар жана атактуу инсандарыбыз да бар. Ондогон, жүздөгөн көркөм чыгармалар, изилденген макалалар, балдарга арналып жазылды, документалдуу тасма тартылды. Ошондой эле буга чейин аларга арналып жазылган документалдуу-көркөм эки китеп басмадан чыкса, эми үчүнчү китеп колго тийгени турат. Бул жөрөлгө баатырларга арналган аздек тилек. Эмики кеп мыйзамчы депутаттарыбызда жана журт атасы болгон президентибиз Сооронбай Жээнбековдо калды.



## МҮНҮР МАМБЕТАЛИЕВ
## Талас облустук аксакалдар кеңешинин төрагасы

## Эл баатырына алар татыктуу



Тээ илгертеден түпкү аталар деле мыкты чыкмаларды, жол билги, тилеги ак, тиригарак адамдарды "баатырым" деп эркелете сүйлөчү. Ал эми чыныгы баатырларды кадырлап, көкөкөлөтүп жүрүшкөн. Мына ошондой таластык баатырлардын катарында Бердике өңдүү баатырлардын аты түбөлүккө сакталат. Ал эми Улуу Ата Мекендик согушта Чолпонбай Түлөбердиев, Асанбек Оторбаев даңкталып келген. 7-апрелде баатырлык көргөзгөн балдар доорубузга жаңы жол ачты. Алардын түптүз ажалга беттеп барышынын өзү баатырдык эмей эмне? Бул 2010-жылдагы кыргыздын жаңы чыккан жылдыздары сыяктуу кала берген. Алар Эмил, Урмат, Саламат, Жылдызбек, Күмүшбек, Бекбосын, Казыбек, Дастанга окшогон баатырларыбыз. Эгерде алар баатыр болбосо, канкорлорду беттеп коркпостон, ок жааган аянтка чыкпайт эле. Алар эрдик көрсөтүү үчүн эмес, өздөрүнүн жана элинин эркиндиги үчүн, бактылуу жашоосу үчүн ошол жерге барышкан. Булар жөнүндө айта берсек кеп түгөнбөйт. Мен аксакал катары айтаарым ушул балдарга баатырлыгы үчүн баа берилип, мыйзам жүзүндө Кыргыз Эл Баатыры деген наам берилсе эң туура болмок.

# МАРАТ МУРАТАЛИЕВ – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү:

## "Таластын гүлдөшүнө көмөктөшөм"



Мен элдин биримдигин, жеримдин гүлдөп өсүшүн жана коомдогу өнүгүүнү колдойм. Кайсы жана кандай кызмат болбосун анын жоопкерчилиги бар. Ошол жоопкерчиликти сезген убакта иш алга жылат. Өткөн 2010-жыл биздин Кыргыз мамлекети үчүн чоң жоготууну алып келди, орду толгус кырсык болду. Кайран балдар шейит кетти. Канчалаган үй-бүлө кан жутуп калды. Айла барбы, ошол кырсыктан кийин баары бир өзгөрүүлөр, сыноолор болду, оор болду, айла жок бул тарых экен башыбыздан кечирип жатабыз.

Талас эли улуу бурулуштун, революциянын локомотиви, баштоочусу катары тарыхта калды. Адилеттүү бийлик орнотуу эч качан оңой болгон эмес, ошонун кесепетинен 87 жигиттин өмүрү кыйылды. Адилетсиз бийликти эл кубалап салганы менен жаңы мезгилдин башталышы оор болду. Өзгөчө энелердин, жубайлардын, артында калгандардын көкүрөк-дарты тынчтык бербейт, аны бат эле унутууга болбойт. Ошол кайгы тарткан кан жуткан тогуз жигит биздин Таластын кулундары, биз аларга ар убак баш ийип таазим этебиз. Жыл сайын аларды 7-Апрелде чоң эскерүү жасап, урматтап эскеребиз. Өзгөчө өткөн тогуз жылдыкта аларга арналган иш-чарабыз татыктуу болду деп эсептейбиз. Шаарыбыздын чок ортосундагы "Баатырлар паркында" алардын заңгыраган эстеликтерин ар дайым жаркырата кармоого, гүлгө ороп, бапестеп турууга милдеттендирилген. Мына быйыл да "Баатырларга таазим" бирикмесинин мүчөлөрү менен он жылдыкты өзгөчө тосууга, таластык баатыр балдарыбызга арналган атайын иш-чараларды өткөрүүгө мыкты даярдыгыбыз бар. Алардын элесин унутпоо максатында, кийинки жаш муундарга алардын тарыхын окуп билүүгө, баатырлардын портреттерин жана түбөлүккө сактоо максатында ушул колуңардагы китепти чыгарууга көмөктөштүк.



# ЖАМИЙЛА ТОКСОНОВА
## Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер, баатыр эне



Мен айылдык, көп балалуу энемин. Мектепте мугалим болуп иштегем, андан кийин айыл чарба тармагында эмгектендим. Жылдын баардык мезгилинде тынымсыз иш менен өзүбүздү өзүбүз камсыз кылып, өкмөткө ошол жер-суу салыктарын төлөп, тирилигибиз өтүп жатат. Ал эми Апрель Элдик Революциясына жөн эле чыга калган жокпуз. Мыйзамдар иштебей, карапайым калктын талабы аткарылбай калганда эл аргасыз көчөгө чыгат экен. Ошондо мен билгени эл бир жээкте, бийлик бир жээкте калган. Андай окуялар керт башымдан көп өткөн болчу. Анан айылда туруп, мен деле элге келген каатчылыкты жон терим менен сезгем. Алгач эң жөнөкөй талаптарды койдук. Болгону элге көңүл буруп, абалыбызды жеңилдетип, социалдык керектөөлөрдүн чечилишине өкмөт тараптан колдоо алуу керек эле. Бирок, ошол талаптар аткарылбай, тескерисинче, элге каршылыктар болуп турду.

Эми апрель революциясында курман болгон балдарга али да болсо жетекчилерибиздин көңүл бурээсу шарт. Эң өкүнүчтүүсү, 10 жыл өтсө да бийлик тараптан толук жооп жок. Күнөөлүүлөр табылбайт, аткандар жоопко тартылбайт. Өлгөн балдардын убал-сообун ойлогон эч ким жок. Мектепте окуп жүргөндө Зоя Космедемьянская, Олег Кошевой, Кычан Жакыповду окуп алардан үлгү алып мекенчил болуп өскөнбүз. Бул балдардын патриоттугу Мекен үчүн өмүрүн арнагандыгы жаш муундарга үлгү болуп, эрдиктери тууралуу мектептерде окутулуп тарбия берилиши абзел. Али да болсо кеч эмес, курман болгон балдарга, Кыргыз Республикасынын Баатыры наамын берилишин өтүнөбүз.

## ТОКТАЙЫМ ҮМӨТАЛИЕВА – Кыргыздын Кыз Сайкалы



Ак жоолугун моюнга салган коомдук ишмер Үмөталиева Токтайым 7-апрель күнү кан төгүлгөн аянтта, эр жигиттер менен ок алдында өрт аралаш ажалдын ортосунда кадимки Кыргыздын кыз Сайкалындай душманга каршы туруп, энелик жүрөгүң менен балдарды чырылдап коргоп турганың эсте. Мындай жүрөктүүлүк ар бир адамда боло бербейт, ал эми аялзатынын мындай кадамга барышы өзүнчө кеп кыла турган окуя. Сенин ошол күнкү эрдигиң миңдеген кыргыз аялдарынын канчасынын жүрөгүнө таасир калтырды, эрдикке тарбиялады, сага болгон сый-урматты күчөттү. Өмүр адамга бир эле берилет, ал өтө кымбат, анын куну жок, наркы бычылбаган байлык. Ошол адамдын чексиз, кымбат байлыгы болгон өмүрүн кыйуу дүйнөдө наадандыктын наадандыгы эмеспи. Кан төгүлгөн аянтта андагы кутурган бийликтин күр дөбөттөй жулунган желдеттери эр жүрөк балдарды ит аткандай терип атып жатканда ошол ок сага да тиймек, бирок, сен андан корккон жоксуң Токтайым, аларды таштап кеткен жоксуң, жаныңды оозуңа тиштеп, бийликке каршы сүйлөп, ажал менен аралашып согушуп жүрдүң. Нагыз мекенчил, чыныгы кыргыз кызы экениңди көргөздүң. Бар бол, Токтайым!

## Кундуз Нарыбаева
## Ар бир эне бала үчүн жашайт



Мен Дастандын жеңесимин. Класс жетекчиси да болчумун. Эне, мугалим катары, ушундай кандуу окуялардын болбосун деп Кудайдан тилейм. Биздин Дастанга окшогон жаңыдан гүлү ачылып келаткан жаш муундар аман-эсен тынчтык заманда жашашсын.

Кыргызстаныбызда бейпилдик өкүм сүрүп, жаштарыбыз терең билим алып, ар бир үй бүлөдө энелер балдарын мээрим төгүп, күн сайын мектепке узатып жана кубанып тосуп алуусун каалайм.

Бир да эне баласын жоктоп сыздабасын. Курман болгон эр азаматтарга баа берилиши керек, алар чыныгы баатырлар!



## МИРА СЕЙДИКЕРИМОВА
## Талас облустук мамлекеттик медиаборборунун журналисти



2010-жыл, 6-апрель. Талас. Саат 11лер чамасында шаардын борборуна эл чогула баштады. Аял-эркеги, кары-жашы дебей, бир чечимге келген адамдардын жүзүнөн ишеним менен үмүттү, жалтанбаган кайратты, жаал кайнаткан ызаны көрдүм. Алар катуу сүр менен кайраттуу кадам шилтеп баратышты. Ушул тапта бийлик тараптагылар да кур жатпай, Ак Үйдүн кире беришине каз-катар милициялар тизилип, жолдорду бууган МАИчилердин машинелери ар кайсы жерлерде токтоп турду. Ага карабай буркандаган дайрага окшоп эл Ак Үйгө агылды. Тиричиликтин улуу күчүнө таң калам. Кыргызстандын тагдыры чечиле турган ошол күнү да тиричилик кадимкисиндей өтүп жатты. Базар, дүкөндөр ачык, жумушка кирип чыккан адамдар. Редакциябыз облустук ички иштер башкармалыгына жакын. Экинчи кабаттагы балкондон чаар ала кийинген эки жигит башкармалыктын чатырынын үстүндө боортоктоп, мылтык шыкаалап жатканын көрдүм. “Булар кимдер? Снайперлерби? Кимди атат?” деген күдүк ой сезимимди аралап өттү.

Кечки саат 6лар чамасында жумуштан кетип баратсак, Таластын үстүндө вертолёттор айланып, облустук ички иштер башкармалыгынын алдында чогулган аскер кийимчендер калкандарын калдайтып, темир тордун артында толуп турушуптур. Кечинде кулак тундурган жардыргычтар биринин артынан бири жарыла баштады. Ак Үйдүн бардык терезелеринде жарык жанып, Ак Үйдөн эшикке сүрүлгөн эл соо качпай, баш кесмек бар, тил кесмек жок дегендей, “Бакиев кан ичкич, Бакиев кетсин! ” деп кыйкырып жатышты.

Кабарчылар Насипа Анарбекова, Мээрим Иманкулова болуп иштеп жатсак, саат түнкү 1.30 редакцияга Улан Абдрахманов кирип келди. Көзү карыгып, жаш агып, жөтөлүп абалы начар. Ал 76 киши жарадар болгонун, жарадарларды ооруканага жеткирип жатышканын айтты. Болгон окуяларды айтып, биз менен бир аз сүйлөшүп, үйүнө

# ТОКТАЙЫМ ҮМӨТАЛИЕВА – Кыргыздын Кыз Сайкалы



Ак жоолугун моюнга салган коомдук ишмер Үмөталиева Токтайым 7-апрель күнү кан төгүлгөн аянтта, эр жигиттер менен ок алдында өрт аралаш ажалдын ортосунда кадимки Кыргыздын кыз Сайкалындай душманга каршы туруп, энелик жүрөгүң менен балдарды чырылдап коргоп турганың эсте. Мындай жүрөктүүлүк ар бир адамда боло бербейт, ал эми аялзатынын мындай кадамга барышы өзүнчө кеп кыла турган окуя. Сенин ошол күнкү эрдигиң миңдеген кыргыз аялдарынын канчасынын жүрөгүнө таасир калтырды, эрдикке тарбиялады, сага болгон сый-урматты күчөттү. Өмүр адамга бир эле берилет, ал өтө кымбат, анын куну жок, наркы бычылбаган байлык. Ошол адамдын чексиз, кымбат байлыгы болгон өмүрүн кыйуу дүйнөдө наадандыктын наадандыгы эмеспи. Кан төгүлгөн аянтта андагы кутурган бийликтин күр дөбөттөй жулунган желдеттери эр жүрөк балдарды ит аткандай терип атып жатканда ошол ок сага да тиймек, бирок, сен андан корккон жоксуң Токтайым, аларды таштап кеткен жоксуң, жаныңды оозуңа тиштеп, бийликке каршы сүйлөп, ажал менен аралашып согушуп жүрдүң. Нагыз мекенчил, чыныгы кыргыз кызы экениңди көргөздүң. Бар бол, Токтайым!

# Кундуз Нарыбаева
## Ар бир эне бала үчүн жашайт



Мен Дастандын жеңесимин. Класс жетекчиси да болчумун. Эне, мугалим катары, ушундай кандуу окуялардын болбосун деп Кудайдан тилейм. Биздин Дастанга окшогон жаңыдан гүлү ачылып келаткан жаш муундар аман-эсен тынчтык заманда жашашсын.

Кыргызстаныбызда бейпилдик өкүм сүрүп, жаштарыбыз терең билим алып, ар бир үй бүлөдө энелер балдарын мээрим төгүп, күн сайын мектепке узатып жана кубанып тосуп алуусун каалайм.

Бир да эне баласын жоктоп сыздабасын. Курман болгон эр азаматтарга баа берилиши керек, алар чыныгы баатырлар!



# МИРА СЕЙДИКЕРИМОВА
## Талас облустук мамлекеттик медиаборборунун журналисти



2010-жыл, 6-апрель. Талас. Саат 11лер чамасында шаардын борборуна эл чогула баштады. Аял-эркеги, кары-жашы дебей, бир чечимге келген адамдардын жүзүнөн ишеним менен үмүттү, жалтанбаган кайратты, жаал кайнаткан ызаны көрдүм. Алар катуу сүр менен кайраттуу кадам шилтеп баратышты. Ушул тапта бийлик тараптагылар да кур жатпай, Ак Үйдүн кире беришине каз-катар милициялар тизилип, жолдорду бууган МАИчилердин машинелери ар кайсы жерлерде токтоп турду. Ага карабай бууркандаган дайрага окшоп эл Ак Үйгө агылды. Тиричиликтин улуу күчүнө таң калам. Кыргызстандын тагдыры чечиле турган ошол күнү да тиричилик кадимкисиндей өтүп жатты. Базар, дүкөндөр ачык, жумушка кирип чыккан адамдар. Редакциябыз облустук ички иштер башкармалыгына жакын. Экинчи кабаттагы балкондон чаар ала башкармалыктын чатырынын үстүндө боортоктоп, кийинген эки жигит башкармалыктын чатырынын үстүндө боортоктоп, мылтык шыкаалап жатканын көрдүм. “Булар кимдер? Снайперлерби? Кимди атат?” деген күдүк ой сезимимди аралап өттү.

Кечки саат 6лар чамасында жумуштан кетип баратсак, Таластын үстүндө вертолёттор айланып, облустук ички иштер башкармалыгынын алдында чогулган аскер кийимчендер калкандарын калдайтып, темир тордун артында толуп турушуптур. Кечинде кулак тундурган жардыргычтар биринин артынан бири жарыла баштады. Ак Үйдүн бардык терезелеринде жарык жанып, Ак Үйдөн эшикке сүрүлгөн эл соо качпай, баш кесмек бар, тил кесмек жок дегендей, “Бакиев кан ичкич, Бакиев кетсин! ” деп кыйкырып жатышты.

Кабарчылар Насипа Анарбекова, Мээрим Иманкулова болуп иштеп жатсак, саат түнкү 1.30 редакцияга Улан Абдрахманов кирип келди. Көзү карыгып, жаш агып, жөтөлүп абалы начар. Ал 76 киши жарадар болгонун, жарадарларды ооруканага жеткирип жатышканын айтты. Болгон окуяларды айтып, биз менен бир аз сүйлөшүп, үйүнө

кайра кетти. "Тез жардамга" чалдым. Линия бош эмес. Улам улам чалып жатып акыры алардан жарадарлардын саны саат санап өсүп жатканы тууралуу маалымат алдым. Ошол учурда областтык ооруканaнын травма, хирургия бөлүмүнө 87 киши жеткирилиптир.

7-апрель күнү саат 9дар чамасында көчөдө эл көбөйө баштады. Мэриянын алдына чогулган эл ички иштер башкармалыгын көздөй жөнөдү. Элге ыргытылган ок жардыргычтардан, саңырсыган октун жыты башты айлантып, көздү ачыштырат. Алаамат башталгандай эле болду. Кыжырданган элдин энергиясына куралданган солдаттар туруштук бере албай калды. Кыйкырык чуу менен колуна таш, таяк көтөргөн көпчүлүктүн сүрү от жалынга айланып ички иштер башкармалыгын каптап жалындап күйгөн от менен кошо качып чыккан Конгантиевди кармап алган эл, жаалданып аянтты көздөй алып кетишти. Өрткө чулганып, кара түтүн булап УВД калды.

Кечээ эле кашкайып сыналгыдан сүйлөп жаткан генералды колго түшүрүп алып, андан бийликке болгон ыза-кордугун, азап-тозогун чыгарып алчудай албууттанган көпчүлүк Ак Үйдүн алдын бербей быкпырдай кайнап, кыйкырык чуу...

7-апрелде асман ыйлап турду... солуктап, үн чыгарбай, ичинен эзилип жарын жоктогон келиндей, эч ким үнүмдү укпаса экен деп жаздыкка баш катып ыйлаган энедей... Ошондогу октун каңылжаарды жарган ачуу жытынан табият өпкө кага энтигип турду...

Акыйкатсыздык, коррупция, үй бүлөлүк бийликке каршы туруп, жакшы жашоо, жаркын келечек үчүн умтулган Апрель Элдик Революциясынын жеңиши кыргыз эли үчүн кымбатка турду. Кыргыздын 88 кыраан жигити курман болуп, канчалаган үй бүлө кан жутуп, кайгыга батты. Жалындаган жаштыгынан кечип, жанын шейит кылган жигиттердин эрдигин баалай албай, бийликтегилер убагында татыктуу баа, наам бере албай коюшту. 7-Апрель Элдик Революцияда курман болгон жигиттер биздин замандын чыныгы баатырлары, алардын ар бири Кыргыз Эл Баатыры наамына татыктуу! Анткени алар өлкөбүздүн тарыхындагы улуу бурулушту жасап, жалынга айланган ак жарык болуп, келечекке жол көрсөтүп кетишти.



# УЛАН АБДРАХМАНОВ,
## Ошол кездеги "Азаттык" Радиосунун Таластагы өз кабарчысы



***"Азаттык" үналгысынын ошол кездеги журналисттери (солдон оңго карай) Улан Абдрахманов, Замира Кожобекова, Жанар Акаев жана жергиликтүү журналист Машакбай Рахманкулов***

Ошол күндөрү баардык маалымат каражаттары жан аябай иштешти. Өзүбүз таяк жеп, техникаларыбыз сынды Талас теле-радиосунун оператору Улан аттуу жигиттин фотоаппаратын жерге чаап сындырышып өзүн таякташкан. Менин фотоаппаратымды дагы талкалап, топ балдардын колу тийди, себеби, биз алдыңкы планда жүргөнбүз. Улам алга жакындап окуяларды тартып жатканда менин бутума таш тийгендей болгон , ал күнү аны билгеним жок көрсө желим ок тийиптир. Бир далай күн аксап жүрдүм. Жабыркагандар ооруканага батпай толуп кетти, дагы далайлары тиги бийлик келет экен деп коркуп үйлөрүндө жатып калды. Кийин компенсация алганда өкүнгөндөр көп болду, өзгөчө ички иштер бөлүмүндө иштегендердин көбү ар кандай жол менен 50 000 сомдон алышты. Айрымдары чын эле жабыркаган, ал эми чыпалагын чийип кеткендер деле эптеп жолун таап алгандарга эл аябай наразы болду. Бишкектеги "Азаттык" радиосу биздин Таластагы окуяны 6-7-апрель күндөрү тынымсыз так, даана чагылдырып турду.

# Таластагы коомдук уюмдардын аракети

Демократия жел аргысы чынында Таласта аркырап уруп турат. Саресеп салып карап турсаң, бардык элдик кыймылдар менен саясый окуялар бизден башталат. Ошондуктанбы айтор шайлоодо ыр-чырлар, кызматка коюудагы адилетсиздиктерге коомдук уюмдар кайдыгер болушпайт. Мына апрель окуясында да региондун бардык жерлеринде ошол активисттердин жандары тынбай эл ичинде болушуп, чыр-чатакты чыгарбоого, сабырдуулукка чакырып жүрүштү. "Элназ" коомдук бирикмесинин жетекчиси Гулнара Избазарова дуулдаган жаштарды жөнгө салууга, "Айкөл"коомдук бирикмесинен Гульмира Темирбекова өз жамаатындагылар менен эл арасында болсо, "Гүлжигит" коомдук уюмунун жетекчиси Эркинбүбү Эшимбекова эл менен бирге болуп, окуяны өз көзүдөрү менен көрүп жүрүштү. "Хавва"коомдук уюмунун жетекчиси Ибадат Эргешова жубайы менен Таластагы окуянын катышуучусу катары жүрдү. Ал эми Бакай-Ата районунан "Андаш" коомдук уюмунан Мамбеталиев Андаш жубайы менен "Аккайың" коомдук уюмунан Жаңыл Мырзалиева, Кара-Буура районунан Айгул Жунусова, Манас районунан Гулнара Садыровалар элдин тынчтыгын сактоого жер-жерлерде аракет кылышты. Ал эми Авган согушунун катышуучулары өзгөчө ошол күнү өздөрүнүн чыныгы эр жүрөк жоокерлер экендигин көргөзүштү. Талас мэриясынын бүтүн сакталып калышына ошолор зор салым кошту.

***

Биз дагы 6-апрель күнүн азыр да аяныч менен эскеребиз. Себеби, Таласта болуп өткөн элдин көтөрүлүшүн чагылдыруу үчүн "Радиомосттун" баардык журналисттери жана элдик кабарчылары эртеден кечке болгон окуяларды түз жана айкын чагылдыруунун үстүндө иштешти. Бул күнкү абал тууралында эскере турган болсок борбордук аянтка чогулган эл абдан тынчсыздануу жана өкмөткө кыжырдануу менен топтолуша берди. Биздин кабарчылар айрым учурда кыжырданган эл тарабынан ыңгайсыз абалдарга да кезигишкен учурлары болду. Бирок, ага карабастан болуп жаткан окуяларды кабарчыларыбыз эки диктофон менен иштеп, кабарларды интершум менен интернетке "Радиомостун" өздүк сайты аркылуу байма-бай чагылдырып жатышты. "Азаттык" үналгысынын кабарчысы Улан Абдырахманов менен тыгыз байланышта иш алып барып, Алматы, Москва, Бишкекке жана "Комсомолская правда" гезитине болуп жаткан окуялар тууралында маалымат берилип турду. Ошол учурда так, бурмалабай убагында кабарларды чагылдырып туруу жана эл үчүн кызмат кылуу ар бир журналисттин милдети эле. Журналистик эле кызмат аткарбай, эл менен бирге болуп, аларды сабырдуулукка сак болууга үндөп турдук.





*ОртоАзия региону боюнча жалгыз гана Таластагы жамааттык "РадиоМОСТ" үналгысынын жетекчиси ГУЛЬМИРА ОСМОНОВА жана бирге иштегендер*

# МАШАКБАЙ РАХМАНКУЛОВ – журналист



Таластагы окуя ушундай нукта жүрүп жаткан маалда Бишкекте да Ала-Тоо аянтындагы эл Ак Үйгө чабуулун токтотпой, эр азаматтар четинен окко учуп жатса да кайра тескерисинче ого бетер күч-кубат алып, акыры түндүн бир оокумунда Ак Үйдү ээлешет.

Таластагы эки күндүк кармашта бир да курмандык болбой, бир дагы соода точкасы тонолбой аяктаганы бир чети үлгү, бир чети абийир болду! Эгерде 6-апрелде Таластын Ак Үйү алынбаганда, балким 7-апрель күнү Бишкекте, Кыргызстандын башка аймактарында эл ушунчалык күчтүү дух, эреркеген дем менен бийликке каршы көкүрөк тосуп чыгалат беле, жок беле – бир Кудай билет. Аларга дал ошондой дем-күчтү бир кудай, анан Манас бабабыз

ордо кылып жердеген касиеттүү Таластын деми, улуу бабабыздын руху бергендир.

Талас эли балким ушунусу менен артык, ушунусу менен өзгөчөлүүдүр?!

Кайран балдардын кырчын өмүрү кыйылды. Баарынан да өкүнүчтүүсү алиге күнөөлүүлөр жоопко тартылбаганы.

## КОЗУБЕК ИМАНКУЛОВ,
## Кыргызстан Журналисттер Союзунун Талас облустук бөлүмүнүн төрагасы



Өлкө башчысы Курманбек Бакиевдин жана анын жакындарынын өкүм зордук, зулумдук, ачкөздүк жана адилетсиз саясатына өлкөнүн жалпы элинин наразылыгы бышып жетилген болучу. Бул ирет Айкөл Манас ата жердеген Талас жергесинин эли элдик революциянын карлыгачы болду. Бийлик элди катаалдык менен коркунучта кармап, жарым кулчулукка моюн сундуруп, өлкөнүн байлыгын, элдин ырыскысын талап жеп, ачкөздүк аракетин уланта бермек. Бул аз келгенсип электр энергиясынын жана коммуналдык кызмат акыларын эпсиз жогорулашы элге катуу сокку болуп тийди. Өлкөнүн бүт байлыгы Курманбек Бакиевдин баласы баш болгон эл аралык аферист адамдардын колуна топтолуп, миллиарддаган акча каражаттары мамлекеттин көзөмөлүсүз калган.

Буга чейин коомчулук эл журт көкүрөктөгү шакардай кайнаган көйгөйлөрүн бийликке жеткирүүгө аракет жасашты. Бирок ачкөздүккө араанын ачкан мелтейген бийлик башчылары дил төшөбөдү, укпады. Аргасы түгөнгөн, элдин толкундоосу Нарын жергесинде башталган, бирок бийлик бир аз гана социалдык маселелерди чечип, жооткотуп тим болгон. Өлкө бийлигинин арам саясаты калкты түп көтөрүлө күрөшүүгө аргасыз кылды.



6-апрель күнү түшкө жуук өрөөндүн баш аягынан адамдар Талас шаарынын борбордук аянтына жыйнала баштады. 7-апрель күнү Талас жергесинде тынчтык митингисин өткөрүүгө келаткан "Ата Мекен" партиясынын лидерлеринин бири Болот Шерниязовду күч органдары "Мамлекетке ыңкылап жасоого аракет кылды" деген негиз менен каматкан соң, "Ата Мекен" партиясынын көпчүлүк активисттери иш чаранын нугун өзгөртүп, чечкиндүү кадамдарды жасоого аргасыз болду.

Ошондой эле социалдык наразылыктары чегине жеткен адамдардын саны улам көбөйүп, 3000ден ашык адам аянтка жыйналды. Селдей толкуган эл губернатор Бейшенбек Болотбековду барымтага алган соң күч органдары Болот Шерниязовду камактан чыгарышты.

Областтык мамлекеттик администрация кечке чейин митингчилердин көзөмөлүндө болду. Саат 18дер чамасында Таласка беш вертолөт менен атайын даярдыктан өткөрүлгөн аскерлер келип түштү. Абал улам оорлоп, чыңалып, кырдаал курчуй баштады. Ал эми премьер министр Данияр Үсөнов маалымат жыйындарында УТРК телеканалы аркылуу Таластагы абал тынч деп бай-байма жалган маалыматты айтып жаткандыгы элдин кыжырын ого бетер кайнатты. Мен, досум - көрүнүктүү сүрөтчү Жаныбек Рай экөөбүз Ак Үйдүн артындагы бактан борбордук аянтка келатканда асмандан жерге жапыс учуп келаткан вертолёттун моторунун кубаттуу доошу угулду. Эмнегедир жагымсыз көрүнүш сезилип согуш учурундагы баскынчылардай көрүнүп кетти. Мен Жакеме "бийлик бекер кылып жатат, Талас эли өкүм зордукчулукту көтөрө албайт. Колумда гранатамет болсо тигил вертолөтту атып жайлагым келүүдө. Мындай ой сезим аянтта турган адамдардын ар биринде пайда болуп жатышы мүмкүн" дедим.

Бир убакта аянттын чыгыш тарабындагы эл күүлдөп козголо түштү. "Келатышат" деген үндөр чыкты. Аңгыча автоматтардан атылган октордун доошу угулду. 200-300дөй жоокер аскер желим ок менен аткылап киришти. Көздөн жаш агыза турган гранаталар жарылганда жер экиге бөлүнгөндөй эсти эки кылды эле аянттагы миңдеген адамдар туш тарапка чачылышты. Газ демди кысып, көздү ачыштырып жан алекетке салды. Октор тынымсыз атылып, аскерлер ЗАГСтын имаратынын артына чейин келип ок чыгарып жатышты. Теребелде ок дарынын жыты жана газдын жыты каңырсып жыттанып, көк түтүн каптап турду. Удургуган элдин арасында "Эй качпагыла, коркпогула боевой октор эмес" деген үндөр жаңырып жатты. Мен Жакеме "Таластын эли шумовой гранатанын жарылганын көрө элек.

Ошондуктан чачылып кетишти. Кайран гана баатыр жигиттер! Элдин, Мекендин жаркын келечеги үчүн ажалга тике карап курман болушту. Эр жүрөк уулдардын жан таслим болуп жаткандыгын көргөндө кандай гана жүрөк чыдап тура алат. Таш, мерез жүрөктөр гана, Бакиевдердикине окшогон канкорлордун гана жүрөгү чыдабаса, адам чыдап тура албайт. Көз алдыма акыркы "Самурай" деген көркөм фильм тартылды. Мөндүрдөй жааган окко кырылып жаткан самурайлар өздөрүнүн улуттук намысы үчүн эң соңку чабуулга өтүп кыйылган чөптөй сулагандыгы эске түштү. Ошондо дагы көзүмө жаш тегеренген эле.

Мындан 4-5 жыл мурда "мен бийликти курал менен коргоп ок атуудан тартынбайм" деген Курманбек Бакиев көркоо иниси Жаныш Бакиев экөө 80ден ашык мекендешибизди жайран кылып,минден ашык адамды канга чылады. Эки жүздүү, алдамчы, "супер кидалщик" Бакиев өз элинин канын төккөн «Чикатилого» айланып чыга келди. Эми курман болгон балдар он жыл өтсө да алиге алардын эрдигин аныктаган эч бир документ жок. Атылып жаткан октон качпай, баатырларча курман болгон эр-азаматтарга Кыргыз Эл БААТЫРЫ наамы берилиши керек. Буга жоопту эл шайлаган Жогорку Кеңештин депутаттарынан жана бийликтен күтөбүз!

## СУРАНЧЫ ДҮЙШӨНБАЕВ – Талас облустук мамлекеттик медиаборборунун журналисти



2010-жылдын 6-апрелинде алгач Таластан башталган элдик революция борбор шаарыбыз Бишкекте жетисинде алоолонгон жалынга айланып, бакиевдердин жексур бийлигин жалмап тынды. Ырас, «хандык бийликти орнотуп, элдин эркин сындырып, кыңк эттирбей башкарып, мамлекетти каалагандай калчап, өз билгенибизди жасайбыз» деген үй- бүлөлүк кландык кылмыштуу режимдин бийлигин кулатуу калкыбыз үчүн оңойго турган жок. Анткени, ошол каргашалуу күнү кыргыздын намыскөй кайраттуу жигиттери мурдагы бийликтин



адилетсиздигине чыдай алышпай нааразылыгын билдирип чыгышканда аларга бийликтин кара өзгөй желдеттери тарабынан ок атылып, 87 эр азамат окко учуп, 1,5 миңдейи жаракат алгандыгы көпчүлүккө жакшы маалым. Айкөл Манастын урпактары нысапсыз бийликтен коркуп, бүшүркөп жашоодон көрө элдин эркиндиги үчүн жанын курман кылууну туура көрүштү. Көрсө, эл башына мүшкүл иш түшкөндө Чолпонбайдай, Дүйшөнкулдай азаматтар өзүнөн-өзү чыгат турбайбы.

Ыңкылап алгач 6-апрелде Талас шаарында башталып, буга белгилүү коомдук ишмер Болот Шерниязовдун Таласка курултайга катышканы келе жатканда бийликтин көрсөтмөсү менен кармалып, камакка алынышы себепкер болгон. Муну мурдагы Жогорку Кеңештин депутаты Исмаил Исаков да өз учурунда мойнуна алып, Таласты ыңкылаптын «алтын бешиги» деп атап, Талас элине чоң ыраазычылык билдирген.

Баса, 2005-жылдагы Аскар Акаевдин башын жуткан ыңкылап Курманбек Бакиевге сабак болбой, ошондогу «уулдарымды, бир туугандарымды бийликке жолотпойм, үй-бүлөлүк башкарууга мындан ары жол бербейм» деген сөзү бат эле эсинен чыгып, кайра аларды «майлуу сүтүү» кызматтарга койгондо деле элибиз ага анчейин маани беришпей качан гана электр энергиясына, жылуулукка, сууга, салыкка, уюлдук телефондун бирдигине бааны эки эсе көтөрүп жиберишкенде карапайым калкыбыз чыдабай калыс сөздөрүн айтышып, өз талаптарын коюшса бийлик кайра аларды коркутуп, опузалап ал түгүл айрымдарын камап, бир канчасын өлтүргөнгө чейин үлгүрүшкөнүн айта кетүүбүз абзел.

Аягында карапайым элдин талабын талашып «Шодокондун бүркүтүндөй» ачкөздөнүп байлыкка жутунган нысапсыз бийликке ачыктан ачык каршы чыккан Алмазбек Атамбаевди, Өмүрбек Текебаевди, Темир Сариевди, Болот Шерниязовдун укук коргоо органдарынын кызматкерлери мурдагы бийликтин буйругу менен темир торго камап коюшканда эл мындай нааданчылыкка чыдабай өздөрүнөн-өздөрү көтөрүлүшүп, канкорлордун огунан канчасы окко учканына карабай зордукчул, залим бийликти эки күндүн ичинде таш-талканын чыгарып ийбедиби…

Апрелдин 7синде Ак Үйдүн алдындагы кандуу кагылышууда Таластын жети азаматы окко учушту. Алар Эмилбек Айылчиев, Саламат Ашыралиев, Жолчубек уулу Урмат, Жылдызбек Огомбаев, Күмүшбек Сейдасанов, Үсөн уулу Дастан, Бекбосун Сатыбалдиевдер эле.

Ушундай кыргыз элинин келечеги, боштондугу үчүн шейит кетишкен эр жүрөк уулдарын калкыбыз эч убакта унутпайт. Жыл сайын 7-апрель күнү аларга тургузулган эстеликтердин алдында гүлчамбарларды коюп, куран түшүрүп, эскерип турушат. Силердин эрдигиңер кыргыз эли жер үстүндө жашап турганда кылымдардан-кылымдарга даңазалана бере эринде шек жок.

## НУРЖИГИТ СЕЙДАЛИЕВ – Талас облустук мамлекеттик медиаборборунун журналисти



2002-жылдагы Аксы окуясы, 2005-жылдагы март окуясы жана 2010-жылдын 6-7-апрелиндеги элдик революция элибиздин эгемен мамлекетке ээ болгондон кийинки акыйкат, адилет башкарууга негизделген демократиялык баалуулуктардан тайбай өнүгүүнү камсыздоодогу эң маанилүү тарыхый окуялар болуп саналат. Апрель революциясы мамлекетибиздин тарыхына өтө олуттуу күн катары кирди.

Бакиевдердин бийлиги өткөндөн сабак албай, өзүнөн мурдагы бийликтин жолоюна түшүп, жемкорлукка батып, кылмыш дүйнөсү менен ымалалашып, баш көтөргөн каршылаштарды өлтүрүп жок кыла баштады. Бакиевдердин үй-бүлөлүк кландык бийлигине каршы күрөшүү, республикадагы баш аламан социалдык-экономикалык саясатты мыйзамдык жолго салуу боюнча оппозициялык күчтөр Бириккен Элдик Кыймылдын түзүштү. Адилеттиктен тайган бийликке наразылык акциялары күчөп отурду. Нарында болуп өттү. 2010-жылдын 6-апрелинде БЭКтин бийликке койгон талаптарынын аткарылышын талкуулоо боюнча облуста курултай өткөрүүгө келген Болот Шердин суракка алынып, абакка камалышы менен, Апрелдин 6да Таласта күч алды. БЭКтин облустагы координатору Койсун Курманалиева башында турган таластык оппозициялык күчтөрдү кууп таратууга ички иштер министри



Молдомуса Конгантиев спецназ курамын өзү жетектеп келди. Андан наркысы жалпы элибизге жакшы белгилүү... Канкор бийлик менен кармашууда толкуган элдин сап башында Койсун Курманалиева, Анарбек Жумалиев, Дилбара Улушбекова, Нусуп Бектенов, Серен Шейшенов, Оморбай Нарбеков, Элүүбай Отунчиев, Жусуп Бейшенов, Төрөбек Кишенбаев жана башка ондогон мекенчил инсандар болушту.

Эртеси, 7-апрелде Бишкекте мамлекетте адилеттик башкарууну талап кылып жүрүшкө чыгышкан демонстранттарды көзгө атарлар башка, жүрөккө мээлеп атышты. Илгертен эркиндикти, адилеттикти, ар-намысты баарынан бийик туткан, ал үчүн канын-жанын аянбаган ак калпак элибиздин мекенчил азаматтарына ажал издеп учкан октор тоскоол боло алган жок. Селдей каптап, темир тосмолорду жарып кирип барышып, канкор бийликти түп орду менен оодарып салышты.

Ал оңойго турган жок. Мамлекеттин Ак Үйүнүн астында 87 эр-азамат окко учту, бир жарым миңден ашык адамдар жаракат алышты. Ошол күнү кылмыштуу бийлик менен кармашта Таластын кулундары Айылчиев Эмилбек, Ашыралиев Саламатбек, Жолчубек уулу Урмат, Огомбаев Жылдызбек, Сейдесанов Күмүшбек, Үсөн уулу Дастан, Сатыбалдиев Бекбосын, Назарбеков Казбек курман болушту. 6-апрелде наразылык акциясынын катышуучуларына бийлик тарабынан куралдуу күч колдонуунун жүрүшүндө башынан алган жарааттан улам Таалай Рысбеков мерт болду. 6-апрелде Таласта ИИМдин кубаттуу күчүнүн байлап-маталып турушу 7-апрелде Бишкекте элдик революциянын ишке ашышын шарттады деп айтсак болот. Ошондон улам эл оозунда “Талас- Апрель революциясынын бешиги” аталды.

Көктөн кайкыган жылдыздай болуп, бул ааламдан түбөлүктүүлүккө кетишкен баатыр уулдарыбыз! Силерге даңк, силерге урмат! Эли-жеринин жаркын келечеги үчүн жан беришкен баатырлар эл тарыхында түбөлүк жашайт. Силердин ар бириңер **Кыргыз Эл Баатыры наамына татыктуусуңар!**

# ШАМИЛЬ МУРАТ, Жамааттык “Радиомост” уналгысындагы “Демократия сааты” радио берүүсүнүн алып баруучусу



2010-жылы 6-апрелде күүгүм ченде шумовой гранаттардын жарылуусунан катуу ууланыпмын, көздөрүм тумандап, беттеримди сансыз кумурскалар чаккандай, дем ала албай шалдыраган абалда болдум. Эс алгандан соң кайра чыктык, эки жакты байкап сак болуп калдык, кол телефонум ошол күнү мен үчүн автоматтай эле кызмат кылды, улам чуркап барып зарядга коюп, кайра келип окуяны тартып да, угуп да тийиштүү жерлерге билдирип да жаттым. Немец толкуну, орус радиосу, “Би-би-си” ар кандай демократиялык уюмдар, жаштар борборлору менен региондордогу тилектештер чогуу иштешкен Татыбек экөөбүздүн сак-саламат болушубузду жана өмүрүбүздү тилеп жатышты.

Дүйнөнүн чар тарабынан чет мамлекеттик өкүлчүлүктөрдөн, кадыр-барктуу коомдук уюмдардан, журналисттер менен партиялардын суроолоруна так жооп берип турдум. Ошол күндөрү өзгөчө алыскы Швециядан эмигрант болуп жүргөн Эдиль Байсалов тынымсыз чалып менден маалыматтарды алып турду. Эки күндүн ичинде Таласта болгон баардык окуяларды чагылдырганга үлгүрдүм, Азыр колумда Талас окуясы боюнча 1, 5-2 сааттык видео тасмалар сакталуу, ал буйруса мамлекеттин кандайдыр бир керегине жарап, Талас тарыхынын барактарын толуктайт деп ойлоймун.



## Сак бол пенде

Чоочулабай кудайдын сурагынан,
Чорт кестирип чыпалак, кулагынан.
Сары улактай коркпостон союп салган,
Садыркулов Медеттин убалынан...

Убалынан корккондор таза болот,
Уйкусу тынч керт башы аза болот.
Келечегин ойлогон бей күнөөлөр,
Кесиринен алардын каза болот.

Алар, алар ажыдаар адам эмес,
Арт жагында калтырган жаман элес.
Бак-таалайсыз тентиген бир сөлөкөт.
Балдарына айта албай калар керээз...

## Тагдырым менин Кыргызстан

Тарыхың сенин тереңде,
Талыкпай сүзүп кемеңде.
Бергениң алып жетилдим.
Беремин эми мен элге.

Гүлдөдүм, өстүм, өнүктүм,
Гүлүндөй жайнап өрүктүн.
Өмүрүм сенде бактылуу,
Өзүңсүз мен бир өлүкмүн.

Кааласам канат учканым,
Касиет толо туш жагың.
Кадырым билер бир гана,
Карегим Кыргызстаным.

Аздектеп абийир тутканым,
Абаңды жыргап жутканым.
Аман тур сууң түгөнбө,
Ардагым Кыргызстаным.

Маңдайы жарык жылдыздан,
Манаска ордо тургузган.
Майкөлүм, кенчим, түгөнгүс,
Мартабам менин Кыргызстан.

Оорлобой буттан тургузган,
Ордумду таптым турмуштан.
Тууңду өтөм жамынып,
Тумарым менин Кыргызстан.

Канатың талбай учканың,
Кайкалап бийик сызганың
Таалайга бүткөн мен үчүн,
Тагдырым Кыргызстаным, –

## Атка минерлерге кайрылуу

Эй акимдер
Эл менен эл,
Жер менен жер боло албай,
Канат кайкып, чындыкты айтып,
Куйрук менен коно албай.
Бийлик жылбай,
Бир иш кылбай,
Бир уучка толо албай.

Кыйналдыңар, эл кыйкырса калтырап,
Кынтыгы жок сөз айта албай тартынат.
Чындык бүгүн күтөт сенден чындыкты,
Чыксаңарчы калк алдына жаркылап.

Уурулардан коркуп көзгө сая албай.
Улуулардан насли- таалим ала албай.
Кынтыгы жок иштей албай эл менен,
Кызардыңар канча жолу анардай.

Кошоматчы колу-жолун караган,
Коркпой-үркпөй ала берген парадан.



Жетилбеген ара туулган баладай,
Жетекчилер көп экен го чала жан.

Билбегендер билимдүүгө бергиле.
Билимдүүлөр элге жакын келгиле.
Өзүм эле дебей ойлон башканы,
Өлкөдөгү тоскоолдукту жеңгиле!

## Чындык барбы?

Чындык, чындык, жан тындырбас чырсыңбы,
Чыккан күнбү, муңдуу обон ырсыңбы.
Убакыттын колу – бутун байлаган,
Узун этек, айсыңбы же жылсыңбы.

Чындык, чындык анын өзүн ак десем,
Чырылдаган анын сөзү так бекен.
Жээк- жаат бөлгөн элдин ортосун,
Же болбосо чындык деген тап бекен.

Чындык, чындык падышада болгондо,
Чыр чыгарбай салып коймок оң жолго.
Тешип өткүн тоскоолдукту кылычтай,
Териксең да, тебеленбе, кор болбо.

Депутатта эгер чындык болгондо,
Дем чыгарбай салып коймок оң жолго.
Калган эмес ата-энеңден мураска.
Каалашынча ал бийликти колдонбо.! .

## Сатылган жердин арманы

Айтайын десем тилим жок,
Арманым күчөп дилим чок.
Кор кылып кесип саттыңар,
Кой-ай деп коер бириң жок.

Ыйлайын десем үнүм жок,
Ырыстуу болгон күнүм жок.
Ыркырашып саттыңар,
Ыймандуу болгон бириң жок.

Үзөнгү кууш үзүлүп,
Каркыра кетти сүзүлүп.
Ит-тартыш кылып бөлдүңөр,
Ич ара сөздү бүтүрүп.
Түштүктө түмөн жер ыйлап,
Түшүнгөн кыргыз эл ыйлап.
Жалпынын болбой каалоосу,
Жашыруун кетти не бир жак.

Казакка кетти канча жер,
Кайгысын анын тарта бер.
Тажиктер алган талаанын,
Тарыхын кошо айта бер.

Өзбекке кетти өрөөндөр,
Өкүнбөй койду берендер.
Жабыла колун сунушат,
"Жалпынын үйү" белең жер.

Бийликтин көзүн май басты,
Билинбей ыйлап сай жатты.
Кабыргам жаман кайышат,
Карманам эми кай жакты.

Арманым ичке толот деп,
Айтылат дайым чолок кеп.

Койнунда жатат душманым,
Коркомун кокус болот деп.

Кыйла журт бөтөн түрүлүп,
Кыл чайнайм кээде түнүлүп.
Кыргызым аччы көзүңдү,
Кырсыктар кетсин сүрүлүп.



## Демократ

*(Топчубек Тургуналиевге арналат)*

Декабрь суугундай кычыраган,
Демократ чыныгы ушул адам.
Агын ак деп, карасын кара деген,
Акыйкат деп азапка учураган.

Жагынбаган бийликке жүгүнбөгөн.
Жакшылыктан эч качан түңүлбөгөн.
Жүк көтөрүп Кыргыз деп кыйналса да,
Жүрөгүндө нуру өчпөй күлүңдөгөн.

Канча бийлик баалабай, барк албаган,
Кан-бегинден Топчуке жалтанбаган.
Зыяны көп бизге деп өлкө башы,
Зынданыңдын түбүнө аркандаган.

Арканыңдан коркпогон чоочубаган,
Ар кандай кеп чыгарган оозу жаман,
Вулкан болуп атылган Топчукеге,
Бу Кыргызда жок экен чоочун адам.

## Жалгызым, жалгыз гана мекеним бар

Жалгызым, сыймыктанар сүйөнөөрүм,
Жалбырттап сүйүп тураар бир өнөрүм.
Мекеним эне-атамдын эне-атасы,
Мен өлсөм мени менен бир өлөөрүм.

Эркелеп коюнунда тайраңдадым,
Эрке өстүм, эркин өстүм сайрандадым.
Чырпыктай кезден сүйдүм Мекенимди,
Чындыкты бетке айткандан тайманбадым.

Жалгызым, жалгыз гана Мекеним бар,
Мекенде эртеңим бар, кечээгим бар.
Өмүр бер, тагдырымды арнап сага,
Өзүңө кызмат өтөп кетерим бар.

## Парламент

Парламент деген ыйык ат,
Бактымдай менин туюлат.
Намыскөй Кыргыз элинен,
Наарazы сөздөр угулат...

Парламент деген сонун ат,
Байкасам баары оолугат.
Кенедей иши көрүнбөй,
Кээ бири неге корунат.

Парламент элдин үмүтү.
Пасыраак иштин жүрүшү.
Кыйналып эл деп турбаса,
Кыска го өмүр сүрүшү...

## Төртөө алар...

Төгүлбөс ырыскылар, төртөө алар,
Мезгилдин каны болуп жүрүп турар,
МЕКЕН, ЭНЕ, БАЛА жана СҮЙҮКТҮҮ ЖАР.

Байкалбас бакты-таалай дагы төртөө,
ДЕН-СООЛУК, АК ЭМГЕГИҢ, ӨМҮР, ТАЛАНТ,
Болсо эгер сен учасың талбай канат.

Кыйырыңды кырккан кырсык дагы төртөө,
СОГУШ, АПААТ, ЖАМАН БИЙЛИК, ЖАЛГАН ЖАЛАА,
Булардан сактай көргүн кудай талаа.

## Каргалар

Сөз билбеген таанды, каргаларды,
Сөзгө тарттым, болбоду арга барбы.
Бийлик келип колуна коно калса,
Бийик чыгып, үндөрү алгалады.



Бирин-бири колдошуп жылдырышты,
Бийлеп, ырдап көңүлдөрүн тындырышты.
Бий алманын тукумун курут кылып,
Бийик өскөн чынарды сындырышты.

Эртеңкини түгөтүп сатып салды,
Эбегейсиз зор дүйнө катып калды.
Эл сатканды эр дешип, көкөлөтүп,
Эр чыкманы чекеге атып салды.

## Кара-кыргыз

Кара-кыргыз деген сөз күчтүү деген,
Кара-кыргыз деген сөз түптүү деген.

Кара-кыргыз деген сөз кайраттуулук,
Кара-кыргыз деген сөз айбаттуулук.

Кара-кыргыз деген сөз улуу деген,
Кара-кыргыз деген сөз сулуу деген.

Кара-кыргыз деген сөз кенендиги,
Кара-кыргыз деген сөз берендиги.

Кара-кыргыз тайманбас эр дегени,
Каадимки эле Ала-Тоо жердегени.

## Кеңеш
**(райондук кеңеш)**

Кеңеш деп атың сонун кеңешпейсиң,
Келберсип керилген бир белестейсиң.
Келебиз көздөн учкан иш бүтөт деп,
Керемет дүйнө болуп элестейсиң.

Кеңеш деп акыйкаттуу атың жагат,
Кемчилдик качан бүтөт, качан калат.

Келишкен төраганы шайлап алып,
Кеңешип кессек бармак атаганат.

Келинди көрөм бала кучактаган,
Кемпирди үйүм жок деп бышактаган.
Чал келет төкөр бутту жарым жаны,
Чечилбей өкүнүчтөр бутактаган...

Кеңеш деп атың сонун кеңешпейсиң,
Желбиреп желге ойногон желектейсиң.
Катыра курдук десек доорубузду,
Капырай неге бүгүн сенектейсиң.

## Акыйкаттык издөө

Акыйкаттык издебейли асмандан,
Ал колуңда, көкүрөктө, жүрөктө.
Ыйык китеп мыйзамдардан өйдөрөөк,
Ыйманыңды, ызаатыңды түгөтпө.

Кудай көктө, а падыша алыста,
Кууланбагын алгың келсе калыс баа.
Адалдыктын суусу менен нанын жеп,
Акыйкаттык тапкың келсе арышта.

Акыйкаттык ак берметтей нурданат,
Аны көрбөй ач көздөрүң кур калат.
Калыстыктан тайган күнү-жылт этип,
Кадыр-баркың, бак – дөөлөтүң уурдалат

Эркиндиктин ырын ырдап жатканым,
Эл талабын угузууга шашканым.
Кыргыздардын дымагы күч болсо да,
Кыйын экен акыйкаттык таппадым.



## Эстелик

*(25. 08. 12. Баатырларга эстелик ачылганда окулган ыр)*

Боздогон сайда шамалдай,
Ботосун издеп таба албай.
Такталбай күнөө сот жактан,
Таш каап турат каралбай.

Үзүлбөй күндө күдөрү,
Үмүттүү элдин жүрөгү.
Боору бүтүн пенделер,
Боздогон жанды билеби.

Шуулдап учту жагалмай,
Шумпайлар качты жай албай.
Шум ажал октун айынан,
Шумкарлар канат кага албай.

Качты деп, – куубай шашпадык,
Канча сөз айтып какшадык.
Эшигин жыртып, сот чечпей,
Энелер көздү жаштадык.

Эстөөгө турар эстелик,
Эрте-кеч муун эскерип.
Башкар деп, – деп бийлик адилет,
Баатырлар турар сес берип.



**Эстелик ачылганда, 2012-жыл**








**2013-жыл**







**Таласта жыл сайын эскерүү күнү болуп келе жатат**



**КР Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Марат Мураталиев, Талас шаарынын мэри Айдар Жусупбеков жана коомчулуктун өкүлдөрү эскерүү күнүндө**





**Апрель Элдик Революциясынын 9 жылдыгы**



## Талас шаары «Баатырлар паркы», баатырлар аллеясы



## Борбордук эстеликтин артындагы 4 ташта революциянын жүрүшү чагылдырган



**6-апрель**



**7-апрель**



**Аза күнү**



**Жеңиш**



***Бул эстеликтер 2012-жылы август айында тургузулган.***



# ЭМИЛБЕК АЙЫЛЧИЕВ




Алдыртан карап турат,
Ай менен сүйлөшкөндөй.
Айта албай бир нерсени,
Асманга үндөшкөндөй.



# САЛАМАТБЕК АШЫРАЛИЕВ




Сүйө албайт эстеликтер,
Сумсайып карагансыйт.
Суктансак эрдигине,
Капасы тарагансыйт.

## УРМАТ ЖОЛЧУБЕК УУЛУ




Тиктешет келечекке,
Тирүүлөр камын ойлоп.
Керемет бу жашоодон,
Кеткен жок жанын ойлоп.



## ЖЫЛДЫЗБЕК ОГОМБАЕВ




Унчукпайт эстеликтер,
Убайым тартып турат.
Мүлдө элдин жүгүн алар,
Моюнга артып турат.

# КҮМҮШБЕК СЕЙДЕСАНОВ




Тиктешет келечекке
Тирүүлөр камын ойлоп.
Керемет бул жашоодон
Кеткен жок жанын ойлоп.



# ДАСТАН ҮСӨН УУЛУ




Силерден үйрөнөбүз,
Акактай тазалыкты.
Жерибиз, элибизге,
Же бир иш жасадыкпы.

# БЕКБОСЫН САТЫБАЛДИЕВ




Адырдын гүлү ачылат,
Апалар, ыйлабагыла!
Жүзүңөр жарык дайыма,
Жүрөктү кыйнабагыла!



# КАЗБЕК НАЗАРБЕКОВ



Турушат кыймылдабай,
Турмушуң кайда калды.
Кечигип бактысынан,
Кеттиңер айла барбы...

## Кишимжан Таштекеева
### "Баатырларга таазим" коомдук бирикменин төрайымы



2010-жылы 7-апрелден кийин Арстан Сагындыков баатырлардын жакындарынын башын бириктирип «Мекен шейиттери» коомун түздү. Өзү төрага, ар бир облустан координаторлор шайландык. Кийин координаторлор теңтөрага болуп калдык. Таласта эстелик орнотуу үчүн 2011-жылы «Баатырларга таазим»фонду түзүлдү. курман болгон баатырлардын элесин түбөлүккө калтыруу, эрдигин, үй-бүлө мүчөлөрүнө моралдык, материалдык жардам көрсөтүү, келечек муундарды эл жерин сүйүүгө, мекенчилдикке тарбиялоо эле. Ушул максаттарды ишке ашырууда көптөгөн иш чаралар уюштурулуп, талыкпаган эмгек талап кылынды. Талас шаарындагы борбордук паркта 9 баатырга арналган эстелик тургузулду. Омурбек Бабанов 400 миң сом берип эстеликтин турушуна жол ачты. Алмаз Атамбаев 2 миллион сом которсо, Асылбек Жээнбеков 200 миң сом, Зарылбек Рысалиев 100 миң сом, Руслан Казакпаев ж.б.100 миң сомдон, Талас облусунда иштегендер бир күндүк эмгек акыларын которуп беришти. Көп түкүрсө көл болот демекчи эстеликтин турушуна өз салымдарын кошкон патриот уулдарыбызды моралдык жана материалдык жардам берген атуулдарыбызга ыраазычылык билдирип, «Баатырларга таазим» коомунун ардак баракчасына жаздык. «Баатырларга таазим» бирикмесинин 73 мүчөсү бар. Алар курман болгон баатырлардын ата энеси, үй бүлөсү, Апрель Элдик Революциясынын баатырлары, коомдук ишмерлер, жөнөкөй жарандар. «Баатырларга таазим» фонду башында туруп 10 минден ашуун кол чогултуп, Жогорку Кеңешке тапшырганбыз. Натыйжада 7-апрель, «Апрель Элдик Революциясынын күнү» -болуп календарда кызыл күн, эскерүү күнү болуп калды. ЖК депутаты Рыскелди Момбеков бизди кабыл алып, арыз арманыбызды угуп, мамлекеттик деңгээлдеги жумуштун ишке ашышын өз мойнуна алып,зор эмгегинин натыйжасында «7-Апрель Элдик Революция күнү» болуп калды. Талас шаарынын борборунда «Кыргыз элинин келечеги үчүн курман болушкан баатырларга түбөлүк таазим- деген теманын астында баатырлардын сүрөттөрү илинген жарнак тактаны



орнотконбуз. Сүрөттөрдү убактысы менен алмаштырып турабыз. Апрель Революциясынын күнүнө карата облус боюнча спорттук иш чаралар өткөрүлүп, аларга катышып, демөөрчүлүк иштерди жүргүзүп келдик.

Чубактын кунундай чубалып, сотто 6 жыл журдук. Качкын президент сыртынан кесилип, калгандары кутулуп тынышты. «7-Апрель, 7 Баатыр», «Мекеним менин Кыргызстан» деген Арзыкан Момунтаеванын эки китеби жарык көрсө, сиз окуп жаткан «Баатырларга таазим» деген үчүнчү китеби. 2019-жылы 4-апрелде Апрель Революциясынын 9 жылдыгы Таласта мамлекеттик деңгээлде өткөнүн, келген коноктор, катышуучулардын ыраазы болгон сөздөрүнөн байкоого болот. 9 жылдык маареке Момбеков Рыскелди Чыныбековичтин, Талас областынын губернатору Мураталиев Марат Молдоновичтини жардамы, колдоосу, «Бакубат Талас» фондусунун демөөрчүлүгү менен өткөндүгүн баса белгилегим келет. Момбеков Рыскелди «Баатырларга таазим» аттуу документалдуу фильм тарттырды, 9 жылдыкты өткөрүүгө өзү келип катышып, моралдык жана материалдык жардам көрсөттү. Ошондой эле КР президенти С.Ш.Жээнбековго, ЖК депутаттары Г. Молдобековага, Э. Сурабалдиевага, Д. Жумабековго колдоо көрсөткөнү үчүн ыраазычылык билдиребиз. Жылда мектеп окуучулар арасында дил баяндар, жазылып, сүрөттөр тартылып, жеңүүчүлөргө сыйлыктар берилип турат. А. Момунтаеванын китебинен пайдаланып окуучулар, студенттер сценкаларды коюшуп ырларды окушат. Облустук драм театрдын артисттери койгон спектакль ар бир көрүүчүнүн көзүнөн жаш агызат. Жааган октон качпай , ок тийген жолдошторун таштабай, элим жерим деп курман болгон баатырларга «Кыргыз эл Баатыры» наамы берилсе деп аракетибизди жасап журобуз. Бул наамды баатырларга эл эбак эле берип койгон. Бийликке, жеке адамдарга таарынычын беттерине кармап, өз кызыкчылыктарын элдин кызыкчылыгынан жогору коюп, ар кандай шылтоолор менен бул кунду-тарыхты бурмалагысы келгендер, өз камын көрүп, элди унуткан, өздөрүнө ылайыктап мыйзам жазган, калкка эмес ханга кызмат кылган атка миңерлер кошоматчылар, тарых калпты, саткынчылыкты кечирбей турганын эстеринен чыгарып коюп жатышат Апрель баатырлары жол салган демократиялуу акыйкат башкаруу бийлигин, тарыхый мүмкүнчүлүктү колдон чыгарууга акыбыз жок!



***Сүрөттө:** «Баатырларга таазим» коомунун активдүү мүчөлөрү, солдон оңго карай: Бокотонова Күмүшай – курман болгон Жолчубек уулу Урматтын энеси. Токсонова Жамила – Баатыр эне, КР айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер, Апрель Элдик Революциясынын Баатыры. Козубек Иманкулов – Кыргызстан Журналисттер Союзунун Талас облустук бөлүмүнүн төрагасы, Талас облустук медиа борборунун башкы директорунун орун базары. Арзыкан Момунтаева – КР улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, акын, коомдук ишмер. Таштекеева Кишимжан – курман болгон Эмил Айылчиевдин энеси, «Баатырларга таазим» коомдук бирикмесинин төрайымы.*





# «БААТЫРЛАРГА ТААЗИМ» КООМДУК БИРИКМЕСИ

# Ыраазычылык Ардак баракчасы

1. Омурбек Бабанов - экс премьер министр
2. Руслан Казакбаев - депутат ЖК
3. Зарылбек Рысалиев - депутат ЖК
4. Рыскелди Момбеков - депутат ЖК
5. Асылбек Жээнбеков - депутат ЖК
6. Алмаз Атамбаев - экс президент КР
7. Болот Шер - экс депутат ЖК
8. Байышбек Жуманазаров - экс губернатор Талас обл.
9. Койсун Курманалиева - экс губернатор Талас обл.
10. Марат Мураталиев - губернатор Талас обл.
11. Дастан Жумабеков - спикер ЖК
12. Гүлкан Молдобекова - депутат ЖК
13. Эльвира Сурабалдиева - депутат ЖК
14. Бурмагүл Чабдарова - тележурналист
15. Садабек Аджиев - скульптор
16. Манас Акматбеков - коомдук ишмер
17. Эркин Исаков - коомдук ишмер
18. Замирбек Малабеков - коомдук ишмер
19. Асылбек Солтобаев - архитектор
20. Замир Сыдыков - аким Талас р-ну
21. Гулсайра Момунова - акын
22. Гулжамила Шакирова - акын
23. Бакыт Мамаев - обончу, аткаруучу
24. Элмирбек Иманалиев - төкмө акын
25. Аалы Туткучев - төкмө акын
26. Азамат Болгонбаев - төкмө акын
27. Амантай Кутманалиев - төкмө акын
28. Асылбек Маратов - төкмө акын
29. Нурзат Орозалиева - комузчу
30. Мүнүр Мамбеталиев - коомдук ишмер
31. Байма Сутенова - теле алпаруучу
32. Малик Аликеев - ырчы
33. Нурия Айдабосунова - эне
34. Козубек Иманкулов - журналист
35. Арзыкан Момунтаева - акын, китептин автору
36. Мира Сейдикеримова - журналист
37. Жамила Токсонова - ардагер, баатыр эне
38. Каныбек Абралиев - акын
39. Зулайка Таштекеева - коомдун мүчөсү
40. Анара Джайчиева - коомдун мүчөсү
41. Бакыт Турсуналиев - «Бакубат Талас» фонду
42. Умар Анарбаев - «Бакубат Талас» фонду
43. Мурат Курманалиев - коомдун мүчөсү
44. Айдар Жусупбеков - Талас шаарынын мэри
45. Жылдыз Мусабекова - депутат ЖК
46. Серен Шейшенов - Талас шаарынын экс мэри
47. Нуржигит Сейдалиев - журналист
48. Гулмира Осмонова - "Медиа Мост"
49. Жыргалбек Касаболотов - акын, журналист
50. Роза Аманова - ырчы, аткаруучу
51. Данияр Жаныкулов - Алтын Альянс, коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы

# Мазмуну


Таласта революция 6-апрель, 2010-жылы башталган ........ 3

Таластагы революциясынын башталышы жөнүндө сүрөттөр........ 8

Ырлар ........ 12

Президент Сооронбай Шарипович Жээнбековго ........ 22

7-Апрель Элдик Революциясын чагылдырган сүрөттөр ........ 24

Айылчиев Эмилбек Турдубекович........ 28

Ашыралиев Саламатбек Абдыбек уулу ........ 42

Жолчубек улуу Урмат ........ 54

Огомбаев Жылдызбек Мадылбекович........ 62

Сейдасанов Күмүшбек Сүйүнтбек уулу ........ 74

Үсөн улуу Дастан........ 88

Сатыбалдиев Бекбосын Мадинович........ 96

Назарбеков Казбек Казак уулу ........ 108

Рысбеков Таалайбек Кентонович ........ 112

Апрель баатырларын акындар даңкташат ........ 120

Апрель Элдик Революциясына катышкан коомдук ишмерлердин ой-пикирлери ........ 147

Ырлар ........ 173

«Баатырлар паркы», эстеликтер........ 186

«Баатырларга таазим» коомдук бирикмесинин Ыраазычылык Ардак баракчасы ........ 199

Бул китеп **“Баатырларга Таазим”** коомдук бирикмесинин демилгеси менен жарык көрдү.

**Демөөрчүлөр:**
Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн
Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү;
«Алтын Альянс» жоопкерчилиги чектелген коому;
"Бакубат Талас" фонду.

Басма сөз мейкиндигинде жарыяланган материалдарды пайдаланганыбыз үчүн материалдардын авторлоруна, сүрөттөрүн алган маалымат булактарына, "8 сааттык тынымсыз чабуул" деген китептин авторуна, 6-апрелдеги сүрөттөр үчүн журналист Машакбай Рахманкуловго "Баатырларга Таазим" коомдук бирикмеси терең ыраазычылык билдирет.

Биздин сайт: **april7.com.kg**
e-mail: baatyrlarga.taazim@gmail.com

**Тарыхый документалдуу-көркөм басылма**
Арзыкан Момунтаева

**Редколлегия мүчөлөрү:**
Таштекеева К.К. – редактор
Иманкулов К.К. – кабарчы
Сейдикеримова М.Э. – корректор

Басууга 2020-жылы берилди.
Форматы 70х100 $^{1}/_{16}$.
г. Бишкек, “Оптима Технолоджис” басмаканасы.

5002

# «БААТЫРЛАРГА ТААЗИМ»

# ОН ЖЫЛ

6-7- апрель
2010-жыл

500²



«Баатырларга Таазим» аттуу бул китепте 2010-жылкы 7-апрель Элдик Революциясында курман болгон таластык тогуз азамат тууралуу даректүү маалыматтар, эскерүүлөр, эрдиктери жана өмүр баяны тууралуу фактылар коштогон сүрөттөр берилди.

Коомубузга белгилүү инсандардын ой-пикилери, акындардын ырлары, журналисттердин даректүү маалыматтары, ой-толгоолор, сунуш-пикирлер, автордун ырлары бар.

Арзыкан Момунтаеванын бул сегизинчи китеби. 2010-жылкы 7-апрель Элдик Революциясын чагылдырган документалдуу жыйнак.

Бул китеп 7-апрель Элдик Революциясынын 10 жылдыгына арналат.

9 789967 925533